Скырг
5 72

# КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ

ТАНДАЛГАН
ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ҮЧ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

I



КР
Скырг
Б 72

Камбаралы Бобулов

# ТАНДАЛГАН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ҮЧ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

**Биринчи том**

*Ырлар жана казалдар*

ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ОМСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 471649

Бишкек
«Полиграф-ресурс»
2011

ББК 821.51
УДК 84 Ки 7-4
Б 72

**Бобулов Камбаралы.**

Б 72 Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. Биринчи том. Ырлар жана казалдар. (Түзгөн жана басууга даярдаган Садык Алахан. Баш сөзүн жазган Абдыганы Эркебаев). – Б.: «Полиграф-ресурс», 2011. – 200 б.

ISBN 978-9967-446-15-1

Таанымал окумуштуу, атактуу сынчы, айтылуу акын жана прозачы, белгилүү коомдук ишмер Камбаралы Бобулов көркөм чыгармачылыктын көп түрүндө мээнет этти. Көйкашка талантын туулган күнүнүн 75 жылдыгына карата атпай журтка тартуулап жаткан тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагынын биринчи томуна акындын иргелген ырлары менен казалдары топтоштурулду.

Б 4702300100–11

ББК 821.51
УДК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-446-15-1

© «Полиграф-ресурс», 2011.

# ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Чебер жазуучу, мыкты акын, чынчыл публицист, атактуу адабиятчы жана белгилүү коомдук ишмер Камбаралы Бобулов чыгармачылыктын көп салаасында эмгек этип, бардык багытта эл эсинде кала турган эмгектерди жаратып кетти. Көзү тирүүсүндө төрт ыр китеби, кара сөз түрүндөгү жыйнактары, орус жана кыргыз тилдеринде жазылган адабий сын жана адабияттаануу боюнча бир нече китептери басылып чыккан. Калемгердин көзү өткөнүнө бир топ жыл болуп калса да анын адабий мурасын иргеп, тандап кайрадан атпай журтка жеткирүү иши эми колго алынып олтурат. Бул ирет Камбар акенин (ал кишини баарыбыз зор ызаат менен ушинтип айтчу эмес белек) тандалган чыгармаларынын үч томдугу окурман журтка тартууланууда. Биринчи китепке тээ «Махабат аралынан» тартып эң соңку «Арман китептен» орун алган ырлары, казалдары иргелип алынып жарыяланды. Ал эми экинчи китепке болсо калемгердин жалаң кара сөз түрүндөгү көркөм туундулары топтоштурулду. Алар баарыга белгилүү болгон «Түштүк кызы», «Армандуу биздин балалык» деген повесттери, «Алжир жеринде» аттуу жол очерки жана «Менин айылым» деген эссеси.

Албетте, Камбар аке баарыдан мурда кыргыз адабияттаануу илими менен адабий көркөм сынын профессионалдык жактан жаңы тепкичке көтөрө алган саналуу таланттардын бири. Калың калктын ичиндеги кадыры да дал адабиятчылыгы, сынчылыгы менен көбүрөөк байланыштуу десек болот. Ушундай болгон соң бул үч томдук тандалмалардын көлөм жагынан калыңыраагы да дал ушул адабияттаануу жана адабий сын багытындагы эмгектери топтоштурулган үчүнчү китеп болду. Бул томдукка Камбар акенин боз түлөк кезинде жазылган макалалары менен бир катарда анын бараандуу эмгектери кош катар берилди. Жеке Камбар акенин чыгармачылыгында гана эмес жалпы эле улуттук адабияттаануу илимибизде да зор ийгилик болгон «Пути развития реализма в киргизской прозе» деген монографиясы баштан аяк толук жарыяланды.

Сөз соңунда залкар инсандын көркөм жана илимий мурасын атпай журтка жеткирүүдө чыныгы асылзаттык касиетин көрсөткөн Камбар акенин өмүрлүк жубайы Акация жеңе Жапаровага, нукура бир туугандык сапаттарын айгинелешкен Камбар акенин бир боорлору Акмат аке Бобуловго, Бексултан аке Бакировго, Арпидин Алановго, Кандалат Калпаевага, Болот Амиралиевге жана башкаларга чын жүрөктөн чыккан ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

*Садык Алахан*

# КАЙРАТЫ КҮЧ КАМБАР АКЕ

Көзү тирүү болгондо кыргыздын кыраан уулдарынын бири, чыгаан сынчы, адабиятчы, акын жана жазуучу, коомдук ишмер Камбаралы Бобулов 15-майда 75 жашка чыгып, өзүнө мүнөздүү болгон ак көңүлдүгү, түздүгү менен торколуу тоюн чогуу өткөрүп, арабызда бакылдап, шатыра-шатман күлүп отурмак. Тилекке каршы, тагдыр муну буюрбаптыр. Натыйжада, К.Бобуловду жакындан билгендер, урматтап-сыйлагандар майрамдык мааракесин эмес, эскерүү каадасын өткөрүүгө аргасызбыз.

Сөз жок, Камбаралы Бобуловду кыргыз калкына аттын кашкасындай таасын тааныткан алгачкы тармак – адабият, айрыкча адабий сын болгон. Ал чыгармачылыгын адегенде (студент жылдары) аңгеме жазуудан баштаса да окурман журтуна бат таанытып, атын чыгарганы жалындуу жаштык жигер менен ширетилген курч, кызыктуу, маңыздуу сын макалалары эле. Алар – 1950-жылдардын экинчи жарымында жарыяланган «Сүйүү лирикаларынын туура баланышы зарыл», «Окуучунун каты (А.Токомбаевге ачык кат)», «Поэзиядагы халтуранын жолун бөгөөгө болобу?» деген тырмак алды макалалар. Булардагы башкы сапаттар: адабияттагы жалган менен чынды айырмалоо, идеялуулук менен эстетикалык сезимдин канчалык эриш-аркактыгын ачуу, чыгарманын баасын автордун атына карап эмес, затына жараша бычуу.

К. Бобуловдун ошол кездеги адабий сынга киргизген экинчи бир жаңылыгы – «Оморчулук деген эмне?», «Иманбай жана кээ бир зыяндуу ата салттар» аттуу макалалары кыргыз адабият илиминде жана сынында биринчи жолу Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» жана «Тоо арасында» романдарына социалдык талдоо жасалган жана ушул маанide автор орустун улуу сынчысы Н. Добролюбовдун үлгүсүн биздин улуттук кыртышка киргизүүгө далалат жасаган.

К. Бобуловдун алгачкы сынчылык тажрыйбасындагы жетишкендиктердин дагы бири – Ч. Айтматовду айрым аттуу-баштуу жазуучулар жерип жатканда аны кош колдоп кубаттап, бийик талантын жактап чыкканы. Бул анын адабий зиректигин, көрөгөчтүгүн күбөлөйт.

К. Бобулов кийин да адабият таануу, сын жаатында көп эле эмгек жазды. Алардын баары анын «Адабий-турмуш ойлору» (1965), «Кыргыз прозасында реализмдин өсүш жолдору» (1969), «Адабият жана мезгил» (1973), «Сын жана адабий процесс» (1976), «Фольклор жана адабият» (1980) аттуу китептерине кирген. Бул эмгектерде кыргыз адабиятынын тарыхы менен кийинки абалынын ар түрдүү маселелери, башка улуттук адабияттар менен карым-катнаштары каралган.

К. Бобулов башка элдердин акын-жазуучуларынын чыгармачылыгына да кызыгып, пикирин айткан. Ошентсе да анын эмгектерин кунт коюп окуган адам анда үч сүйүктүү каарман - залкар талант болгонун жаземдебей байкайт. Алар: поэзияда А. Осмонов, прозада Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов. Ушул үч улуу инсандын өмүрүн, чыгармачылыгын изилдөөгө кызыккан адамга К. Бобуловдун эмгектерин кыйгап өтүүгө мүмкүн эмес деп ойлойм. Айрыкча анын «Алыкул Осмоновдун өлкөсү», «Акындын тагдыры жана эрдиги», «Шота Руставели жана Алыкул Осмонов», «Миң сырлуу поэзия» деген макалалар түзүмүн бөлүп көрсөткүм келет. А.Осмоновго карата чоң сүйүү, эмоциялык эргүү, ошол эле ченде илимий дыкаттык менен жазылган бул түзүм эң көрүнүктүү акыныбыздын өмүрүн, поэтикалык мурасын дагы да терең аңдап-билүүгө жардам берет. Анан калса К. Бобулов жаш чагында жайраган акыныбыздын китептерин Москвада жана Тбилисиде чыгаруу боюнча да көп иш жасаганын чоң ыраазычылык менен белгилөө кажет.

К. Бобулов адабиятчы, сынчы катары бир эле Кыргызстанда эмес, кезинде Союзга белгилүү болгон. Ал 1960-жылдан СССР Жазуучулар Союзунун алдындагы сын боюнча Кеңештин, 1971-жылдан адабий сынчылардын эл аралык бирикмесинин (МАЛК) мүчөсү катары сынчылардын бүткүл союздук жана эл аралык жыйындарына катышып, талкууланган маселелер боюнча өз пикирлерин ортого салып турган. Макалалары, Москванын жана башка республикалардын газета-журналдарына жарыяланган эмгектери Союзга таанымал сынчылардын мактоосуна арзыган. Бул жагынан ал кезегинде кыргыз кесиптештеринин алдыңкы сабында болгонун адилеттик үчүн моюнга алып кетүүбүз парз.

Мен жогоруда белгилеп кеткендей, К. Бобулов чыгармачылыгын студент кезинде аңгеме жазуудан баштаган. Анын аңгемелери, повесттери 1960-жылдардын башында «Айлуу түндө күйгөн от», «Эркинбек», «Түштүк кызы» деген ат менен өзүнчө китептер шекилинде да чыккан. Айрыкча билимге, жаңылыкка, эркиндикке умтулган кыздын элесин жандуу тарткан акыркы повести окурмандар, адабий чөйрө тарабынан жылуу кабыл алынып, башка тилдерге которулуп, Москвада эки ирет, Душанбе, Ригада басылып чыккан. Убагында анын негизинде «Момун кыз» деген көркөм фильм да тартылган.

К. Бобуловдун чыгармачылыгындагы ары кызык, ары талаш маселелердин бири – поэзиясы. Мындай мамилеге көзү тирүүсүндө жарык көргөн «Махабат аралы» (1969) жана «Акын кыялы» (1985) аттуу ыр жыйнактары жем таштайт. Бул эки китептин мазмундук өзөгү, сезимдер чөйрөсү, ыргагы эки башка: биринчиси үй-бүлөлүк кайгыга, адамдардагы пас сапаттарды ашкерелөөгө арналса, экинчиси, тескерисинче, турмуштун оң, жаркын жактарын, Лалахан аттуу шарттуу асылзаада айымдын сүйкүм элесин даңктоого көбүрөөк көңүл коёт, ушул маанидe чыгыш классиги Хафиз (айтмакчы, К. Бобулов анын поэзиясын кыргызчалатып чыгарган) менен Батыш классиги Петрарканын айтылуу ырларын эске салат. Менин жана «талаштуу» дегеним – айрымдар К. Бобуловдун мындай аракеттерин жактырышкан эмес. А мен болсо поэзия түпкүлүгүндө чыныгы кайгы менен сүйүүдөн жараларын, ал жалган жана жасалма сезимдерден тыш болорун эске алып, ушул өңүттө К. Бобуловдун ыр китептери кыргыз поэзиясында көңүл бөлүүгө арзыган кызык көрүнүш деп эсептейм.

К. Бобуловдун көп кырдуу адабий чыгармачылыгынын маанилүү бир жагын журналисттик, публицисттик иш түзгөн. Ал университеттин филология факультетинин кыргыз бөлүмүн аяктаган соң 1957-1962-жылдары «Ала-Тоо» журналында, 1963-1965-жылдары Ч.Айтматовдон кийин КПСС БКнын саясий органы, СССРдин эң башкы газетасы деп эсептелген «Правдада» кабарчы болуп иштеген, 1966-жылдан 1976-жылга чейин республиканын жаш жеткинчектеринин газетасы «Кыргызстан пионерин» жетектеген. Ушул басылмаларда иштеп жүрүп ал республикабыздагы коомдук-саясий, маданий окуялар тууралуу көптөгөн макалаларды, очерктерди жазган. Дегеле К. Бобулов табиятынан тынч отура албаган, өзү балбан сымал, мүнөзү өткүр, сөзү курч, коомдук турмушка, саясатка кызыкдар адам болчу.

Ушуга байланыштуу мен анын адамдык, коомдук-саясий тагдыры жөнүндө өз байкоомду ортого салгым келет.

Өйдө жакта айтылгандардан көрүнүп тургандай, К. Бобулов табият берген таланты бар, аны илим-билим, талбас эмгек менен такшалткан, жаштайынан таанылып, аты, эмгектери Союзга чейин тараган инсан эле. Ошол себептен ал кезегинде жогорку партноменклатуранын алтын уясы болгон КПСС БКнын алдындагы Коомдук илимдер Академиясында аспирантурада кыргыз жаштарынан алгачкылардан болуп окуп, кандидаттык диссертация жактаган, «Правда» газетасында кабарчы болуп иштеген. Демейде мындай адамдар катардагы кызматта калчу эмес, бери эле дегенде республикалык партиялык же башка чоң жетекчи орундарга көтөрүлүшкөн. Тилекке каршы, К. Бобулов андай шыбагага туш болгон эмес: он жыл



«Кыргызстан пионеринде» редакторлук кызматта, андан кийин автордук укуктардын Бүткүл союздук агенттилигинин кыргыз республикалык бөлүмүнүн начальниги болуп, акыры андан да бошотулуп кызматсыз жүрдү. Мунун негизги себеби: К. Бобулов «аке-жаке, таяке» деп тууганчылыкка, текчиликке, уруучулукка берилбеген, көргөнүн көргөндөй, билгенин билгендей көзгө айткан, түз мүнөз, бетке чабар адам эле. Ушундан улам ал жалаң гана жакшы сөздөрдү, мактоолорду уккусу келген жогорку жактарга жаккан эмес. Ошого карабай Камбар аке ичтен сыздаса да, сыртынан муну кайрат кылып көтөрүп жүрдү.

Кийин кайра куруу заманы башталып, мен илимдер Академиябыздын Тил жана адабият институтунда директор болуп турганымда аны ага илимий кызматкер кылып ишке алдым. 1990-жылы ал туулуп-өскөн Ноокат районунан Кыргыз эл депутаты болуп шайланды. Ошондо азыркы классик жазуучубуз Т. Касымбеков экөөбүз Ноокатка сүрөөнчү болуп барганбыз. Мен 1991-жылы республиканын басма сөз жана маалымат министри болуп иштеп турганымда «Кыргыз тили» коомун уюштурганбыз. Бир жылдан соң вице-премьер-министрлик кызматка өткөнүмө байланыштуу убакыттын тартыштыгынан улам коомдун төрагалыгына К. Бобуловду шайлаганбыз. Бул кишини мурдагы Президент А.Акаев да колдоп, коомго имарат бөлүп бергенбиз, башка да материалдык-моралдык жардам көрсөткөнбүз. Камбар аке коомдун ишин кескин жандандырып, Жогорку Кеңеште кыргыз тили деп тынбай кыйкырып турган. Дегеле К. Бобуловдун кыргыз эли, мамлекети, тили деп жан үрөгөн эмгеги, нукура тилеги так ошол депутат болуп жүргөнүндө калайык калкка айрыкча даана билинди.

Өкүнүчтүү жери - анын мындай аракети өмүрүнүн акыркы, улгайган мезгилине туш келди. Студент кезинде автокырсыктан алган жараты аны дүйнөдөн эрте алып кетти. Эгер убагында үй-бүлөлүк чоң драмага кабылбаганда (бул анын өзүнөн же башкадан болдубу - Кудайдын иши), чыгармачылык, интеллектуалдык дарамети калыс бааланганда тагдыры да башкача болмок беле деп коём. Айла жок, ал буйрук. Бизге калганы - анын жаркын элеси, чыгармачыл мурасы. Мен муну Камбар акени, чыгармачылыгын жакындан таанып-билген адам катары айтып жатам.

Ооба, Камбар акени мен жаштайымдан, студент кезимден бери билип калдым. Ал мени 1973-жылы алгачкы сын макалаларым чыкканда атайын чакыртып: «Ой бала, сен менден өтүп кеттиң го» деп тамашалап, ресторанга алпарып таанышкан. Кийин окуумду бүтөрүмдө философ досу Нуркемел Кулматов менен Суусамырга алпарып, саякаттаткан. 50 жылдыгы болгондо жана кийин да Ноокаттагы тууган-уруктарына тааныштырган. Экөөбүз сынчылардын

Москвада өткөн жыйындарына чогуу барган күндөрүбүз да көп болгон. Акырында биз үй-бүлөлөрүбүз менен катышып келгенибизди да жашыргым келбейт. Ушул жакындыктан улам катуу ооруп жатканын угуп мен Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынында Төрага болуп турганымда үй-бүлөбүз менен барып кабар алдым, кайтыш болгонунда бардык каада-салттарга катышып, адамдык парзыбызды өтөдүк.

Демейде адам көзү өткөндө: «Кандай адам эле?» деп сурашат. Мен жогоруда бул суроого жалпысынан жооп бердим окшойт. Бирок бул жоопко эң маанилүү бир сапат жетпей тургансыйт. Мен аны салыштыруу аркылуу толтургум бар.

Убагында улуу ойчул, акын Гете немистердин жалтанбаган, тайманбаган улуу сынчысы Лессинг жөнүндө минтип жазган: «Лессингдей адам бизге өтө керек, себеби ал өзүнүн кебелбестиги аркылуу улуу. Мынчалык акылдуу жана билимдүү адамдар көп, бирок андай мүнөздү кайдан табабыз!». Ооба, кыргызда да анчалык акылдуу жана билимдүү адамдар көп, бирок Камбар акедей жалтанбас, тайманбас мүнөздү кайдан табабыз! Кайран гана кайраты күч Камбар аке, жаткан жайыңыз бейиши болсун!

***Абдыганы Эркебаев,***
*Кыргыз Республикасынын Улуттук*
*илимдер Академиясынын академиги*

# ЭЛИМ БАР

* * *

Ала-Тоо гөөхар таштанбы,
Ойлосом ысык жаш тамды.
Аймагым бүткүл кучактап,
Жүрөккө кысып жатсамбы?..

Ысык-Көл тунук жаштанбы,
Эстесем мелт-калт жаш тамды.
Толкунун бекем кучактап,
Түбүндө уктап жатсамбы?..

## АТА ЖУРТ

Ата Журт наамы улуу го,
Тарыхы даңктуу, сырдуу го.
Бозоргон чөлдө жатса да,
Сагынчы менен сулуу го.

Ата Журт дайым суулуу го,
Намыстуу биздей уулдуу го.
Көк муз каптап жатса да,
Кубаты менен жылуу го.

* * *

Ала-Тоо мынча бийиксиң,
Асманга жетип тийипсиң.
Кубатың сенин ушунча,
Жылдызды жеңип ийипсиң.

Ысык-Көл мынча тереңсиң,
Акактын өзү белемсиң.
Толкунуң кубат жаныма,
Көл эмес, ыйык энемсиң!

* * *

Басып келем Ата Журттун жолунда,
Жалгыз эмес, замандаштар тобунда.
Чарчоо билбей жарым кылым жол жүрдүм,
Арт жагымда издер калса сонун да!

Басып келем Ата Журттун жолунда,
Башым бийик, жүзүм жарык доорунда!
Элим өлбөс эчен кылым жол жүрсүн,
Уул-кыздары, жаркылдайлы соңунда!

Басып келем Ата Журттун жолунда,
Ал-кубатым бардыгында, жогунда.
Элим дедим, андан кыйшык баспадым,
Ошон үчүн бийик чыгат жообум да!

Ата Журттун сокмо жолу, чоң жолу –
Эр жигитке киндиктешкен бир жолу.
Ошол жолдон адашпастан түз бассаң,
Андан артык бак-таалай жок болжолу.



* * *

Кайда жүрүп, кайсы жерде болбойлу.
Түшкө кирет арча жыттуу тоо койну.

Кайда калып, кандай барктуу болбойлу,
Көз алдында жарк деп турат Көл бою.

Кайда барып, кандай даңктуу болбойлу,
Ата Журттун кашаң аты жорголуу.

Кайда барып, кандай сыйга конбойлу,
Эне сүттөн таттуу болбойт болжолу.

Кайда барып, кандай мүлктүү болбойлу,
Бизди күтөт Ала-Тоонун кең жолу!

Камбаралы, кандай атка конбойлу,
Ата Журттун ар-намысын ойлойлу!

## ЭЛИМ БАР

Мен сенден – элим сенден кантип танам,
Жаманбы-жакшымынбы сенин балаң.
Тилегим, эңсегеним дилимдеги,
Эч качан тийбесе деп сага жалаам.

Мен сенден – элим сенден кантип танам,
Караан түн бороонунда күйүп жанам.
Башкалар тартуу кылсын алтын сарай
Барбаймын! Мага дары сенин абаң!

Мен сендей – элим сенден кантип танам,
Отуңду өзүм алып, өзүм жарам.
Кокустан мен тузуңа шек келтирсем,
Мен эмес, бүт уругум болсун арам!

Мен сенден – элим сенден кантип танам,
Ар кандай азабыңа шыдыр барам.
Кокустан коркок болуп жер каратсам,
Түкүрүп каргыш айтсын жети бабам!

Мен сенден – элим сенден кантип танам,
Дайыма сенин жараң – менин жарам.

Дүйнөсү кереги жок башкалардын,
Адашып Ала-Тоодон кайда барам?

Мен сенден – элим сенден кантип танам,
Бактым бар – баркың менен канат кагам.
Эгерде эне тилим унутулса
Анда мен ырлар жазып эмне кылам?

Элим бар – төбөсүндө көкмөк асман,
Тоолору көк асманга кучак жазган.
Мен бармын – элим барда дайым бармын,
Түйшүгүн түп көтөрүп өңдөн азган!

Элим бар – таалайым бар арылбаган,
Таш бороон, кыш бороондо жарылбаган.
Кыргызстан – чоң Мекендин бир өкүлү,
Тайманбай үнүм чыгат карылдаган.

* * *
Кайда жүрсөм – калкым сенсиң,
Баасы бүткүс наркым сенсиң.
Күн нурундай өмүр берген,
Кыргыз элим – жаркын сенсиң!

Кайрат берген элим сенсиң,
Тоо көтөрткөн белим сенсиң.
Өмүрүмдү куунак кылган,
Жаным сенсиң, демим сенсиң!

Ала-Тоодой аскарымсың,
Көз жетпеген асманымсың!
Чет жерде жүрүп сагынсам
Мелт-калт эткен көз жашымсың!

Ысык-Көлдөй деңиз сенсиң,
Көл дегенге ким ишенсин.
Карасам көңүл калтырайт,
Коөздугуна не жетсин!

Топурагың алтын сенсиң,
Күмүш десе ким ишенсин.
Таалайым бар, ырысым бар,
Кыргыз элим – бактым сенсиң!



* * *
Жаным элим – оюм жетпес сен мөрөйүм,
Жүрөгүмдү жүрөгүңө мен жөлөйүн.
Биз экөөбүз – бир тууганбыз, эмчектешпиз,
Гүлдөй бергин, азабыңды мен көрөйүн!

Гүлдөй бергин, азабыңды мен көрөйүн,
Өзүң үчүн мен төрөлдүм, мен өлөйүн!
Бороон каптап көз ачырбас түндөр келсе
Азап жолго башым байлап, жөө жөнөйүн.

Азап жолго башым байлап жөө жөнөйүн,
Жалтактасам торпок болуп мен мөөрөйүн.
Кан кечилген каргашалуу күндөр келсе
Кылыч тийип, эң биринчи мен өлөйүн.

## ЭНЕ ТИЛ

Эне тил – биздин энебиз,
Козудай күндө эмебиз.
Сүтүнөн ууздай чыйралып,
Эркелеп өсөт денебиз.

Эне тил – биздин атабыз,
Эркелеп күндө жатабыз.
Кайраты менен чыйралып,
Кумарга жыргап батабыз.

Бабалар билген ыйык тил,
Кыргыздар үчүн сыймык тил.
Кылымдар ашкан тилиңди,
Жаныңдай көрүп сүйө бил!

## ТИЛ ДЕП ЖАШАЙТ БОБУЛОВ...

Тил деп жашайт Бобулов,
Эл деп жашайт Бобулов.
Ата журтум - Ала Тоо,
Бел деп жашайт Бобулов.
Доомattары кастардын,
Жел деп жашайт Бобулов
Бүт өмүрүм, тагдырым,
Сел деп жашайт Бобулов.
Депутаттык кайрадан,
Кел деп жашайт Бобулов.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН КАСТАРЫНА

Кыргыздын кыргыздан башка жоосу жок,
Кыргыздын Ала Тоодон башка тоосу жок,
Эл эмеспиз, журт эмеспиз эч качан,
Эне тилдин ар-намысын жоготсок.

Эне тилдин ар намысын жоготсок,
Өсүшүнө биз кыргыздар бут тоссок.
Келечекте укум-тукум кечирбейт,
Каргыш айтып боздоп ыйлап шолоктоп.

Эне тилди соода кылган кыргыздар,
Өз энесин чанган менен барабар.
Кыргыз тили – кыргыздардын дөөлөтү,
Андан артык дагы кандай байлык бар?

Кыргыз тили – ар-намысым, энекем,
Түгөнбөгөн алтын кенчим, берекем.
Чейрек кылым кыргыз тилин кемсинткен,
Турдакунда улуттук сезим бар бекен?

Эне тилим – ырысым да, бактым да,
Хан отурган кереметтүү тактым да.
Түбөлүккө кыргыз кечпейт Бекмамат.
Көз көрүнө кыргыз тилин саттың да!

Кыргыз тили бабалардын батасы,
Өз элимдин көз жашы да, капасы.
Мүрзөсүндө каргап уулун жаткандыр,
Салижандын Жигит деген атасы.

Депутаттар! Эл урматтап шайлаган,
Ар бириңе тизе бүгүп айланам!
Кол бергиле кыргыз тилдин баркы үчүн,
Ак пейилден намыс сактап кайрадан!

Кыргыздын кыргыздан башка жоосу жок,
Кыргыздын Ала Тоодон башка тоосу жок.
Эл эмеспиз, журт эмеспиз туугандар,
Эне тилдин ар-намысын жоготсок!



## ЭЛИМ ДЕСЕМ

Элим десем – үнүм жетет асманга,
Эрким жетет жердин түбүн казганга.
Бакыт берсе кол куушуруп көтөрөм,
Азап берсе чыдай алам азганга.

Элим десем – алсыз кезде күч толот,
Кашаң атым күлүк болот жорголоп.
Журттун, тууган элдин күчү го,
Кайда барсам урмат менен жол тосот.

Элим десем – сыймыктанар жөнүм бар,
Элим менин бардык элге барабар.
Байыртадан өз күнү үчүн күрөшүп,
Кээде жеңип, кээде болгон жарадар.

Элим менин – азап тарткан, жаш төккөн,
Бак-таалайы кээде жанып, көп өчкөн.
Ала-Тоону тирек кылып кайтарып,
Тоо аралап, тоо жакалап эл көчкөн.

Кармаштарда канча жолу кыйраган,
Катын-бала кан жуткүрүп ыйлаган.
Жан карарып көкөй кескен күндөрдө,
Эне тилин туу көтөрүп сыйлаган.

Ар-намыстуу акындары ак таңдай,
Тик айтышкан адилдиктен жалтанбай.
Комуз менен өлгөн жанды ойготкон
Күүлөр кайда? Отурабыз табалбай.

Кимдер билбейт Сайкал Апа, Жаңылды,
(Баатыр кыздар кайдан чыкты, табылды.)
Эркек менен жол талашып тайманбай,
Караңгыда оттой жанып жагылды.

Керемет жан, талбас тулпар Сагынбай,
Күрүлдөсө күчкө толгон Нарындай.
Үч ай бою айтар экен «Манасты»
Көзү жайнап, тили сайрап жаңылбай.

Кыргызымдын кымбат уулу Токтогул –
Сайрап турса таң эртеңки тоо булбул.
Манаптарга тизе бүкпөй жалдырап.
Сибирь жакта таш кен казган шордуу бул.

Өткөн доордо кыйын эчен жан өткөн,
Зарлап ыйлап, муңу жетпей жаш төккөн.
Канча талант аты чыкпай жок болду,
Канат сермеп учалбастан түнөктөн.

Биздин доордо кыргыз элим туу алган,
Эр жетилип чынар болду буралган.
Кыргыз элим Октябрдын эркеси,
Деми менен, күүсү менен куралган!

## БОРБОРУМ, МЕНИН БОРБОРУМ

Борборум түнү көрктүү, күнү сулуу,
Жайында салкын тартып, кышта жылуу.
Шанданып намыс менен эмгектенген,
Эли бар жүзү жарык, ырыскылуу.

Борборум айта берсем кызык жомок,
Жүрөктө не бир сонун сезим козгоп,
Өзүңдөн алыс кетсем сагынамын,
Фрунзем теңдеши жок шаарга окшоп!

Мен үчүн борборумдун теңдеши жок,
Кыялдан учуп чыккан шаарга окшоп,
Эстесем өткөн сенде жаштыгымды,
Жүргөнсүйм, ошол кезди издеп, жоктоп.

Жаш кезде кучагыңда күлүк болдум,
Арбытып аралыгын алыс жолдун.
Окудум, ойноп күлдүм, шапар тептим,
Болбостон бир да күнүм кирсиз, солгун.

Жаш кезде асманында бүркүт болдум,
Күркүрөп көкөлөдүм, учуп-кондум.
Көрктөнүп жылдан-жылга гүлдөп өскөн,
Борборум, сен шаарысың бийик тоонун!



Борборум – борборлордун эң жашысың,
Эркелеп эркин өсүп, күчүң ташсын.
Карасам көктөм кезде көзүм тойбойт:
Кулпуруп сен жашылсың, сен жакшысың.

Борборум, мына бүгүн жүзгө толдуң,
Майрамың шаңдуу болсун, куттуу болсун!
Тынчтыкта, мээрим күндө элиң дуулап,
Башыңа түгөнбөгөн бакыт консун!

Борборум түнү көрктүү, күнү сулуу,
Жайында салкын тартып, кышта жылуу.
Шанданып намыс менен эмгектенген
Элиң бар жүзү жарык, ырыскылуу,

* * *

Жаркын шаарым, айланайын борборум,
Келечекке жол көрсөткөн долбоорум.
Сен турасың көркүң ачып жаркылдап,
Ортосунда аппак чачтуу тоолордун.

Жарык шаарым, айланайын борборум,
Сенде калды изи кетпес жолдорум.
Сүйгөн кезим көчөлөрүң тар болуп,
Кыз жетелеп көркү жакшы сопсонун.

Жаркын шаарым, айланайын борборум,
Сенде өткөрдүм жаштык кездин гүл доорун.
Сырларымды жалгыз өзүң билесиң,
Булбул болуп эчен гүлгө конгонмун...

Жаркын шаарым, айланайын борборум,
Бирге жашап эркин өстү ойлорум.
Ырлар жазып, ырлар таптым өзүңдөн,
Жашырбаймын: жакынымсың сен боорум.

Жаркын шаарым,.айланайын борборум,
Тагдырыма болгонуң жок тоң моюн.
Басканымда көчөлөрүң аралап,
Эсте турат эчен кызык көп оюн.

Жаркын шаарым, айланайын борборум,
Көркүң көрсөм айыккансыйт бүт оорум.

ОМСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
инв. № 471649

Өмүрүмдүн өзүң болдуң бурагы,
Издебеймин сенден башка жер соорун.

Жаркын шаарым, айланайын борборум,
Кантип сенин кумарыңа тоёмун.
Көрк аласың, өзгөрөсүң токтобой,
Күндө жаңы, күндө башка боёгуң.

Жаркын шаарым, айланайын борборум,
Кубатымсың, тирегимсиң, колдоорум.
Ойноп-күлүп, эркин өсүп жашайлы,
Кучагыңда талыбаган жоргомун.

## ОШ ШААРЫН ЭСКЕРҮҮ

Окуп өстүм Ош шаарынын койнунда,
Күкүктөнгөн Ак-Бууранын боюнда.
Курсак тойбос ачарчылык доорунда,
Жаңы кийим, жакшы порум жогунда.

Көпкө умтулдум Ош шаарынын койнунда,
Көз кайкыган Сулайман тоо боорунда.
Ошол кездер эстен чыгып кетелек,
Ач болсоң да балалык кез сонун да!

Көз алдымда кыйын кездин Ош шаары,
Жүдөп бүткөн жокчулуктан журт баары.
Апам байкуш сактап берген сары май
Болор эле жүрөгүмө күп дары!

Темир жолдо көмүр ташып, иш бүтүп,
Таң агарбай кезек күтүп, нан күтүп,
Ач болсок да абийир менен жүргөнбүз,
Бала кезде жардылыкка биз түтүп.

Биз жүргөнбүз көчөлөрдү дүргүтүп,
Жол талашып, бой тирешип, үркүтүп.
Караңгыда кинолорго кетчүбүз
Шымдар жыртык, а карабай кыз күтүп.

Кыз жетелеп Ак-Бууранын боюнда,
Атырылгам асыл максат оюм да!
Жүргөн кездер кантип чыксын көңүлдөн,
Бүт берилип бала кыял ооруга.



Орус тилин Ош шаарында үйрөндүм,
Пушкин, Горький жакын болуп күүлөндүм.
Китепкана күндө болуп өз үйүм,
Кызык дүйнө койнун ачып сүрдөдүм!

Курбу күтүп, кулдук уруп баш ийдим,
Арасында эң жакыны Патийдин.
Кимдир бирөө кол көтөрсө досума,
Кыргыектей атырылып бир тийдим!

Ырлар жаздым курбулардан жашырын,
Ызаландым жарык көрбөй көп ырым.
Уйкаштырып көз көрбөгөн турмушту,
Түйшүк тарткам түшүнбөстөн ыр сырын.

Канча отурдум Ак-Бууранын жээгинде,
Күн кызарып, күндүн батар кезинде.
Ошол чакта кыял менен уччумун
Бороон болуп, бороон түшүп сезимге!

Канча отурдум Сулайман тоо башында,
Таң агарып, күндүн чыгар маалында.
Учкул тилек такыр батпай койнума,
Күйөр элем күкүм болуп жалында.

Ойлоор элем канат байлап кетсем деп,
Эңсеп жүргөн тилегиме жетсем деп.
Алыс-алыс сапарларда жүрчүмүн
Албуут ойлор акылымды жетелеп!

Көңүлүмдө канча тилек ойлогом,
Көпкө умтулуп, өз максатка тойбогом.
Эсен болсом, тирүү болсом акыры
Жетемин деп далай нерсе болжогом.

Бала кезде Ош шаарында чыңалдым,
Ак-Бууранын шаңы менен күч алдым.
Окуу, эмгек кайрат берип, шык берип,
Турмушумда азбы-көппү учалдым.

Ошол себеп көп эстеймин Ош шаарын,
Эски көчөң, жаңы көчөң бүт баарын.
Көз алдымда баары жайнап тургансыйт,
Жүзүмдөрүң, асыл пахтаң, гүл багың.

Эсенсиңби, байыркы шаар – Ош шаарым.
Сүйгөм сени сүйгөнүңдөй жаш жарын.
Салам айтып башын ийип отурат,
Абаң жуткан, тузуң тарткан Камбарың.

Келген сайын дайым сага кайрылам,
Аралаймын көчөлөрүң жаңырган.
Көркүң сонун – тоону тиреп кетипсиң,
Чоочун жандай батынбаймын, айбыгам.

Кезегинде кучагыңда ойногом,
Кыялданып Ак-Бууранын бойлогом.
Онду бүтүп Фрунзеге жетсем деп,
Уйкум качып таттуу тилек ойлогом.

Дайым келем Ак-Бууранын боюна,
Кайра чыгам Сулайман тоо бооруна.
Мени жаштар өгөйлөшүп карашса,
Түрү суук өрдөк болом коруна.

Эрдим тиштеп өткөн кезге кусамын,
Балалык кез кайтпасына ызамын.
Тобум издейм, түк көрүнбөйт асмандан,
Аппак куудай анан кантип сызамын?..

Кайдан билсин ушул жаштар өзүмдү,
Кордогондой аңкоо карайт жүзүмдү.
Жанып, кейип, тоо үстүндө отуруп,
Айттым сага жүрөк эзген сөзүмдү!

Окуп өстүм Ош шаарынын койнунда,
Күкүктөгөн Ак-Бууранын боюнда.
Курсак тойбос ачарчылык доорунда,
Жаңы кийим, жаңы порум жогунда.

## АК-БУУРА

Күүлөнүп акса Ак-Буура
Күкүктөнгөн суу тура,
Төөдөй бийик таштарды
Кулатып ойноп кутура.

Арданып акса Ак-Буура
Ай-күндү жапкан буу тура.



Таңданып карап көргүлө,
Акындар көңүл толтура.

Ак-Буура акса тутула,
Арыстан сымак умтула.
Үстүнөн учпай жалтанып,
Ак шумкар кетет бурула!

## ТУУГАН ЖЕРИМЕ

Мен жетип тууган жериме,
Көкүрөк тостум желине.
Эркелеп көңүл жалындайт,
Жүрөккө жакын демине.

Кырколдон салкын жел жортуп,
Таң эртең менен ойготуп,
Айлымда жүрдүм эчен күн,
Көңүлдө ырлар толготуп.

Тоосуна чыгып Ноокаттын,
Кучагым жайып сулк жаттым.
Лалахан түшүп эсиме,
Уктабай ойлоп муң каттым.

Көркүнө Кыргыз-Атанын,
Суктанып тойбой жатамын.
Маңдайдан сонун көрүнөт,
Алтындай кызыл Жатаным.

Суу жоктур тунук Абшырдай,
Туйласа күчү - жакшы ырдай,
Кубаты анын шунчалык,
Мас кылат арак сундурбай.

Суусунун жутуп Абшырдын,
Көңүлүм өсүп жакшырдым.
Башымды ийип жүгүнүп,
Түбөлүк сүйүүм тапшырдым.

Мен жетип тууган жериме,
Көкүрөк тостум желине.
Жалындап жаным умтулат,
Жүрөккө жакын демине.

## ТООЛОРУМ

Караганда көз кайкыган тоолорум,
Ак мөңгүсү алтын сымак жер соорум,
Кайда жүрсөм көңүлүмдө турасың,
Төрөлгөндөн эгиз өскөн бир боорум.

Өркөчтөнгөн өкүмү күч тоолорум,
Өзгөчөсүң – сенден ашык не сонун?
Бабаларым өзүң сактап жан берип,
Талкалаган сай батпаган жоолорун.

Асман менен эрк талашкан тоолорум,
Сенден бийик, сенден таза не сонун?
Аппак карың көздөрүмдүн нурубу,
Ак калпагым сенден алган порумун.

Кыш айында көркүн ачкан эң сонун,
Кымбатымсың касиеттүү тоолорум.
Араласам атчан жүрүп койнуңду.
Атырылат асман тиреп ойлорум.

Жай айында жагалданган эң сонун,
Жаркынымсың жарашыктуу тоолорум.
Бетегеңе бетим тийип уктасам,
Бекемделет пейли таза ойлорум.

Алыс жүрсөм караанынды сагынам,
Кадырыңа, келбетиңе жагынам.
Ыйык көргөн мекенимсиң, жеримсиң,
Бийик койгон, артык койгон баарынан.

## НООКАТЫМ

Түшүмө Ноокат кирет кенен жайык,
Талаасы, ой-кырлары куп ажайып.
Көз ачып, киндик каным тамган жерим,
Дайыма күтүп турат кучак жайып.

Түшүмө Ноокат кирет тоосу бийик,
Чиренген чокулары көккө тийип.
Бүркүттөр тээ бийиктикте шаңшып жүрсө,
Кум-Белде эркин оттойт кулжа-кийик.



Түшүмө Ноокат кирет агын суулуу,
Күрпүлдөп дайралары эң бир улуу.
Суусунан, абасынан болуу керек,
Байыртан келин менен кызы сулуу.

Түшүмө Ноокат кирет атам жүргөн,
Жашынан жетим калып кордук көргөн.
Кызылдын кыр жагында турган чыгар,
Жер менен кучакташып боппоз мүрзөң!

Түшүмө Ноокат кирет апам баскан,
Түйшүктө балдарым деп өңдөн азган.
Кулундай эркелетип тосуп алчу,
Алыстан азып-тозуп өзүм барсам.

Түшүмө Ноокат кирет кыйын кезең,
Согуштан эл жабыркап жүдөп кеткен.
Адырдын кырларында машак терем,
Алкымдап ачарчылык кекиртектен.

Түшүмө Ноокат кирет жайнап жаткан,
Багында булбулдары сайрап жаткан.
Эң назик ыр угулат кулагыма, Ой, тообо,
Лалаханбы ырдап жаткан?

Түшүмө Ноокат кирет гүлдөп жаткан,
Алмабак, өрүкзары гүлдөп жаткан.
Укмуштай аван чыгат арасынан,
Лалахан өзү эмеспи, үндөп жаткан?

Түшүмө Ноокат кирет көзүм жумсам,
Жомоктой асыл жерим-миң сагынсам.
Өзүңдөн учкан бойдон кайрылбадым,
Келемин кээ бир кезде мен сагынсам.

## АРМАНЫМ ЖОК

Көл экенсиң ыйык көздөй, Сары-Челек,
Сейрек болот табигатта сендей белек.
Башым ийип багынамын коздугуңа,
Көргүм келип жүргөн элем эңсеп тилеп.

Тоо боорунда эркелейсиң, чайкаласың,
Күлмүң этип күн нурунда жайкаласың.

Бир карасам толкундайсың, күч аласың,
Бир карасам ашкан сулуу кыз баласың.

Бир карасам жаш сулуудай жаркырайсың,
Жан жыргаткан жароокерсиң, жарык айсың.
Бир карасам кыял күтүп, өзгөрүлүп,
Сынагандай кылыктанып суз карайсың.

Сырың терең, затың асыл – тунук суусуң,
Чөмүлдүргөн Ала-Тоонун аппак куусун.
Сары-Челек, ушунчалык таза экенсиң,
Лалаханым өзү келип бетин жуусун!

Кереги эмне аны болжоп, муну болжоп,
Экинчи ирет көрөмбү деп ойлор козгоп.
Коштошордо айта турган чындык сөзүм,
Эңсеп жүрүп өзүң көрдүм, арманым жок!

## ШАРКЫРАТМА

*Абдималикке*

Тоо боорунан агып жатса шаркыратма,
Өмүрүңдүн көркү тура жаркыратма.
Бала чакты эске салып отуралы,
Абдималик, ишим бар деп көп чамынба.

Күрүлдөсүн, соолубасын шаркыратма,
Көркү болуп Ноокатымдын Кыргыз-Ата.
Сейрек келем туулган жерге, уруксат бер,
Чарчап келдим. Эс алайын бир түн жата.

Түштөр көрсөм: түштөрүмдө Кыргыз-Ата,
Көз кубанткан кыпкызыл гүл, чексиз талаа.
Жол талашкан сен да бала, мен да бала,
Күлүк минип жарышабыз камчылана.

Баратабыз ат жулкунтуп камчыланып,
Алтын-Казык, Алтын-Бешик багыт алып,
Ошол кездер бир кайрылып азыр келсе,
Суусун жуткан Кара-Койдон жата калып!

Кайра келбейт балалык кез жалынсак да,
Күлүк минип жел кубалап чамынсак да.



Шаша бербе, сыр чечишип отуралы,
Ага берсин, гүрүлдөсүн шаркыратма.

Ага берсин, эч тынбасын шаркыратма,
Гүлдөй берсин жер сулуусу Кыргыз-Ата.
Абдималик, тамекиңди сугарайын,
Шашпай тургун: эсен-аман таңым атса!

* * *

Күрпүлдөгөн, шарпылдаган Ак-Буурам,
Бүгүн келип, көпүрөндө мен турам.

Келген сайын отурамын жээгиңде,
Кыялданам, кыял учуп ой курам.

...Бала кезден жээгиң бойлоп ойнодум,
Чыбык минип, чырпылдаган бир бурам.

Согуш келди. Эл азабы башталды,
Баркы чыгып асыл нандын бир туурам.

Ошол күндөр кантип чыксын эсимден,
Ар бир үйдөн жүрөк эзген ый угам.

Кыштар узун... үйлөр муздак, үшүдүк,
Отун алдым аралыңдан көп курам.

Согуш бүттү, бирок курсак тойбоду,
Жайнабады дасторконум – супурам.

Жылдар өттү... Тынчтык мезгил күрүлдөп,
Ар бир үйдө күндө жабат тандыр нан.

Ак-Бууранын кубатынан жанданды,
Ачка жүргөн, алсыз жүргөн канча жан.

Күрпүлдөсөң, шарпылдасаң Ак-Буурам,
Кубатыңдан гүлдөп чыкты ак пахтам.

Күрпүлдөсөң, шарпылдасаң Ак-Буурам,
Көбүгүңдөн өсүп чыкты асыл дан.

Күрпүлдөсөң, шарпылдасаң, Ак-Буурам,
Мол жайнады коон, дарбыз, бадыраң.

Камбаралы башын ийип суранат,
Ырлар берчи өзүң сымак шаңшыган!

* * *

Кайда жүрсөм казак калкым катарлашым,
Жакшылыкта-жамандыкта акылдашым.
Качан келсем: күндүз келсем, түнү келсем,
Кубанычта күлүп жайнайт кабак-кашың.

Кайда жүрсөм – казак калкым сапардашым,
Ой санаамды жазбай билген бир сырдашым.
Кыйын кезек күндөр келсе тагдырыма,
Эң биринчи сага берем сөздүн башын.

Кайда жүрсөм – казак калкым канатташым,
Тарыхта да, бүгүн дагы санаатташым,
Салам айтып, кут үйүмө келип калсаң,
Сага сунам табактагы койдун башын.

Кайда жүрсөм казак калкым кабардашым,
Тар ашууда, түз талаада тагдырлашым.
Мухтар, Сабит уулдарыңдан айрылганда
Кыргыз калкы шорголоткон көздүн жашын.

Кайда жүрсөм – казак калкым ызаатташым,
Бир тилекке колун сунган кызматташым.
Өткөн жылы Ала-Тоодой эгин алдың,
Уулуу достук бириктирип элдин башын!

## УШУЛ ҮЙДӨ

Киндик каным тамган үйүм – кымбат үйүм,
Көңүлүмдө өчпөй күйгөн айым-күнүм.
Астанаңды аттай албай калтыраймын,
Жүрөгүмдү тең жарчудай чексиз сүйүүм.

...Ушул үйдө көз жаш төктүм, жол карадым,
Жанын тилеп кан кечишкен агалардын.
Апта өтүп, айлар өтүп кат келбесе,
Апам менен оо кудайлап жалдырадым.



Ушул үйдө ток да болдум, ач да калдым,
Апакемдин канатында кубат алдым.
Ачарчылык – азап жылдар мүңкүрөтүп,
Даамын билдим асыл дандын, кара нандын.

Ушул үйдө көз ачылып, тамга билдим,
Кураштырып тамгаларды айга миндим.
Пушкин менен, Толстой менен сырдаш болуп,
Баркын билдим сөз өнөрү – кызыл тилдин.

Ушул үйдө орок ордум, машак тердим,
Эмгектендим баркын билип асыл тердин.
Эптеп-септеп уйкаштырып ырлар жазып,
Үмүт менен газетага кат жибердим.

Ушул үйдө бирде ыйладым, бирде күлдүм,
Ынак болуп сан китепке түйшүк үйдүм.
Уйкум качып, жолдош кылып ой-санааны,
Курч кыялга жетеленип учуп жүрдүм.

Ушул үйдө эр жетилдим, күчкө толдум,
Ошол кызга кат жиберип, ашык болдум.
Сүйүү эмес, кагуу алып капысынан,
Өлгүм келди, көрүнбөстөн иттей жолбун.

Ушул үйдө түштөр көргөм жакшы-жаман,
Балалыгым артта калып, өскөн санаам.
Өткөндөрдү бириндетип элестетсем,
Көз алдыма тартылгансыйт не бир заман!

Ушул үйдө апакемдин үндөрү бар,
Атакемдин эстен кеткис күндөрү бар.
Ошон үчүн келген сайын толкунданып,
Астанасын аттай албай турат Камбар.

Ойлой берип, акыл жетпей таң каламын,
Кыялымда чуркап жүргөн боз баламын.
Бала кезге колум жетпей үшкүрөм да,
Бала кезден түгөнбөгөн күч аламын!

## РЕКВИЕМ

*Эки сезим эр жигитти ыйлатып,*
*Өмүр бою шыктандырат түйлатып.*
*Туулган жерди ыйык көрүү – багынып,*
*Арбактарды ыйык көрүү – жагынып.*
*Бул касиет – өчпөс нурдай кулазык.*

А. Пушкин

### 1

Сен кайда жүрдүң экен бетпак өлүм,
Кай жерден күттүң экен менин гөрүм?
Жүрөмүн ойноп-күлүп камырабай,
Жашоодон кантип калсын учкул көөнүм?

Жашоодон учкул көңүл кантип калат,
Күн сайын өмүр кызык, өмүр жанат.
Кечээги кер муруттуу кезим кана,
Мынчалык күндөр сызат, күндөр шашат?

Ойлосом үшкүрөмүн күчөп жарат,
Курбулар – биз теңдүүлөр кетип барат.
Ой, тообо, биз кулачу жар жакынбы,
Кайсы күч колун созуп сактап калат?

Алдыда тосуп турган тоолор кайда,
Өткөрбөй бөгөп турган орлор кайда?
Бул өмүр жылтылдаган курт жылдызбы,
Үлпүлдөп өчүп жанган кургак сайда?

### 2

Курбулар, гөрүстөнгө арбын келем,
Түнөрүп араласам муздайт денем.
Бул жерде эмне деген алптар жатат,
Кечээ эле катар баскан биздер менен.

Отурам ойго батып түпсүз терең,
Адамды аябаган ажал белең?
Силерди бир мүнөткө тирилтпесем,
Арбактар, анда неге мында келем?

Карасам катар жатат не тагдырлар,
Ак жүрөк, асыл пейил не баатырлар.
Өлүмдөн артка кайра тирилүү жок,
Топурак торко болсун, тынч жатыңдар.



Барамын ар биринин мүрзөсүнө,
Элестеп кыялдары бир өзүмө.
Урматтап гүл коёмун жаным күйүп
Тагдырдын тардыгына, күлбөсүнө.

### 3

Кенебей уктап жатат баатыр адам,
Саякбай – сансыз жоону жаралаган.
Бабабыз Манас менен үзөңгүлөш,
Кан кечип Чоң Казатты аралаган.

Кабылан, намыскөй жан, чечен Калык,
Жашаган ыры менен журтту жарып,
Ажалга айла барбы, жүзү курсун,
Сен дагы мында белең заман тарып?

Осмонкул ак сакалың жайкап коюп,
Жүрчү эле асыл башын чайкап коюп.
Эми өтпөйт комуз чертип төрүбүзгө,
Урматтап биз чакырсак байтал союп.

Карыям, кызыр өңдүү Кара Молдо,
Күү чертип бирге жүргөн ыйык жолдо.
Түбөлүк элиң сүйөт, жериң сүйөт,
Кеч келип, таазим эттим, капа болбо.

Комузу чертилбестен үн чыгарып,
Күүлөрүн уга берсең – улуу тарых.
Мезгилин Ибрай абам даңктап өттү,
Аксакал, эл алдында жүзүң жарык.

Алымкул үн жаңыртып обон созгон,
Жолуксаң колуң кысып сөз козгогон.
Сыпайы, салтты билген адам эле,
Ал эми күүлөр чертпейт миң боздосоң.

Эгиздей Атай, Муса бирге жүргөн,
Ээрчишип комуз чертип эл күлдүргөн.
Кайрандар жаш кезинде кыйран болуп,
Өксүттү өз элини чындап сүйгөн.

Кыягың Сейит аке жанды козгойт,
Күчүнөн жүрөк ыйлап, жүрөк боздойт.

Эмне үчүн эстелик жок сен жатасың,
Белгисиз көчөдөгү жетимге окшоп?

Тармал чач – шаңдуу бүркүт Жоомарт бекен,
Ойлосом жаным кейип, күйүп кетем.
Ажалга наалат айтам, каргыш айтам,
Сендейди кырчынында мойсоп кеткен.

Бул жерде Жусуп абам мүрзөсү жок,
Согушта каза тапкан элин коргоп.
Кай жерде жаттың экен асыл акын,
Изиң кууп издебедик сени жоктоп.

Бул жерде Мукайдын да мүрзөсү жок,
Өмүрүн курман кылган душман тороп.
Талаада, бейитиң жок жаткандырсың,
Үстүңөн жайы-кышы шамал боздоп,

Баарынан мага кымбат бир мүрзө бар,
Көргөндө көөнүм кара, өмүрүм тар.
Алыкул – кыргызымдын ардак уулу,
Кош айтыш кайтпас жолго кеткен сапар.

Ыры сонун, жолу сонун бул акындын,
Көрбөдүм тирүүсүндө – жакынымын.
Ар дайым арман кылып, өксүп кетем,
Өкүнүп тардыгына тагдырыңдын!

Ким билбейт кайран талант Узакбайды,
Өмүрү, баскан жолу чылкый кайгы.
Абакем кан майдандан эсен кайтып,
Эмне үчүн бейпил кезде бутуң тайды?

Эл билет жолборс уулун Ахунбайдын,
Улукман канча жанды сактап калдың.
Түшүнбөйм, бир өзүңө күчүң жетпей,
Кокустан кош айтышып арман салдың...

Сыр бербей биздин агай Болот жатат,
Мындай жан өткөнүнө жаның батат.
Баарына калыс адам, тегиз адам,
Өмүрүң кыска болду атаганат!



Кыялы жибек мүнөз, тили ширин,
Эч качан сактабаган ичте кирин.
Касыкем* кыздай назик адам эле,
Бейчеки оорутпаган адам дилин.

Адышев – сүйгүнчүгү Ала-Тоонун,
Кыялы дал өзүндөй жибек боонун.
Эмне үчүн капилеттен тууруң үздүң,
Жарк этип ачылганда өмүр сонун?

Ак пейил, ачык мүнөз Касымалы,
Таланты күрүлдөгөн, бийик шаңы.
Кыдырып эл аралайт «Каныбеги»,
Журт тосот кучак жайып, сүйүп баары.

Өткүр уул, кайраты бар Кубанычбек,
Сиз ага, мен иниңмин баары билет.
Топурак өзүңүзгө салалбадым,
Оору элем, көңүлүмдө жакшы тилек.

Көрбөдүм жамал жүзүн Нуркамалдын,
Айтышат жан болчу деп билген баркын.
Кыргыздын эң биринчи акын кызын
Шум ажал бооруң ачып аябады?.

Сахнада күркүрөгөн өчпөс караан,
Муратбек миң кубулуп жаркыраган.
Отелло уктап жатат, тынч өткүлө,
Ызалуу кол салбасын капысынан.

Жарк этип күн уялткан Бүбүсара,
Элимдин эрке кызы – тунук дайра.
Эстейбиз, эскеребиз арман кылып.
Сендей жан келет дагы качан кайра?..

Ким билбейт назик үнүн Абдыластын,
Көңүлүн жаздай кылган кары-жаштын.
Сен элең Ала-Тоонун көрк булбулу,
Тыңшасам унчукпайсың, үнүн бастың...

* Касымалы Баялинов.

Илим деп ийне менен кудук казган,
Тарыхын Ата Журттун талбай жазган.
Аябай академик Жамгырчы уулун,
Шум ажал жулуп кетти арабыздан.

Көргөндү тамшандырган Таттыбүбү,
Бар эле кирпигинде сулуу сүрү.
Биз сени сактай албай, ажырадык,
Талантың ачылганда – тоонун гүлү!

Элимдин Мидин эле чын эркеси,
Жаркылдап көңүл ачкан берекеси.
Ажалдын, аябаган сендей уулду,
Курусун, бүгүнкүсү, эртеңкиси!

Күлдүрсө жаш агызып, жан эриткен,
Томсорсо журт томсоруп жан кейиткен.
Райкандын үну чыкпайт гөрүстөндө,
Аралап канча жүрсөм, боз бейиттен.

4

Ойнойлу, бул дүйнөдө көңүл ачып,
Күн дайым күлүп турсун нурун чачып.
Унутпай бабалардын гөрүстөнүн,
Жүрөлү көз жаш төгүп, болуп жашык.

Күлөлү, бул турмушта көңүл жазып,
Жаркылдап, бирде толуп, бирде азып.
Ар дайым биз эстейли арбактарды,
Аларда барбы күнөө, барбы жазык?..

Сыйлайлы урматтарын арбактардын,
Биз билип баскан жолун, атактарын,
Өлгөн жан дайым болсун кечиримдүү,
Эскербей анча-мынча терс жактарын.

## АТА МУРАС

Карылар сылап коюп сакалдарын,
Сүйлөшөт бабалардын макалдарын.
Жарк эткен учкул сөздүн саптарынан,
Угамын кылымдардын акылдарын.



Акылдар макалдарда уюп жатат,
Жүрөгүм азыр гана туюп жатат.
Шекспирлер өтсө керек сүйлөп-сүйлөп,
Илгери кат тааныбай, атаганат!

Ойлосом ушуларды жашым төгөм,
Кайгырып капаланып төөдөй чөгөм.
Элимдин эгер болсо Пушкиндери,
Мактанып тийбейт беле көккө төбөм!

Кантсе да ата-бабам кур жатпаптыр,
«Манастай» теңдеши жок ыр саптаптыр.
Чабуулда, кармашууда күн өткөрүп,
Биздерге ата мурас сыр сактаптыр.

Карылар сылап коюп сакалдарын,
Сүйлөшөт бабалардын макалдарын.
Жарк эткен учкул сөздүн саптарынан,
Угамын кылымдардын акылдарын.

# КӨЛ ТОЛКУНДАРЫ

* * *

Ысык-Көл аша сонун да,
Асманда булут жогунда.
Мелтиреп жатат супсулуу,
Ай менен күндүн кызындай,
Ала-Тоо бабам койнунда.

Ысык-Көл аша сонун да,
Күрпүлдөп жатса толкунда.
Асманга карап атылат,
Ааламдын кыраан уулундай,
Ала-Тоо бабам боорунда.



* * *

Ысык-Көл көркүң бар сулуу аялдай,
Жалдырап жээгиңде турам жылалбай.
Багындым, баатыр элем жүгүнүп,
Артыкбаш, бейчеки кадам кылалбай.

Ысык-Көл сүрүң бар сулуу аялдай,
Жалтанам жаныңа жакын баралбай.
Толкусаң, күрпүлдөсөң аптыгып,
Жалбарам койнуңдан такыр чыгалбай

Ысык-Көл кылыгың сулуу аялдай,
Кыйналдым ички сырың табалбай.
Мас болуп, шарап ичпей койнуңда,
Күүлөнүп учкум келет шамалдай.

Ысык-Көл мүнөзүң сулуу аялдай,
Бир туруп томсоросуң кыялдай,
Бир туруп серпилесиң кыяндай,
Кайрадан күлмүңдөйсүң кыялбай.

Ысык-Көл сулуусуң сулуу аялдай
Суктанамын, сүйөмүн сени аянбай.
Көрбөй калсам куса болуп сагынып,
Ыйлаймын көзүмдүн жашын тыялбай.

* * *

Карасаң Ысык-Көлүм кандай тунук,
Көрүнүп тереңинен аппак булут.
Тагдыр го, ыраазымын миң мертебе
Жүргөнгө кучагыңда чабак уруп.

Тыңшасаң тереңинен ыр угулат,
Комуздай миң өзгөрүп, миң кубулат.
Мөңкүсө чуркагандай миң дулдул ат,
Тынчыса сулуу кыздай уяң карап.

Карачы! Ысык-Көлүм толкуп жатат.
Сурүнөн ак чардактар коркуп жатат.
Болсомчу толкунундай Ысык-Көлдүн,
Армансыз өтөр элем атаганат!

Толкуй бер, Ысык-Көлүм, толкун курап,
(Толкусаң-толкубасаң сага урмат.)
Өзүңдү кылым бою сактап келген
Ыракмат аталарга, миң ыракмат!

* * *
Ысык-Көл толкуганда тоодой болуп,
Күрүлдөйт туш качырган жоодой болуп.
Үстүндө ак чардактар учуп-конуп,
Шордуулар алдасташат жанын коруп.
Айбаты ушунчалык коркунучтуу,
Ойлойсуң кетпегей деп тирүү соруп.

Мейличи кетсең дагы тирүү соруп,
Жатайын как түбүндө ак таш болуп,
Ойносун ак чардактар учуп-конуп,
Перилер ыр ырдашып аппак жоолук,
Үстүмдөн толкундарың өтө берсин,
Ысык-Көл, күү аралап, ырга толуп!

* * *
Ысык-Көл сага багындым,
Алыста жүрсөм сагындым,
Ак балык болуп сүзсөм да,
Кумары бүтпөйт таңыңдын!

Ысык-Көл сага багындым,
Кучактап жатып жагындым.
Түбүндө жатсам мейличи
Үзүмү болуп балырдын.

## ЫСЫК-КӨЛДҮН ТОЛКУНУНДА

*Жунай Мавляновго*

Ойноп-күлдүм Ысык-Көлдүн толкунунда,
Тартынбастан чабак уруп туу кырында.
Оюң таза, көңүл таза, сезим таза,
Бакыт барбы мындан артык чындыгында.

Ойноп-күлдүм Ысык-Көлдүн толкунунда,
Жүрөк үчүн, өмүр үчүн сопсонун да.
Көзүм салсам бүт айланам көрүнгөнсүйт,
Сүзгөнүмдө шарпылдактын чокусунда.



Кээ бир кезде толкундары көмүп калат,
Өркөчтөнүп өйдө салат, төмөн салат.
Моюн сунбай алп урушуп кармашамын,
Шашканымда тайып алым, жан соогалап.

Толкун күчтүү – толкундары аяп койбойт,
Туш тараптан кол салышып, боздоп ойнойт.
Албууттанып көк асманга көтөрүлсө,
Коркок жандар корголошуп жанын коргойт.

Адам эмес, асмандагы ак чардактар,
Конушалбай жалтакташат, заманы тар.
Боюм урсам ошол кезде түпкүрүнө,
Угулат күү кулагымда миң бир катар.

Ысык-Көлдүн жалын кармап минип жүрдүм,
Жазында да, жайында да доорун сүрдүм,
Канча жыл катар-катар келсем дагы,
Кумарына түк канбадым түгөнгүрдүн!

Ойноп-күлдүм Ысык-Көлдүн толкунунда,
Тартынбастан чабак уруп туу кырында.
Оюң таза, көңүл таза, сезим таза,
Бакыт барбы мындан артык чындыгында!

## ЫСЫК-КӨЛҮМ ЖАН ЭРИТЕТ МЭЭРИМИҢ

Ысык-Көлүм, жан эриткен мээримиң бар,
Чыйраламын болсо дагы көңүлүм тар.
Жүрөк эзген жабыркоодон кутуламын
Келген сайын канат байлап ар бир сапар.

Ысык-Көлүм, толкунуң бар шарпылдаган,
Атаандашып ай-күн менен жаркылдаган
Күрпүлдөйсүң көк асманды багынтчудай,
Күчүң барбы күйүп-жанып тынч турбаган?

Ысык-Көлүм, бейпилиң бар жымылдаган,
Жаш сулуудай кылаң этип кылтылдаган.
Жүрөгүмө жалын кошуп толкутасың,
Түбөлүккө сүйүп калдым, эмне кылам?

Ысык-Көлүм, бүт дартыма дары болдуң
Өмүрүмдүн шаңы болдуң, шары болдуң.
Түпкүрүндө түрмөктөлүп жыйналганбы,
Мүмүясы Ата Журтум – Ала-Тоонун?

## ЖЕТИП КЕЛИП...

Жетип келип Ысык-Көлдүн жээгине,
Жаным тостум эң жагымдуу желине.
Айыктырган эчен түрдүү сыркоодон,
Ысык-Көлүм Улукман эмей, эмине?

Жетип келип Ысык-Көлдүн боюна,
Шарын кыссам, кумун кыссам боорума.
Жигит болуп чыйраламын күчүнөн,
Даба табып айыкпаган оорума.

## АК КУУ КӨРДҮМ

Ак куу көрдүм, колум барып атпадым,
Канаттары ыраңындай пахтанын.
Ойноп жүрдү көл үстүндө чалкалап,
Түк байкабай адам аңдып жатканын.

Ак куу экен канаттары жибектей,
Көркү сонун кыялдагы тилектей.
Кандай зулум кол көтөрөт мындайга,
Бүткүл тулку, аң-сезими дүр этпей.

Дем чыгарбай карап турдум апкаарып
Табигаттын эркесинен жалтанып.
Кээде чүмүп, кээде башын чыгарып,
Ойноп жүрдү көлдүн ичин аңтарып.

* * *

Биз экөөбүз сүзүп жүрдүк кучак жайып,
Көл да сонун, сен да сонун бир ажайып.
Суу ичинде кыйын экен кучакташуу,
Арман айтып өксүй бердим жан кашайып.

Лалаханым, чабак уруп көлдө ойнодуң,
Азабымды мен шордуунун ойлободуң.
Көз алдыңда Ысык-Көлгө чөккүм келди
Көрүп сенин тоготпостон «кордогонуң...»



* * *

Балыгысың Ысык-Көлдүн узун куйрук,
Кылтагыма түк түшпөйсүң шорум куруп.
Сүзүп жүрсөң – толкуп жүрөк көл удургуп,
Сүзбөй койсоң – жым-жым этет көл уюлгуп.
Үмүт менен элдин баары кылтак салат,
Аппак балык жаралгансың кимге буйуруп?

Кептерисиң Ысык-Көлдүн канат каккан,
Канатыңа суктанамын болуп аң-таң.
Канат серпип көл үстүндө ойноп жүрсөң,
Жүрөгүмдү суурул алып сага чапкам.
Ой тобоо деп көл жээгинде күбүрөдүм:
«Асыл затты кандай укмуш эне тапкан!»

Чүрөгүсүң Ысык-Көлдүн ак перидей.
Суктанамын жалгыз сага көңүл дегдей.
Канат серпип күн батарда жарк дей түшсөң,
Үшкүрөмүн көл жээгинде сага жетпей.
Өмүр өттү, чач агарды, ак чүрөгүм,
Койсоң боло бооруң ачып, мени эстей.

Ак чардагым – Ысык-Көлдүн жылтылдаган,
Көлдө сүзүп, көлдө учуп тынч турбаган.
Чабак уруп бир өзүңө жетеримде,
Асманымда күн күркүрөп, бороон урган.
Ошол замат карааныңы таппай калып,
Көздөрүмдөн кан аралаш жаш чубурган.

Аппак куусуң – Ысык-Көлдүн жеңил канат,
Огум тийбейт канча атсам да мен шыкаалап.
Көлдө сүзсөң – көрк ачылып чоң салтанат,
Көктө учсаң – көңүл толкуп кумар канат.
Акыр бир күн канатыңды ок жаралап,
Аппак куум, кор болорсуң атаганат.

## ЫСЫК-КӨЛДӨН КАТ

Сагындыңбы – сагынарым, чүрөгүм,
Көл жээгинде сени эстеп жүрөмүн.
Катың окуп көз жаш төккөн, ыйлаган,
Өңдөн азып, санаа тартып жүдөдүм.

Сагындыңбы, сагынарым, сүйгөнүм,
Сен сагынсаң мен жалындап күйөмүн.
Эң акыркы кездешүүнү ойлосом
Өз кабынан суурулчудай жүрөгүм.

Сагындыңбы, кулүндөгөн кой көзүм,
Сен сагынсаң куса болом мен өзүм.
Жалгыз бассам кулагыма угулат
Ширин сөзүң, эрке сөзүң, бал сөзүң.

Сагынышсак кумар бир күн таралат,
Өбүшкөндө кучак жайып аймалап.
Тилегеним амал күчтүү тагдырдан,
Өчпөс болсо экөөбүздүн махабат!

* * *

Көлдө сүзүп, көл түбүнө көз салсам,
Көрүнөсүң жаркылдаган гөөхар болуп.

Сени илүүгө жаным төшөп чамынсам да,
Колум жетпей кыйналамын арсар болуп.

Мына-мына тилек жетип аларымда,
Жок болосуң капысынан толкун согуп.

Үмүт үзүп, кум үстүндө жатсам солуп,
Көрүнөсүң көл жээгинен аркар болуп.

Атырылып качырамын канат күүлөп,
Асмандагы болот тырмак шумкар болуп.

Алдырбайсың – амалкөйсүң ошончолук,
Теберимде мант бересиң калтар болуп.

Колдо турган таттуу жемден куру калып,
Камбаралы таш чеңгелдейт жер тар болуп.

## ЖЕТЕРИМДЕ ЖЕТКИРБЕЙСИҢ СЕН МАГА

Көлдө сүзүп, көл түбүнө көз салсам,
Көрүнөсүң тунуп жаткан акак болуп.

Көл түбүнө чөгө берем жан аябай,
Бир өзүңдү колум жетип алмак болуп.



Сүзө берем, сүзө берем жетемин деп,
Көздөрүмдөн от учса да чакмак болуп.

Алыс кетип, жакын келип ойнотосуң,
Колдон түшүп, колдон чыгып качмак болуп.

Көрүнөсүң ышкы козгоп, жүрөк козгоп,
Түн жарыткан он бештеги айдай толуп.

Кээ бир кезде сен окшойсуң ак кептерге,
Көл үстүндө ойноп жүргөн учуп-конуп.

Кээ бир кезде, үнчүкпайсың, суз карайсың,
Айтчы жаным, таш боор белең ошончолук?

Же болбосо көздөн учкан закымсыңбы?
Камбаралы кур жүрбөсүн акмак болуп?

## СОҢ-КӨЛ ДЕСЕМ

Соң-Көл десем жомок элес тартылат,
Жолборс, арстан токойлорду аралап.
Дүйнөдөгү жаныбарлар чогулуп,
Күч сынашып, оюн курат, той кылат.

Соң-Көл десем шумдук элес тартылат,
Чоң казатта суу ордуна, кан агат.
Ач көз душман туусун таштап чөгөлөп,
Бабам Манас жеңиш күүсүн жар кылат.

Соң-Көл десем сонун элес тартылат,
Аппак куулар канаттарын каккылап.
Периштелер сүзүп чыгып тереңден,
Таң аткыча оюн-күлкү шат кылат.

Ошол тойдун арасында экөөбүз,
Биз адашып, табышалбай жүрөбүз.
Тагдыр экен түбөлүккө кол үздүк,
Ошон үчүн калп сүйлөйбүз, күлөбүз.

## ЫСЫК-КӨЛДҮ САГЫНУУ

Ысык-Көлүм жаткандырсың айга умтулуп,
Бороон соксо андан бетер сен тутулуп.
Жымжырт болсо, өзүң тунук, асман тунук,
Тоо башында эркин ойноп аппак булут.

Так төбөңдө көз тунарткан бийик асман.
Бийик асман өзүң менен жымыңдашкан.
Караңгы түн жол бошотуп, таң агарып,
Көркүң ачып күн да чыгат Чыгыш жактан.

Жарык күндө жайкаласың мелт-калтылдап,
Жароокерсиң жаш келиндей сен кылтылдап.
Шамалың жок бейпил жатсаң кереметсиң,
Кеч киреrde көз уялтып күн кылкылдап.

Толкундай бер биз кайрадан көрүшкүчөң,
Жаркылдай бер кучакташып өбүшкүчөң.
Эстеп сени борборумда отурамын,
Арылбастыр түк кумарым көрүшпөсөм!

## КОШ, ЫСЫК-КӨЛ!

Кош, Ысык-Көл! Ырыс көлүм, кагылайын,
Кантип сенден тирүү кезде айрылайын,
Капилеттен өжөр тагдыр жулуп кетсе,
Айлам барбы, арман ичте, не кылайын!

Кош, Ысык-Көл! Тагдыр көлүм айланайын.
Көрбөй калсам, куса болуп сагынамын.
Кокус бир күн кол үзүшсөм өзүң менен,
Арманымды кимге айтамын, не кыламын!

Кош, Ысык-Көл, жазда келем, жайда келем,
Келген сайын эркелеймин, күйүп денем,
Көзүм албай, көзүм тойбой отурамын,
Тагдырымда жалгыз сени сүйгөн белем.

Кош, Ысык-Көл! Күздө келем, кышта келем,
Бороон жүрүп, тоо омкоргон тушта келем.
Томсоромун, толкунуңда тойбой кетем,
Ушунчалык бир өзүңө куштар белем!

Кош, Ысык-Көл! Ырыс көлүм, ыйык көлүм,
Кыргызымдын «Манасындай» сыймык көлүм.
Кучак жайып көрүшөмүн өзүң менен,
Алгычакты алкымымдан шумпай өлүм!



# ЭНЕ МЭЭРИМИ

* * *

Апакем, Ала-Тоодой медер элең,
Айлыма өзүң үчүн келер элем.
Жашырбай өтө кылдат сырларымды,
Кайгымды, кубанчымды төгөр элем.

* * *

Мен түшүмдө ажыдаар менен беттештим
Эрме чөлдө өзүм жалгыз баратып,
Оп тартыштым, жалтанбастан тиктештим,
Атаандаштым... Күн кеч кирди, таң атып...

Көз ирмедим... капысынан алдырдым,
Көздөн учуп чагылгандын оттору...
«Апа» дедим, жардам сурап чакырдым,
Жетип келди анын мээрим колдору.

Көзүм ачсам апам турат башымда
Эси чыгып, жанын үрөп кагылып.
Апа деген жакының да, багың да,
Кубангандан жашым кетти агылып.

Бакыт конуп, дөөлөт келип турганда,
Аз эстейбиз алдейлеген апаны.
Азап түшүп, айла кетип курганда
Жанталашып чакырабыз биз аны.

Кези келсе аял чанат кутуруп,
Арт жагыңдан сөз ээрчитип миң наалат.
Эң бир сонун жактарыңды унутуп,
Аянбастан душманыңдай өч алат!

Дос да качат саламдашпай терс карап,
Жатсаң дагы көз тунарып, уу жутуп!
Кээ бирөөсү кытмыр күлүп табалап,
Ооз учунан көңүл айтат кубултуп!
Жалгыз гана бул дүйнөдө чанбаган
Сен урматым, сен кубатым, апажан!

* * *
Апаке, торко болсун топурагың,
Мүрзөңдө жаш баладай буркураймын.
Эң жакын өзүң элең күйөрманым,
Айрылдым, тагдырымды не кылайын!

Апаке, жаткан жериң болсун мамык,
Боздоймун күйүтүмдөн жан карарып.
Мен үчүн мындан кыйын жоготуу жок,
Туугандар, жакын достор, журт калайык!

Апакем, Ала-Тоодой медер элең,
Айлыма өзүң үчүн келер элем.
Жашырбай өтө кылдат сырларымды,
Кайгымды, кубанчымды төгөр элем.

Үй турат, айыл турат – баары толук,
Өзүң жок – мен турамын жетим болуп.
Эч качан угалбаймын сөздөрүңдү,
Эч качан табалбаймын мен өзүңдү!

Апаке, жаткан жериң болсун мамык,
Боздоймун күйүтүмдөн жан карарып.
Мен үчүн мындан кыйын жоготуу жок,
Туугандар, жакын достор, журт калайык!

* * *
Кайгыдамын, кайгым менин океан,
Жер майыштым, мен айрылып апаман.
Апа деген күн экен го балага,
Түбөлүккө нурун төгүп жашаган.

Кайгыдамын: кайгым менин ченемсиз,
Кантип жашайм, кантип күлөм энемсиз.
Эне деген чынар тура кол жеткис,
Эне деген мекен тура чоң деңиз.



Кубанганда кимге барып сыр айтам,
Эми кимге кыйналганда муң айтам.
Айталбаймын, айталбастан суз кайтам,
Бул дүйнөдө мээрбаным жок апам.

* * *
Мүрзөңдө ыйлап жаттым жан апалап,
Боздодум, шолоктодум жер тытмалап.
Кантейин карааныңа куса болуп,
Отурдум жетимсиреп мүрзөң карап.

Отурдум жетимсиреп мүрзөң карап,
Эскерип акылдарың миң бир санат.
Ишенбейм өлгөнүңө азыр деле,
Жарк этип, тирилсеңчи атаганат!

Жарк этип тирилсеңчи атаганат:
Кучактап эркелесем жан апалап.
Кыйналсам, азап түшсө тагдырыма,
Отурсаң кубат берип башым сылап.

Отурсаң кубат берип башым сылап,
Болбосо бала кездей кытыгылап.
Арманым болбос эле өмүрүмдө,
Аймасам мамагыңды жыттагылап.

Аймасам мамагыңды жыттагылап
(Апакем эми кой деп кыстагылап)
Бир минут: бир жаш болуп, беш жаш болуп
Кубанычтан көз алдымда тоолор кулап!

Кубанычтан көз алдымда тоолор кулап,
Мурдумда жыты аңкып жийде бурак!
Кыялым кыйрап болуп, көзүмдү ачсам,
Маңдайда боз топурак мүрзө турат!

* * *
Мен түшүмдө ыйлап-ыйлап соолуктум,
Мен түшүмдө апам сага жолуктум.
Сен жүрөсүң кызыл уйду жетелеп,
Биздин үйдүн чап жагында коруктун.

Апа дедим – кучагыңа сыйбадым,
Апа дедим – жан кейитип ыйладым.

Ыйласам да аяп койбой, алыстан,
Кете бердиң апам мени кыйнадың.

Ыйлай бердим, ыйлай бердим шолоктоп,
(Билбейм качан менин жашым токтолот).
Эй, апажан, тирүү кезде унутпайм,
Менин жашым тирүү кезде көл болот!

* * *
Кызыл тоолор Жатандын,
Кызык тоолор Жатандын.
Ошол тоонун боорунда
Мүрзөсү бар атамдын.

Бийик тоолор Жатандын,
Ыйык тоолор Жатандын.
Ошол тоонун боорунда
Мүрзөсү бар апамдын.

Кызыл тоолор Жатандын,
Жамбашында атамдын,
Топурагың торко бол
Жамбашында апамдын.

* * *
Сен да жетим, мен да жетим тоголок,
Көзүбүздөн жаштар агып шорголоп.
Эне деген кымбат жандан айрылып,
Биз жашайбыз, айла барбы, онтолоп.

Энеси бар – ырысы бар жан экен,
Энең барда караңгы түн таң экен.
Кабыргалар кайышты бейм, жан курбум,
Алды жакта жоготуулар сан бекен?

Кош эне деп сөз айтпадык экөөбүз,
Бизди күттү жол карашып энелер
Жетпей калдык эң акыркы напазга,
Кулак уккан дос-душмандар эмне дээр.

Бул дүйнөдө эмне кымбат апаңдан,
Көз ирмебей таң аткыча көтөргөн.
Азабыңа кыйын кезде тик турган,
Бизди өстүрүп, улуу эмгек өткөргөн.



Боз топурак мекен кылды энелер,
(Ыйык болсун жер алдында денелер).
Өмүр өтүп, биз картайып акыры
Бизге дагы так ушундай күн келер.

Сен да жетим, мен да жетим тоголок,
Башты көтөр, ыйлай бербей шолоктоп.
Эне деген кымбат жандан айрылып,
Биз жашайбыз, айла барбы, онтолоп.

## АПАКЕ, САТЫП КЕЛДИМ ИНДУС ЖООЛУК

Апакем, карыптырсың ак чач болуп,
Көзүңдүн нуру кетип, алдан тайып.
Атайы сатып келдим Кокон жоолук,
Карасаң гүлдөрү бар бир ажайып.

Апакем, сатып келдим Бухар маасы,
Кийип жүр сыймыктанып тойго-ашка.
Сураба, кымбатпы же арзан баасы,
Дагы бар белектерим андан башка.

Мынакей сатып келдим Оштон набат,
Ичели бир отуруп чайга салып.
Эмнеге унчукпайсың үнсүз карап,
Апакем, таарындыңбы ушунчалык!

Апакем, сатып келдим индус жибек,
Көйнөк кий жаркылдатып журт аралап.
Балаңда жер туйлаткан асыл тилек:
Мен дагы кубанайын сени карап.

Апакем, сатып келдим Кашкар кымкап,
Кийип кой жаманыңа бата берип.
Дагы бар белектерим андан кымбат,
Түйшүккө чырмаласыңката берип.

Түшүнбөйм, унчукпайсың карап алсыз,
Албайсың бата берип белегимди.
Кур кыял – апам өткөн, апам жансыз,
Талкалап шумдук тагдыр тилегимди.

Апакем мурдагымдай жолум күтпөйт,
Саргарып, түйшүк тартып, азап тартып.
Ойлосом дүйнөм урайт, көңүл түтпөйт,
Уйкумдан ойгономун санаам артып.

## УККУМ КЕЛЕТ ЖОМОГУҢДУ, АПАКЕ

Апакем, жомогуңду уккум келет.
Тизеңе башым жөлөп, күндө эркелеп.
Мейличи, эки баштуу дөөлөр болсун,
Коркпостон кармашамын кайрат тилеп.

Апакем, ырларыңды уккум келет.
Уйкуда жаным жыргап, түшкө эркелеп.
«Исфайраны»* обон менен ырдап койчу
Жүрөгүм толкундансын элеп-желеп.

Апакем, насаатыңды уккум келет
Урушсаң, төпөштөсөң – баары белек,
Мен эбак кырктан ашып кетсем дагы,
Кеңешиң акыл берет, кубат берет.

Апакем, уккум келет, уккум келет
Ээрчитип, акыл айтып жүр жетелеп.
Тоо болуп, тирек болуп апаң турса,
Турмушта андан башка эмне керек?

## АПАКЕ, СҮЙЛӨП БЕРЧИ

Апакем, сүйлөп берчи тагдырыңды,
Мал багып күн өткөргөн адырыңды.
Көп тозок, машак терген жабырыңды,
Мынакей, эми билдим кадырыңды.

Апакем, сүйлөп берчи жылдарыңды,
Күткөнүң согуштагы уулдарыңды,
Кабар жок, кат келбесе үмүт үзбөй,
Жол карап жүргөнүңдү муңайыңкы.

Апакем, сүйлөп берчи арманыңды,
Айрылып Жаннетиңден калгадыңды.
Күйүтү жалгыз кыздын ашып-ташып,
Өмүрүң чокко айланды, күлгө айланды.

* «Исфайра» – ичкиликтерге кеңири тараган элдик ыр.



Апакем, балдарыңды жалгыз бактың,
Биз үчүн кыйын кезде баарын таптың,
Жалпыга болгон кезде ачарчылык,
Сактаган килемиңди унга саттың.

Апакем, канча кыйын жолдор бастың,
Тоготпой аралыгын Кара-Таштын.
Эсимде, ошол кезде мен төрттөмүн,
Көтөрүп тер чыпылдап дабан аштың.

Апакем, кайратыңа таң каламын,
Жапжарык элесиңден нур аламын.
Абийирдүү өмүрүңдү кубат кылып,
Ар кандай кыйын жолго мен барамын.

Апакем, намысыңа суктанамын,
Кажыбас кайратыңдан күч аламын.
Эскерип, айтып күндө балдарыма
Өзүңдү өмүр бою туу кыламын.

Апакем, кыйбас жаным, күнүм менин,
Баарына калыс болуп төккөн мээрим.
Жаркырап көз алдымда сен жашайсың,
Мен – балаң тирүү кезде, боорукерим.

* * *

Түшүмдө апам дагы аян берди,
Чаңкасам бал татыган айран берди.
Күн ысык, баш көтөрбөй жутуп жатам,
Мээр төгүп карап турат кыйбас апам.

Кесенин түбү жоктой мелт-калт этет,
Ак айран мынча таттуу, жан сергитет.
Канбаймын, көзүм тойбой жутуп жатам,
Мээр төгүп карап турат жаным апам.

Көп ичтим, кесе такыр бөксөрбөдү,
Билбедим, күн өткөнбү, түн өткөнбү,
Радио балдыр этип кокусунан
Ойгондум. Араң турам жаш төккөнү.

## ТҮШ ЖОРУУ

– Айтууга барбайт оозум, өксүп санаам,
Түш көрдүм коркунучтуу, түрү жаман,
Күрпүлдөп кирген сууда агып барам,
Жоруп бер бул шумдукту жаным апам?

– Таалайың жаркын экен, жарык экен,
Кут болсун асыл түшүң жан берекем.
Түштөгү агын суулар – өмүр деген,
Көп жаша ойноп-күлүп, бата берем.

– Түш көрдүм өтө жаман, өтө калтыс,
Боздоймун эрме чөлдө ажыдаар тооруп.
Качалбайм, үнүм чыкпайт, жатам алсыз,
Апакем бул түшүмдү берчи жоруп.

– Конуптур өз башыңа сансыз дөөлөт,
Кулунум, кучак жайып куттуктаймын.
Түштөгү ажыдаар, жылан бакыт болот,
Эми мен узун түндө тынч уктаймын.

– Түш көрдүм жүрөк үркүп жарылгандай,
Аралайм мүрзөлөрдү сагынгандай,
Гөрлөрдөн үн угулат жалынгандай,
Апакем, жоруп берчи түшүм кандай?

– Кут болсун, түшүң сонун эрке балам,
Кейибе кабак түйүп, көңүл ирип,
Эгер сен кабырларды араласаң,
Арбактар колдошуптур бата берип.

– Түш көрдүм түшүнбөймүн кызык жорук,
Тиштерим күбүлүшөт бири калбай,
Апаке, бул шумдукту берчи жоруп,
Отурам, көңүл өчүп, кары чалдай.

– Жан эркем башың көтөр, түшүң сонун,
Эми сен көп азаптан кутуласың.
Ачылып даңгыраган айкын жолуң,
Чыйралып, жакшылыкка умтуласың...



– Жолотпой жамандыкты, аяп, коргоп,
Апакем, түш жоручу узун жомок.
Кимге айтам жүрөк эзген иштеримди,
Ким жоруйт козголоңдуу түштөрүмдү?..

## АПАМДЫН НАСААТЫ

Таалайдын тагдыр деген шериги бар,
Түрү суук, азезилдей маңдайы тар.
Каргаса түз жолуңдан адаштырып,
Жылчыксыз, нур тийбеген орго салар.

Таалайдын тагдыр деген шериги бар,
Берешен, жүзү жаркын, салган назар.
Жалгаса терс жолуңдан сууруп чыгып,
Кубантып аралатат кызык базар.

Эр жигит эстүү болсо жолун табар,
Базарда көтөрүлбөй көңүл жазар...
Ой, кокуй, акылы жок ойрон болсо,
Айрылып көп нерседен өңдөн азар.

## АР ДАЙЫМА АПАМ ТҮШӨТ ОЮМА

Кайда жүрсөм апам турат эсимде,
Ойго түшөт эртең менен, кечинде.
Уктай албай мени күтүп тургансыйт,
Жол боюнда, биздин коргон четинде.

Кайда жүрсөм апам түшөт оюма,
Чокутпаган канаттууга, жоруга.
Сактап калган ачарчылык мезгилде,
Карабастан азабына, ооруга.

Кайда жүрсөм апам түшөт оюма
Эркелетип, бекем кысып бооруна.
Ажыдаар келсе жалгыз мени соруга,
Боюн таштап даяр турган коруга.

Кайда жүрсөм апам турат көңүлдө,
Ардактаган, алпештеген төрүндө,
Азыр дагы бата берип тургансыйт,
Кулунум деп капкараңгы гөрүндө!

* * *
Энекем менин даанышман,
Эстесем күйөм, капамын.
Көрүнүп көзгө алыстан,
Элеси турат апамын.

Айлыма келсем капамын,
Ордуну жоктоп апамын,
Үшкүрүп үйдө жатамын,
Үшкүрүп түнү басамын.

Түн жармы, элдер уйкуда,
Мен жүрөм айыл аралап.
Көңүлүм уйгу-туйгуда,
Жүрөктү күйүт жаралап.

Жапжалгыз келип мүрзөгө,
Табамын апам бейитин.
Отурсам муңдуу түнөрө,
Ким билет менин күйүтүм?

Апамдын үнүн уккансыйм,
Жүргөнсүйт колдон жетелеп.
Жанында ойноп тургансыйм,
Көңүлүм куунак эркелеп!

Энекем менин – даанышман,
Эстесем күйөм, капамын.
Көрүнүп көзгө элестеп,
Карааны турат апамын!



# АКЫН КЫЯЛЫ

## АКЫН БОЛСОҢ

Акын болсоң шек келтирбей тагдырга,
Күйүү керек кызыл чоктой тандырда.
Татаал жолдон, тар ашуудан коркпостон,
Токтогулдай эл алдында сен ырда!

Акын болсоң – шек келтирбей тагдырга,
Ырларыңдан сырларыңды жашырба.
Өмүрүңдү жалын кылсаң, от кылсаң,
Алыкулдай сен тунасың жакшы ырга!

## МЕН БҮГҮН

Мен бүгүн Улуу тоого чыксам деймин,
Бийикте канат байлап учсам деймин,
Чокуга туусун сайып акыйкаттын,
Түнөгүн желмогуздун бузсам деймин!

Мен бүгүн азап жерге барсам деймин,
Түбөлүк азабында калсам деймин.
Жан берип, өлүп жатып бузуктардын
Турагын бомба болуп жарсам деймин!

Мен бүгүн Улуу дайра бурсам деймин,
Кум чөлгө көрктүү калаа курсам деймин.
Согуш жок, чатагы жок, бейпили бар
Заманда ойноп-күлүп турсам деймин!

* * *
Жаркылдап учса чагылган,
Ала-Тоо кырка жагынан,
Сезимим күйөт дүрүлдөп,
Көңүлүм кургур тарынан.

Жүрөгүм чуркайт кулундай,
Ойт берип чыгып кабынан.
Добулуң тийип өткөнсүйт,
Аралап менин жаныман.
Табийгат менен ойногон,
Жан белем өткүр баарынан?..

## АКЫН ЖАШАЙТ...

Акын жашайт жүрөктөгү ыр менен,
Эч ким билбес, эң жашырын сыр менен.
Опурталдуу, баскан жолу тайгактай,
Өмүрү да кучакташкан чыр менен.

Акын жашайт түк жоготпой үмүтүн,
Ырлар кылып жүрөктөгү күйүтүн.
Анда болбойт эс алуу-да тыныгуу,
Курч калеми чуркап турат күнү-түн!

Акын жашайт жашоосунда жыргал бар.
Ырлар келсе – падышага барабар.
Шарап ичип, ойноп-күлүп отурат,
Жүрөгүнү тытса дагы жаралар.

Акын жашайт кыял кезип бийикте,
Кыян менен көккө башы тийип да.
Кээде болот кол куушуруп бечара,
Жамандарга асыл башын ийип да!

Акын жашайт сүйбөгөндү сүйүп да,
Өз башына жок азапты үйүп да.
Кездер болот тагдырында ушундай
Кур бекерден тарашадай күйүп да!

Акын өлөт эл жүрөгүн жаралап,
Арт жагында андан кийин не кылат?
Андан кийин өзү жазган ырлары,
Учуп жүрөт Ала-Тоону аралап...

* * *

Ырлар кайдан, ырлар кантип жаралат,
Ыр болбосо, кантип акын жай алат.
Ырлар оргуп түпкүрүнөн сезимдин,
Түн аралап, күн аралап жол табат.



Ыр жазбаса акын чачы агарат,
Азап тартып, күйүттөн жан карарат.
Ыр төрөлсө булут минип кубанып,
Бүт ааламга кучак жайып жар салат.

* * *

Акындын күнү курусун,
Ач бөрү болуп улуйсуң.
Азабын тартып не керек
Аялдын издеп сулуусун!

Күлүктүн күнү курусун,
Күүлөнүп бербейт жылоосун.
Баш ийбей чуркап, жулунса.
Билгизбей байлайт тушоосун.

* * *

Акын үйдө капа болуп олтурат,
Жүрөгүнө баткан өңдүү котур таш.
Азабыны дептерине толтурат,
Аргасыздан көздөн агып күйүт жаш.

Актай кагаз айтпай билип азабын,
Кабыл алат жүрөгүнөн казалын.
Камбаралы жорголотуп каламын,
Кутулгансыйт чеңгелинен ызанын.

## ЫРЛАР ЖАЗУУ – АР АКЫНДЫН БАКТЫСЫ

Ырлар жазуу – түйшүк тартуу, толгонуу,
Тынч уйкудан чочуп кетип ойгонуу,
Сезиминде чагылгандар жаркылдап.
Жүрөгүндө тоо көчкөндөй козголуу.

Мындай абал – ар акындын бактысы,
Минип турган алтын-күмүш тактысы.
Ошол кезде чабандесин жыгытып,
Аргымагың айга келет качкысы.

* * *

Тагдыр тилеп таң атырган түндөрүм,
Ырларына көзүм күйүп биреөнүн,
Эчен жылдар бүркөк болуп кабагым,
Шыгым жанбай, жерди карап жүргөнмүн.

Ыр жазылбай суз да болду сабырым,
Өндөн аздым өч алгандай тагдырым.
Кимге айтамын жүрөк эзген түйшүктү,
Шыгым жанбай, жерди карап жүргөнмүн.

Мына бүгүн колдо турат тагдырым,
Атаандашып жазылууда канча ырым.
Учур келди төкпөй-чачпай айтууга,
Жүрөк сырым-жашырбастан бүт баарын.

Ырлар чууруйт, эс алууга жок тыным,
Ойготушат уктап кетсем акырын.
Ак кагаздын беттеринде жорголойт,
Курч калемим – ардактаган баатырым!

## ЫРЛАР КЕЛСЕ

Ырлар келсе – Атантайдай* марттыгым,
Чачкым келет колдогунун бардыгын.
Өкүнбөймүн: айткан сөзгө бек турам,
Аңтарылсын дүйнө күткөн сандыгым.

Ырлар келсе – кайкып чыгам асманга,
Даяр турам улуу тоону ашканга.
Мен макулмун, бардыгына макулмун,
Жөө, жыңайлак кумдуу чөлгө басканга.

Ырлар келсе – аргымакмын, тулпармын,
Тик качырган болот тырмак шумкармын.
Мелдешемин ошол кезде шарт коюп,
Кара ташты быт-чыт кылып муштармын.

Ырлар келсе – азезилден коркпоймун,
Шамал тийип алоолонгон оттоймун.
Бул дүйнөдө мени жеңген бирөө жок,
Таамай болжоп мерген аткан октоймун.

Ырлар келсе – океанмын толкуган,
Сүрүм менен көк асманды коркутам.
Бийик тоолор жалтакташып бужүрөйт.
Көз алдымда турган сымак жапыс там.

*Атантай – чыгыш элдериндеги мифтик каарман.



Ырлар келсе – ок өтпөгөн баатырмын,
Жоону жеңип, жоону келет сапыргым.
Кастарыма ырайымдуу сөз айтып,
Кастарымды өзүм сыйлап жатырмын.

Ырлар келсе – улуу селге тең келем,
Кыйратамын кыяндарды дем менен.
Каршы келген бороондорду токтотуп,
Учурамын оозумдагы жел менен.

## ЫР ДААРЫСА

Дүйнөм сонун, шаарым менин жомоктой,
Карлар түшөт канат жайып олпоктой.
Мен жүрөмүн көчөлөрүн аралап,
Бороонун да, чапкынын да тоготпой.

Бороон улуйт улам согуп бетиме,
От жандырып, кубат берип дитиме.
Ырлар даарып, бороон болуп жүрөмүн,
Айткылачы, бороон белем, эмине?

Ыр даарыса коркунучтуу бороонмун,
Жер каптаган кара булут боломун.
Эгер корксоң айбатымдан, сүрүмдөн,
Бекем жапкын дарбазасын короондун!

Ыр даарыса бороон болот канатым,
Улуу чепти быт-чыт кылат кубатым.
Бороон тынчыйт, шаарым күңүрт, мен алсыз,
Жүрөгүмдү жара кылат уу дартым.

Бороон улуйт, улам согуп бетиме,
От жандырып, кубат берип дитиме.
Ырлар даарып, бороон болуп жүрөмүн,
Айткылачы, бороон белем, эмине?

* * *

Бекерге кеткен жылдарым,
Белгисиз калган ырларым.

Жадымдан кеткен жылдарым,
Жазылбай калган ырларым.

Куйүттө жүргөн жылдарым,
Кулуктөй учкул ырларым.
Азапта жүргөн жылдарым,
Аргымак сындуу ырларым.

## КӨҢҮЛДӨГҮ КУСАЛЫК

Улууларды көп окудум, көп каздым,
Турмуш сырын көп издендим, аз жаздым.
Чындык түшкүр куйругу жок куш окшойт,
Кармай албай санаа тартып, өң аздым.

Көңүл калып көп уктадым, аз жаздым,
Көргүм келбей аппак бетин кагаздын.
Түштөрүмдө Пушкин менен бир жүрүп,
Ойгонгондо беттен акты көз жашым...

Жарым кылым сапар жүрдүм, жол бастым,
Көпкө умтулуп, өмүрүмдө аз жаздым.
Жаш кездеги кайда менин ырларым,
Арасында ойноп-күлгөн тоо-таштын?

Ырларымда бала кездин орду жок.
Мен жүргөнсүп кайгы билбей, көңүл ток.
Тикен кирип жыланайлак бутума,
Күндөр кайда мен ыйлаган шолоктоп?

Күндөр кайда орок оруп, кетмен чаап,
Курсак ачып, тилим каткан алсырап.
Бир сындырым буудай нанга зар болуп,
Котур болуп азап тарткан кансырап?

Ушул күнгө көкүрөктө өксүгүм,
Жүрөгүмө тагын салган катуу күн!
Аян салып түштөрүмө кыйын кез
Жаным кыйнайт. Кээде келет өкүргүм.

Ырлар кайда жылдардагы студенттик,
Күн көргөн бирде жетип, бирде кемип.
Мезгилди кур бекерге өткөрбөстөн,
Тырмышып окуп китеп, издеп тинтип.



Ырлар кайда сүйгөн кызга арнаган,
Саптарынан агып турган чоң арман.
Махабаттын гүлдөп турган учуру,
Дептериме такыр түшпөй кур калган.

Күндөр кайда салтанаттуу, бактылуу,
Көңүл ачып, чын пейилден каткыруу.
Курбу күтүп, кучакташып моюндан,
Достук үчүн өлөбүз деп ант кылуу?

Ырларымда күндөр кайда жалындуу,
Тоодон түшүп күрпүлдөгөн азоо суу.
Жаштык кезиң – өмүрүңдүн майрамы,
Жаз күнүндөй мээрими бар жагымдуу.

Жаш кездеги ырлар кайда – табышмак,
Жазылбады учурунда оргуштап.
Поэзия – тагдыр менен киндиктеш.
Эч бир адам өлчөй албас карыштап.

## ДИЛДЕГИ ЖЫЛДЫЗДАР

* * *

Урматтап сүйгөн адамдар,
Силерден жакын эмне бар.
Асманда жанган жылдыздай
Жарыгы нурга барабар.

### ХАФИЗ ДОС

Хафиз дос, сен да гарып, мен да гарып,
Кеттик бейм ашыглыктан чач агарып.
Эстесек Лалаханды жан карарып,
Боздойбуз ара жолдо өң саргарып.

Хафиз дос, көрүшөлү кучакташып,
Сый куруп, Ала-Тоодо бирге басып,
Ашыглык көкүрөктө ашып-ташып,
Кыргыздын кыздарына ырлар жазып.

Хафиз дос, ырларыңа кумар жазып,
Котордум жашым төгүп, атаандашып,
Жашайлы сулууларга болуп ашык,
Жатса да тагдырыбыз татаалдашып.

Ичели кыргызымдын кымызынан,
Өпкүлөп сулууларды каип болуп.
Коркпогун душмандардын жарагынан,
Мейличи, калсак дагы майып болуп.

### ЭМНЕЛИКТЕН ТҮШТӨРҮМ КАН?!

*Темиркул Үмөталиевге*

Бала элем да, кан майданга катышпагам,
Ок аралап, душман менен атышпагам.
Тогуз жүз күн фашисттердин курчоосунда,
Ачкалыктан Ленинградда карышпагам.



Чымырканып узун жолдун чарчоосунда.
Жырткычтардын ордосуна барышпагам.
Анда неге уктап кетсем түн жармында
Жабыр тартып түштөрүм кан, көздөрүм кан?

Түштөрүмдү жүрөк эзген ый угулат,
Энелердин ыйларынан күн тутулуп,
Наристелик беттеримден жаш чубурат,
Каргашалуу кабарлардан кан жутулуп.

Бала элем да, кан майданга катышпагам.
Душман менен өзүңчүлөп атышпагам.
Түшүндүрчү, чоң казаттын эр жоокери,
Эмнеликтен уктап кетсем түштөрүм кан?..

### АЛЫКУЛ АК БОЗ АТКА КАМЧЫ БАСАТ

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар канат байлап учат, сызат.
Байгеде теңтайлашып келе жатат,
Дүңгүрөп, таман кызып жүз күлүк ат.

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар тик түйүлүп тоолор ашат.
Кылчайып арт жагына карап койсо,
Тер баскан ондой күлүк жол талашат.

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар жел кубалайт, көңүлү шат.
Арданган, чымырканган, намыстанган
Туягы беш күлүктүн тыбырашат.

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Жаныбар мезгил менен атаандашат.
Жек көрүп, ызаланып, ызырынып,
Калгандар терге батып көбүк чачат...

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Алкынтып максатына улам шашат.
Ишенем чарчоо билбей татаал жолдо
Бейтааныш муундар менен амандашат.

## СЕН АКЫНСЫҢ

*Кайсын Кулиевге*

Сен акынсың – татаал доордо жаралган,
Толкундарды тайманбастан жара алган.
Өчкөн отту алоолонтуп жага алган,
Өчүп калса, өзүң оттой жаналган.

Сен акынсың – ар-намыска туралган,
Мөгдөп жатпай күл-күкүмдөн куралган.
Ырларыңдан ак пейилден күү салган,
Муңдуу жандар кубат алган, нур алган.

Кайсын ага, күлдүгүм бар, жүгүнөм,
Багындырды музаң сенин сыры бар.
Берчи мага желкеңдеги жүгүңдөн,
Азабы бар, кубанчы бар, ыры бар.

## АК БОЗ АТЫҢ ЖЕРДИ ЧАПЧЫЙТ, КИШЕНЕЙТ

*Академик Муса Адышевдин эстелигине*

Туюк жаткан Ала-Тоонун катмарын,
Кай коктуда кандай сырлар жатканын.
Өмүрүңдү аяп койбой арнадың,
Ачамын деп сан байлыгын асканын.
Жакын турду кол жетчүдөй асманың,
Таштар болду ырга айланткан дастаның.
Өжөрлөнүп иштей бердиң тиштенип,
Бут тоссо да жылоолошкон кастарың.
О, Мусаке, наразымын тагдырга,
Ошон үчүн кайгыдамын, жаштамын.
Эми гана ак боз атка мингенде
Кулап түштүң, көз тийдиби башканын?

Ак боз атың жерди чапчыйт, кишенейт,
Курбуларың көз жаш төгөт ишенбейт.
Сени көргөн, сени билген адамдар
«О, тагдырдын эмне кылган иши» – дейт.
Өзүң сүйүп, ардактаган Тентинин,
Айыкпайт, күйүтү күндө тереңдейт.
Кайрат айтуу кыйын экен мындайда,
Карап туруп жаш баладай зээн кейийт.



## БҮБҮСАРАНЫН ЭСТЕЛИГИНЕ

Сен бассаң – биздин көчө жарык болчу,
Бийлесең – биздин жүрөк гарып болчу.
Сахнада жетимсиреп ордуң турат,
Эжекем, ак куу болуп кайра кончу!

Көрк элең, көркөм элең бир ажайып.
Ак куудай Ысык-Көлдө кучак жайып.
Өттү деп укканымда Бүбүсара,
Өксүдүм: зээним кейип, жан кашайып.

Сен элең – кыргызымдын эрке кызы,
Дилинде жанып турган нур жылдызы.
Чак түштө капилеттен жалп дей түштүң,
Түшүнбөйм табийгаттын не кылмышы!

Сен бассаң – биздин көчө жарык болчу,
Бийлесең – биздин жүрөк карып болчу.
Сахнада жетимсиреп ордуң турат,
Эжекем, ак куу болуп кайра кончу!

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО АРНАЛГАН ЫРЛАР

### 1

Канча максат, канча тилек орундалбай.
Биз жашайбыз дагы башка өмүр бардай.
Өмүр кыска жазгы суунун агымындай,
Өмүр кыска ак теректин бир шагындай.

Канча максат, канча тилек аткарылбай,
Биз жүрөбүз түбөлүккө даңкталуудай.
Өмүр кыска тийген күндүн шооласындай,
Өмүр кыска жазда чыккан жоогазындай

Бул өмүрдүн аягы жок арты-башын
Ойлой берип түшүнбөстөн катат башым.
Кылым бойлоп өз нугунда агат экен,
Ким токтотот бул агууну замандашым.

Өмүр чиркин агат экен Ак-Буурадай,
Жарга урунуп, жалын чыгып тим туралбай.

Чыңгыз ага, куттуу болсун элүү жашың,
Талыкпастан чуркай бергин Аккуладай.

Элестейсиң чолпон жылдыз жарыгындай,
Же болбосо Ала-Тоонун туу кырындай.
Кыргызымдын эр азамат улуу уулу,
Жүзүң жарык өз элиңдин тарыхындай.

2

Даңкың бар, даңктан артык талантың бар,
Дүйнөнү жарып өткөн канатың бар.
Бул күнү чын жүрөктөн куттукташат
Өлкөмдүн көп улуту айтып кабар.

Баркың бар, барктан артык өз атың бар,
Ааламга маалым болгон санатың бар.
Бул күнү ардакташып ат мингизет.
Ала-Тоо сый көрсөтүп миң бир катар.

Өлкөң бар, чоң өлкөңдө досторуң бар,
Досторуң ардакташып турат катар.
Тигине салтанатка келатышат,
Цада уулу, Панкин, Мустай, Кайсын, Гончар.

Элиң бар: ырысың бар, таалайың бар,
Жүрө бер ат үстүндө улуу сапар.
Кубанып ак жүрөктөн ак жол каалайт.
Симонов, Нурпеисов, досуң Камбар.

3

*Чыңгыз Айтматов ГДРдин искусство академиясына мүчө-корреспондент болуп шайланганда жазылган ыр*

Бул сыйлык – Сиздин сыйлык, биздин сыйлык,
Бул сыймык – Сиздин сыймык, биздин сыймык.
Кыргызды ардактайт деп ким ойлоптур,
Гёте бар академия ызаат кылып.

Бул сыймык – биздин сыймык, Сиздин сыймык,
Бул сыймык – Сиздин сыйлык, биздин сыйлык.
Эй, Чыке, өз калкыңда кызматың бар,
Апыртпайм аз дегенде бир кылымдык.



Сыймыгың – Ала-Тоонун кыргызында,
Сыймыгы кыргызымдын Чыңгызында.
Энелер уулду Сиздей көп төрөсө,
Элимдин өсмөк баркы чындыгында.

## КУЛДУГУМ БАР

*Мухтар Борбугуловго*

Кулдугум бар, жашың улуу, жан достум,
Кыйын кезде акыл айтып,, ой коштуң.
Түйүнү көп түрмөк-түрмөк сырлардын,
Жибин тартып, түк уктабай болжоштуң.

Чоң ыракмат, жолуң улуу, жан достум,
Татаал кезде терс карабай кол создуң.
Жолукканда кайрат айтып, үйрүлүп,
Жаның күйүп, ички сырым толгоштуң...

## МУХТАР ШАХАНОВГО

Боордошторум, туугандарым казактар,
Биздин элдин тарыхында азап бар.
Тээ заманда, казак кайың сааганда,
Гисар ашып, көз жаш төккөн кыргыздар.

Казак десем жүрөгүмдө достук бар,
Көккө жетип көкөлөгөн ак шумкар.
Кыргыз-казак бир туугандай ынтымак,
Элчи кезде менин досум, сен Мухтар.

Казак десем жүрөгүмдө сүйүү бар,
Ойноп-күлөм, такыр болбойт көңүлүм тар.
Казак-кыргыз колтукташып жүрүшөт,
Тирүү кезде сенин досуң – мен Камбар.

## КОМУЗ БАЯНЫ

1

Комуз уксам – баян берет барактары;
Карт тарыхтын катаал ашуу, багыттары.
Кан төгүшкөн баатырлары, карыптары,
Көз алдымдан чууруп өтөт баары-баары.

Комуз уксам – эске түшөт эски тарых:
Бабалардын кан төгүшкөн чабуулдары.
Кыргыз кыйрап, кармашууда жан карарып,
Колго түшкөн сулуу кыздар, аялдары.

Комуз уксам – эң алдында Манас жүрөт.
Кырк жигити кылыч суурун атырылат.
Кан майданда каарын төгүп, жоону сүрөт,
Ала-Тоодо адам каны сапырылат.

Комуз уксам – кыйын кезде кыргыздарым
Кымыздык жеп шор тартыптыр, күн көрүптүр.
Арасында кылым эмес, миң жылдардын,
Тар ашууда таалай издеп өткөрүптүр.

Комуз уксам – эркин чыгат, шаңдуу чыгат,
Көкүрөктө муңга толгон ыйлар жатат.
Мезгил жылат, таңдар атат, күндөр батат,
Келечектен булбулдөгөн үмүт жанат.

Комуз уксам – эркин чыгат, шаңдуу чыгат,
Кулак түрүп уга берем жаным жыргап.
Улуу Октябрь Ала-Тоого нурун чачат,
Эмгекчилер ырдап барат туусун ыргап.

Биздин доорго комуз жетти боздоп-боздоп,
Кармашууда эрк талашып, элин коргоп.
Азаттыктын күүсүн чертип, колун жолдоп,
Тосуп чыкты эр көкүрөк баатырга окшоп.

## 2

Толкундаймын комуз күүсүн укканымда,
Кандай сыр бар комсоо турган кылдарында?
Кыргыз элим эчен кылым муң бөлүшүп,
Сага ишенген эң бир ыйык сырларын да.

Комуз күүсү муңдуу чыгат укканымда,
«Сынган бугу», «Көкөй кести» бүт канымда,
Симфониядай угулат кулагыма,
Көзүм жумуп, көңүл жуушап жатканымда.

Комуз күүсү эрктүү чыгат укканымда,
Кандай күч бар шыдыр кеткен ыргагында?



Кулазыктай үмүт берген келечектен
Токтогулдун эң азаптуу жылдарында.

Комуз күүсү шаңдуу чыгат укканымда,
Аба жиреп асман менен учканымда.
Ниязалы, Атай, Муса боздоп турса,
Бөксөргөнсүйт, арылгансыйт арманым да.

Комуз күүсү сырдуу чыгат укканымда,
Укмуш барбы Тумановдун бармагында?
Кыргыз калкым алкыш айтып, түк унутпайт,
Күндө сыйлап карыянын арбагын да.

Толкундаймын комуз күүсүн укканымда,
Кандай сыр бар комсоо турган кылдарында?
Кыргыз элим эчен кылым муң бөлүшүп,
Сага ишенген эң бир ыйык сырларын да!

## 3

Черт, Самара, Токтогулдун күүлөрүн,
Арман айтып боздоп ыйлап жүргөнүн,
Таш казганда тирек кылып комузду
Эрдик менен кара булут сүргөнүн.

Черт, Самара, Кара Молдо күүлөрүн,
Шаңдандырып комсоо кылдын үндөрүн.
Бир кылымда бир жаралган жан эле,
Көркүн ачкан үч кыл комуз өнөрүн.

Черт, Самара, комузуңду муңкантып,
Жүрөгүңдөн жалын чачып, от жанып.
Эгер бүгүн тирүү болсо Токтогул
Бата бермек өнөрүңө кубанып.

Черт, Самара, комузуңду шаңкылдап,
Эл көзүнчө тийген айдай жаркылдап.
Кара Молдо тирүү болсо, даанышман,
Кубангандан өзү туруп кол кысмак.

Черт, Самара, комузуңду кол ойноп,
Кыргызстандын салтанатын бир тойлоп.
Кулдугум бар, өнөрүңө баш ийдим,
Эгер кокус төрөлбөсөң не болмок?

Черт, Самара, тагдырымды, сүйүүмдү,
Чиеси көп миң бир катмар түйүндүү.
Кээ бир кезде тапкым келет атайы,
Күү толготкон сенин укмуш үйүңдү.

Черт, Самара, жаркын жүзүң көрөйүн,
Көрсөт мага кайсы сенин түгөйүң?
Ыраазымын бычак урса, ич тарып,
Эл көзүнчө колуң жыттап өбөйүн!

4

Арман көп: өмүр бою тирүү жанда,
Өкүнөм комуз чертип калбаганга.
Эрте-кеч эрмек кылып отурмакмын,
Сырларын жүрөгүмдүн күүгө сала.

Комузум бирге жүрмөк жаш чагымда,
Курүлдөп кирген суудай ташканымда.
Миң түркүң күүсү чыкмак кылдарынан,
Жетелеп сүйгөн кызды басканымда.

Комузум жөлөк болмок бут тайганда,
Капыстан куюшканым кыйшайганда.
Көгөрүп сүйгөн жарым ор казганда,
Күн көрүп жүргөнүмдө бушайманда.

Комузум кайрат болмок кайгырганда,
Жүрөктүн жаралары жаңырганда.
Баарынан көңүл калып, жерим тарып,
Эң жакын досторумдан жаңылганда.

Комузум кеңеш бермек кайрылганда,
Апакем – дөөлөтүмдөн айрылганда.
Күүлөрү кудуреттүү кубат болмок,
Жабыркап жаш баладай муң кылганда.

Комузум теңтуш болмок кубанганда,
Кайрадан күл-күкүмдөн куралганда.
Сыр бербей чымырканып туралганда,
Асмандан күн жаркырап нур алганда.

Ошондо мен чертмекмин "Камбарканды".
Сооротуп жарасы бар күйгөн жанды.
Комузда жүрөгүңдүн муңу жатса,
Адамга андан ашык жыргал барбы?



Арман көп өмүр бою тирүү жанда,
Өкүнөм комуз чертип калбаганга,
Аттиң-ай, көңүл буруп жаш чагымда
Самара шакирт кылып албаганга!

## ДАТКА ЭНЕМДИН СҮРӨТҮНӨ

Таң калам Курманжандын тагдырына,
Бороон күн, кан аралаш тагдырына.
Чөгөлөп башым ийип мүрзөңүзгө,
Мактанам Сиздей энем бардыгына!

Илинип сүрөтүңүз төркү үйүмдө,
Жанаша апам менен көрк берүүдө.
Экөөңөр ардакталып турасыңар,
Дүйнөдө өзүм барда, мен тирүүдө.

Укканмын атыңызды бала кезден,
Атакем жомок кылып айтып берген.
Жашырбайм чын сырымды энем Сизден:
Мен болом тукумуңуз Камбар деген.

Капасыз: баарын билем, түшүнөмүн,
Ойлоном, өзүм дагы үшкүрөмүн.
Калп эмес, кылымдарга ой жүгүртүп,
Ар дайым кан аралаш түш көрөмүн.

Не бүркөө кабагыңыз асыл энем,
Кайрылып өзүңүзгө суроо берем?
Бир кылым өтсө дагы арасынан,
Унутпай жашайсызбы күйүт менен?

Жүрөгүң канга боёп Камчыбегиң,
Балдардан артык көргөн кенже эрмегиң.
Мүрзөңдөн угулгансыйт улуу күйүт,
Камчым деп арман айтып жан бергениң...

Түшүнөм: улуу кемпир унчукпайсыз,
Жер карап тиштенесиз, уу жутпайсыз.
Ар-намыс эркектерден ашып түшкөн,
Чыгыштан жанып чыккан аял затсыз.

Энекем таң калдырат кылым жашың,
Муңайба, бекер төгүп көздүн жашын.

Артында канча сенин уулдарың бар,
Өксүбөй, кайрат кылып, көтөр башың!

Сиз биздин атабыз да, энебиз да,
Чөгөлөп мүрзөңүзгө келебиз да,
Бата алып уулдарың кыйын кезде,
Күч алып, кайраттанып кетебиз да!

Таң калам Курманжандын тагдырына,
Бороон күн, кан аралаш тардыгына.
Чөгөлөп башым ийип мүрзөңүзгө,
Мактанам Сиздей энем бардыгына!

## ИСХАК РАЗЗАКОВДУН ЭСТЕЛИГИНЕ

*Ак иштеген адам акыры жамандык көрбөйт.*
Исхак Раззаков.

Карасам жүзүң жарык бүркүт мүнөз,
Чыныгы көсөм элең кыраакы көз.
Сүйлөсөң чечен элең теңдеши жок,
Укканды толкундаткан жалындуу сөз.

Билчүсүң эл турмушун, эл тагдырын,
Өскөнсүң жетимдикте көрүп баарын.
Айрылып ата-энеңден бала кезде,
Ыйладың эркелетпей жакындарың,

Өткөрдүң азаптарды бала кезден,
Ачкалык, жетимчилик жүрөк эзген,
Баарына моюн сунбай сен жетилдиң,
Көкөлөп ак шумкардай көктө кезген.

Осмон аке өз атаңдай бөпөлөп,
Канатыңды күүлөй бердиң көкөлөп.
Шаңшып учуп бүркүт болдуң, эр жеттиң.
Кандуу согуш татаал кезде жан үрөп.

Эч качан унутпадың тууган элди,
Жаныңа кубат берген аскар белди.
Кубандың Ала Тоону көргөнүңдө,
Ойлондуң: «Кызмат кылар мезгил келди».



Өкмөткө отуз беште башчы болдуң,
Уктабай жаның сабап учуп кондуң.
Ар дайым эл тагдырын унутпастан,
Ар дайым азабына күйүп тондуң.

Шер элең Ата Мекен жерин сүйгөн,
Өссүн деп маданият, тилин сүйгөн.
Эч кандай коркунучтан жалтанбадың,
Элим деп кыйын кезде жаның күйгөн!

Эр элең жүрөгүндө жалыны бар,
Эл достук, адилеттик тамыры бар.
Кыргыздын сыймыктанар уулу болдуң,
Төрөлгөн биздин доордо сен пайгамбар,
Билбеймин кимдер өткөн сен барабар!

Таза элең Ала Тоонун ак карындай,
Жашадың ыплас ишке түк малынбай.
Жашадың намысыңды бийик коргоп,
Жек көргөн зулумдарга сен багынбай.

Кыргыздын көсөмү элең кадыры бар,
Сезимтал, терең акыл бардыгы бар.
Тирүүндө биз баалабай кор кылдык го,
Аттиң ай! – биз элбиз го тардыгы бар!

Жаркырап жайнап турган жылдыз элең,
Элине жанын берген кыргыз элең.
Эмне үчүн кадырыңа жетпей жүрдүк,
Сен шордуу тууган элге душман белең?..

Тирүүндө өз жериңе батпай калдың,
Өлгөндө тууган жерде жатпай калдың.
Арманда чоочун жерде көзүң жумдуң,
Кыргыздар баркын билбей сен дулдулдун!

Сен өлдүң биз топурак салалбадык,
Жаш төгүп гөрүстөнгө баралбадык.
Элим деп ак жеринен курман болдуң,
Биз сага кыйын кезде карабадык.

Артыңдан ардакташып элиң сүйөт,
Арданып арман кылып жаны күйөт.
Кылымда бир келүүчү инсан дешип,
Кыргыздар кеч болсо да эске түйөт.

Лакап бар: «ак ийилет бирок сынбайт»,
Мейлиге жүз жыл өтсүн чындык сайрайт.
Баркыңды чоң баалады Акай уулу,
Мүрзөңдө батаң берип, ырахмат айт!

Баатырды батыр баалайт, баатыр сыйлайт,
Бири өтсө, бири келип боздоп ыйлайт.
Президент жүзүн ачты, Раззаковдун,
Кыргыздар Акаевга алкышың айт!

Карасам жүзүң жарык бүркүт мүнөз,
Чыныгы көсөм элең кыраакы көз.
Сүйлөсөң чечен элең теңдеши жок.
Укканды толкундаткан жалындуу сөз.

## Урматтуу устатым, Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын ардактуу академиги, мударис КУСЕЙИН КАРАСАЕВГЕ

Сиз аксакал эскилердин муунунан,
Кыргызымдын эң атактуу уулунан.
Элин сүйүп, өмүр бою чарчабай,
Эне тилин ардактаган, туу кылган.

Жашадыңыз кан төгүлгөн чыр-чууда,
Дос дегендер досун саткан учурда.
Абийир сактап, сыймык менен жүрдүңүз.
Моюн сунбай зордук заман кысуурга.

Кайратыңыз калкан экен болоттой,
Жамандыкты жакындарга жолотпой.
Сиз жүрдүңүз ар-намысты бек тутуп.
Ушактарын арамдарын тоготпой.

Пайгамбардай элиңизге баркыңыз,
Өсүп жатат улам Сиздин наркыңыз.
Жашадыңыз кайрат менен бир кылым,
Ошон үчүн ардакташат калкыңыз.

Мезгил келди, заман дагы өзгөрдү,
Ким адилет, ким бузуку көз көрдү.
Айтам Сизге алкышымды устатым,
Жүрөгүмдөн атып чыккан сөздөрдү.



## ӨЛҮМ КЕЛЕТ КАПЫСТАН

Асыл жүрөк-акын элең таланттуу,
Бороон күндө камчыланган боз аттуу,
Жолон, неге жалп деп өчтүк, каран түн,
Билбегендей өмүр чиркин-жан таттуу?

Акын элең – ар-намыстуу, атактуу,
Терек элең – көк тиреген бутактуу.
Эмнеликтен таштап кеттиң боздотуп,
Досторуңду кара мүртөз сыяктуу?

Каргыш айтам: катаал турмуш тагдырга,
Таланттарды куйкалаган тандырга.
Эмнеликтен өмүрүңдү туш кылдың,
Оозун ачкан ажал шүмшүк калбырга?

Иним элең алыс жолдо бир баскан,
Акылдашкан, чын жүрөктөн сырдашкан.
Экөөбүз тең Алыкулду сүйчүбүз,
Татаал доордо кыйын жашап ыр жазган.

Биздин катар эңшерилип бөксөрдү,
Сен да сызып Алыкулдун артынан.
Ыйлап турам көз жаш төгүп мүрзөңдө,
Жүрөк эзген күйүтүмдүн дартынан.

Жан күйгүзөт арылбаган чоң арман,
Кошо кетип далай сонун чыгармаң.
Дагы канча дастандарды жазмаксың,
Кайдан чыкты өлүм деген ант урган?

Кырчын кезде өлүм келет капыстан,
Оордугунан жакындарым аптыккан.
Акын Жолон көзүн жумду дегенде,
Далайлардын көздөрүнүн жаш аккан.

Кош, бол, Жолон! Торко болсун топурак,
Курбуларың катар турат буркурап.
Бийик учкан бүркүт элең асманда,
Дагы качан акын келет сен сымак?

## НАСИРДИН ИСАНОВДУН ЖЕСИРИ БҮЗИЙНАТКА

Карындашым көздөрүң кан - ызалуусуң,
Отурасың каргашанын жутуп уусун.
Аябаган Насирдиндей азаматты,
Түбөлүккө шум ажалың түк курусун!

Өз башыңды каптап турат кара булут,
Көргөн ыйлайт кебетеңди карап туруп.
Кайдан алдың көп азаптуу тагдырыңды,
Бейпил кезде уу кеседе камыр жууруп?

Сен ыйласаң жүрөк сыздайт, муунум бошойт,
Тээ тереңден сызып чыккан күйүт окшойт.
Кайран иним күлүп туруп жалп дей түштү,
Мындан ары салам айтып, үнүн кошпойт.

Боздобо деп айталбаймын, акым да жок,
Карындашым ыйлап турсаң сен шолоктоп.
Бул күйүттү басыш үчүн кайрат керек,
Чымыркаnып, эрин тиштеп, акыл топтоп.

Топурагы торко болсун Насирдиндин,
Жаткан жери жайлуу болсун шер инимдин.
Карындашым кайрат кылгын, жашың төкпө,
Арбагыны сыйлап өткүн өз теңиндин!

## БААТЫРБЕК АМАНАЛИЕВДИН ӨЛҮМҮНӨ

Сен болчусуң кыргызымдын азаматы,
Алыс-алыс чуркай турган тулпар аты.
Аңдып жүрүп аксатышты түбөлүккө,
Митаамдардын болбогон соң дараматы.

Атаң кыргыз, энең казак – тууган элек,
Арабызда өзүң элең бийик терек.
Жашап жүрдүң бийликтерге моюн сунбай,
Пикириңди түк өзгөртпөй, көктү тиреп!



Изилдедиң жанын, төшөп Токтогулду,
Сайрап турса үнү өчпөгөн тоо булбулду.
Урматтадың теңдеши жок Раззаковду,
Таманы ысып чуркай берген чын дулдулду.

Эр болчусуң жаш кезинде жалтанбаган,
Чындык үчүн кудайдан да тартынбаган
Курчтугу бар, жүрөгү бар инсан элең,
Доктор болуп отуз беште жаркылдаган!

Тартынбадың кастарыңдан нечен-нечен,
Күлүп туруп ууну берген көз айнекчен.
Экөөбүз тең жаштык кылып мүдүрүлдүк,
Айнекчендер алда канча митаам экен?...

## КЫЗЫМА

Кызым менин – аппак куудай,
Тоодон кулап аккан суудай.
Үйүм жарык – тийген айдай,
Сайрап турса тили буудай.

Кызым менин – кызгалдактай,
Бир карасаң – аткан таңдай.
Үйгө келсем – чоң кубанчым,
Жаркылдаса – ачык маңдай.

Кызым менин – ак көңүлүм,
Мойнумдагы жыттуу гүлүм.
Ырдап койсом – шаңдуу үнүм,
Асмандагы тунук күнүм.

Кызым менин – көпөлөктөй,
Турса сайрап үйүмдө той.
Эркем менин сагынычым,
Чарчап келдим, өпкүлөп кой!

# ТАГДЫР СЫРЛАРЫ

* * *

Жанып турсун үйдө менин жарыгым,
Караңгыдан учурунда тарыдым.
Келмек тургай салам бербей айрымдар,
Күнүм күйүп, ак чач болуп карыдым.

Күйүп турсун үйдө менин жарыгым,
Кыйын жолдун азабынан арыдым.
Кыйбас достор саткандыгын эстесем,
Уктап жатып келгим келет бакыргым!

Өчпө менин күндөй болгон жарыгым,
Жаркып турсаң, өзүм жеңем бардыгын.
Камбаралы, кайтпас такыр жигитсиң –
Тоготпогон тагдырыңын тардыгын.

* * *

Жорго минип, жолдо жүрсөм жарашпайбы,
Кыз-келиндер кылчакташып карашпайбы?
Камбаралы карыганда кутурду деп,
Шылдың кылып, көйрөң дешип санашпайбы?

Күлүк минип, күүлөндүрсөм жарашпайбы,
Кыз-келиндер терезеден карашпайбы?
Камбаралы карыса да кайраттуу деп,
Ойлорунда жакшы тилек санашпайбы?

Илбирс ичик тойго кийсем жарашпайбы,
Кыз-келиндер көздөрүнү кадашпайбы?
Камбаралы жагып калып бирөөсүнө,
Карыганда түз жолунан адашпайбы?



Жорго минсем – жоргом менин ай умтулат,
Кубаласам качып кайда, ким кутулат?
Таман кызып, жүрөк туйлап турган кезим,
Чаң кубалап, жолдо калып миң күлүк ат.

Күлүк минсем – минген күлүк күн умтулат,
Камчылансам канаттуубу, ким кутулат?
Топ жылдызды колум жетип алар кезим,
Арт жагымда салпаңдашып миң дулдул ат.

Илбирс ичик тойго минсем, эл карашат,
Кыз-келиндер карай берсин, куп жарашат.
Камбаралы бирди сүйгөн туруктуу жан,
Өмүрүндө түз жолунан аз адашат.

## ЖАШТЫК КЕЗ ЫРЛАРЫ

### 1

Жаштык кезим – жалын элең өрттөнгөн,
Куюн шамал, бороондордо өчпөгөн.
Тоскоолдорго моюн бербей тирешип,
Уктап жатып жакшы тилек көксөгөн.

Жаштык кезим – Чынар элек көктөгөн,
Чапса кылыч мизи кайтып өтпөгөн,
Аптап кактап, ызгаар суук көп көрдүм,
Турмуш, тагдыр канча сынап өкчөгөн.

Жаштык кезим азоо тайдай мөңкүгөн,
Тик качырып, аттап өткөн көчкүдөн.
Кыйынчылык жолду тоссо канчалык,
Чымырканып, башты салып чөкпөгөн.

Жаштык кезим Ысык-Көлдөй толкуган,
Албууттанып, көктү карай оргуган.
Кези келсе көк жалдарга кол салган,
Жигит элем оолак жүргөн коркуудан.

Жаштык кезде кыраан куштай курч болду
Тил күйгүзгөн, жан күйгүзгөн мурч болду
Түн караңгы кар чапкында жүрсөм да,
Адашпадым багытынан түз жолдун.

Артта калды, кайра келбейт жаштык кез,
Ак-Буурадай жан тоготпос мастык кез.
Кырктан ашып, арман кылып отурам,
Баарын болжоп, башка толуп акыл-эс.

Эгер кокус, жаштык келсе кайрадан,
Сүйгөн жарды тандаар элем абыдан.
Бул турмушта эр жигитке жар керек,
Тирек болуп, өмүр бою жандаган.

Эгер кокус, жаштык келсе кайрадан,
Досторумду тандаар элем жанбаган.
Бул турмушта кыйбас достор күтпөсөң,
Өрттөп өтөр өзөгүңдү чоң арман!

Эгер кокус, жаштык келсе кайрадан,
Тандамакмын курч жолумду тайбаган,
Тартынбастан кармашууда жүрмөкмүн,
Кызык турмуш борборунда кайнаган!

Эгер кокус, жаштык келсе кайрадан,
Дагы кайра түз өтмөкмүн дайрадан,
Өкүнүч жок басып өткөн жолума,
Жаштык кезим – жалын кезим кайнаган!

## 2

Жаш балдар кайрылышат: «аксакал» деп,
Жаш кыздар жан күйгүзөт. «кары чал» деп,
Сүзүлгөн келиндерди карап койсом,
Өз ара шыбырашат: «куруп кал» деп.

Кечээ эле жигит элем көктү тиреп,
Көчөдө колун кармап кыз жетелеп,
Канчасы көзүн сүзүп, көзүн артып,
Тийишчү жолукканда эркелеп!

Кечээ эле жигит элем кыз асылган,
Бүркүттөй шукшурулуп тик качырган.
Кармасам тырмагымда чый-пый этип,
Жалынып, жалоорушуп кан чачылган.

Жаштык кез – калтыс келген сел экенси?,
Кыйраткан жолдогуну жел экенсиң.



Күрүлдөп капталыңа бороон тийсе,
Томсоруп тоготпогон бел экенсиң!

Жаштык кез – күч экенсиң кетилбеген,
Баарыны багындырган эркиң менен.
Оорубай жеңил кийип ойноп жүргөм,
Тоготпой кыш чилдени, күйүп денем.

Жаштык кез өрт экенсиң жалындаган,
Кыздардан башкасына жалынбаган.
Каалаган бардык тилек орундалып,
Асмандан колум сунуп жылдыз алгам!

Жаштык кез – кенч экенсиң түпсүз терең,
Эсептеп молдугуна чен жетпеген.
Болсом да элүү жаштын аймагында
Күн көрөм ошол чактын оту менен!

## 3

Кайда калды күлүк минген кездерим,
Күч коротпой оңой тапкан жез кенин.
Жаш кезимдей жалтанбаган курчтук жок,
Курак келди кыска болуп тизгиним.

Кайда калды тулпар минген кездерим,
Таман кызып, чарчоо билбей кезгеним.
Жулунсаң да күбө болуп ак чачың,
Кыйын экен өткөн өмүр сезгениң.

Кайда калды көктө сызган чактарым,
Колтугума сызып алып жер шарын.
Мурдагыдай шаңшып канат күүлөнбөйт,
Үшкүрөмүн, өзүм сезип бүт баарын.

## 4

Тулпар сымак талыбадым, көп желдим,
Чокусунан ашып өтүп туу белдин.
Кээ бир чакта мөрөй алып кишенеп,
Кээ бир чакта салпак тартып кур келдим.

Күлүк сымак таман кызып жулкундум,
Чоң жарышта чоң байгеге умтулдум.
Кээ бир чакта чаңдарыма жеткирбей,
Кээ бир чакта терим самсып умсундум.

Канча болдум арасында жарыштын,
Катаал жолдо жан талаштым, карыштым.
Атаандаштар бутка тээп аксатып,
Көздөрүмдөн оттор учуп майыштым.

Канча калдым арасында бороондун,
Ара жолдо атым чыкпай жоголдум.
Кеч болсо да женет түбү акыйкат,
Азаптарга бүгүлбөдүм, оңолдум.

Күрөш-жарыш баскан жолум карасам,
Күрөш менен өмүр сүрүп баратам.
Намыс үчүн кан төгүшкөн, кармашкан,
Бүткүл бабам, өзүм атам, чоң атам!

Бул жолумдан кыя тартсам мен киммин:
Болом анда бечарасы көп бирдин.
Күнүм өтөр күйпөлөктөп оокат деп,
Жолун карап, колун карап теңирдин!

5

Ат да миндим, атырылдым, оолуктум,
Мен анткени уулу болуп тоолуктун.
Ат үстүнөн кулатышты бир нече,
Бутум сынды, колум сынды соолуктум.

Жөө да жүрдүм: басынбадым, оолуктум,
Мен анткени жоосу болом кордуктун.
Жөө жүргөнгө ыраазымын миң ирет,
Лалахандын маңдайынан жолуктум!

## КОШМОК КАЗАЛ

1

Бул өмүрдүн күндөрү бар – бүркүт канат,
Көк асманда шапар тепкен миң салтанат.
Ичик кийип, жорго минип күрпүлдөйсүң,
Кемтигиң жок, ойноп-күлсөң көңүл жанат.
Ойлогонуң, эңсегениң тегиз келип,
Кубанычта күлүмсүрөйт бүткүл тарап.
Куу түлкүлөр жан сатышат улам мактап,
Калп жеринен кол чабышат сени жактап.
Өргө карай тоголоткон ташың кулайт,



Күңкүлдөсөң туура болуп, сөзүң жарап.
Жаркылдашып, жагынышып, назик карай,
Кыз-келиндер кылтылдашып сунса шарап.
Жан жыргатып ичкениңдей аппак жуурат,
Эркелейсиң, чөйчөгүнү улам сурап.
Эй, курбу жан, ошол кезде баш айланат!
Бакыт өзү казандагы ысык суубу?
Муздай түшкөн көп өтпөстөн кайнар замат.
Ишенбегин күлкүсүнө калп таалайдын,
Эгер болсоң акылы бар эр-азамат!

2

Бул өмүрдүн күндөрү бар ирең-бараң,
Бут шилтейсиң чымыркanып эптеп араң.
Кезегинде кучакташкан жакын курбуң,
Жерди карайт дудук болуп, жеткен сараң.
Эрдиң тиштеп, бармак тиштеп өкүнөсүң,
Туз татканга өзүң менен мындай арам.
Мээрими жок, жүрөгү жок жакындарың
Түк аяшпайт кебетеңди кансыраган.
Сен алардын кечирбеген душманындай
Күлүп туруп какшыкташат – тили жылан,
Кубанышып өч алышат – тырмап жараң.
Эй, курбу жан, ошол кезде жаш төгөсүң,
Жаның кечип өлсөм дейсиң тарып заман.
Бакытың бар ошол кезде колтуктаса,
Ал сураса колуң кысып жигит – кыраан.
Жылуу сөздүн жан эриткен кубаты бар,
Кайрат берер жашоо үчүн эсен-аман.
Көрдүм баарын, сездим баарын тирүүлүктө,
Жакшылыкты тепсеп кеткен адам жаман!

* * *

Душманды жеңүү керек желек менен,
Балбанды эңүү керек билек менен.

Ар жандын алсам деген үмүтү бар,
Эр жигит күн өткөрөт тилек менен.

Жаш бозой көңүлүңө түйүп койгун,
Сулуулар сыймыктанат белек менен.

Дүйнөнүн түбү болбойт, көзүң тойбойт,
Өмүрүң өтүп кетет керек менен.

Азапты салкын ойлоп жеңүү зарыл,
Ачуута азгырылбай, зирек менен.

Эр жигит жалгыз өзүң алсыз жансың,
Максатка жетсе болот тирек менен.

Турмушта Камбаралы көптү көрүп,
Тоготпой бороондорду жирер келем.

* * *

Бала чакта кара кетмен көп чаптым,
Мээ кайнаткан түштүгүндө аптаптын.

Ачарчылык... согуш бүтүп, эл жарды,
Эптеп-септеп эбин табат тамактын.

Курсагым ач, араң шилтеп кетменди
Чымырканып бут жылдырган арбакмын.

Келер менен, чычкан менен талашып,
Нанын жедик, барын жедик машактын.

Капысынан кайсы жерде той болсо,
Талашабыз түбүн тешип табактын.

Эгер билсем, алыс жакта нан болсо,
Түн уктабай, күн уктабай бармакмын.

Эгер кокус тойгузам деп сөз берсе,
Таң аткыча отунун да жакмакмын.

Камбаралы, куу чарыкты унутпа,
Сен унутсаң өзүң дагы акмаксың!

* * *

Жүрөгүмө бекем батып коргошун,
Капачылык кээде болду жолдошум.

Азабына чыдабастан кыйкырсам,
Эч бир жанга угулбады түк доошум.



Эң бир кыйын, эң азаптуу күндөрдө,
Терс бурулуп басып кетти жан досум.

Күлүп кетти шылдың кылып сүйгөнүм,
Кимге керек мусапырга окшошум?

Тилдеп өттү туз татышкан жакындар,
Кимге керек ээн талаада боздошум?

Бел байладым башка түшкөн тагдырга,
Кимге керек жүрөк сырым козгошум?

Камбаралы тик туруута ант берди,
Кандай азап, кандай бороон болбосун?

* * *

Кыйын болду, татаал болду жолдорум,
Азыр болду кастарлашкан жоолорум.

Жаш кезимден унутушпай досторум:
Буттан тартып ыргытышты торлорун.

Эч бир жандан сурабадым жардамды,
Эч бир адам болгону жок колдоорум.

Жардам алдым, кубат алдым өзүмдөн,
Намыстанып өз ишимди оңдодум.

Жакын достор кылчакташып турса да,
Чабуулдарда адилеттик коргодум.

Күжүлдөдүм, баш ийбедим эч качан,
Ошон үчүн тамырымдан солбодум.

Эң бир кыйын, кансыраган мезгилде,
Кыйрап жатып акыйкат деп болжодум.

Эң бир кыйын, эң азаптуу күндөрдө
Макул болбой, башымды терс толгодум.

Капа болбо, бетке айткандын заары жок,
Камбаралы сен акылдуу болбодуң?..

* * *
Сыртта бороон, ичте бороон, жол бороон,
Добул урат, кантип чыдайм, коргоном.

Айрым чакта бошоп эрким, тайсалдайм,
Кол көтөрүп, багынууну ойлоном.

Айрым чакта таппай калам айламды,
Досторум жок, жардамым жок колдогон.

Салам берсем жер карашат көптөрү,
Бар сыяктуу билгендери болжогон.

Досторуда, сүйгөнү да жан кечти,
Болду бекен мен сыяктуу окшогон?

Болду бекен мен сыяктуу күрөшүп,
Акыйкатты Дон-Кихоттой колдогон?

Мен Камбармын айткан сөздөн кайтпаган,
Эгер кайтсам – абийри жок, – кор болом.

* * *
Тагдырдын эчен өттүм сыноосунан,
Тайманбай бекем кармап жылоосунан.
Эсим ооп, көз тунарган күндөрдө да,
Наалыган сөз чыкпады түк оозуман.

Тагдырдын эчен өттүм ашуусунан,
Чокусун каптаганда калың туман.
Жашоодон үмүт үзбөй чымыркандым,
Шум ажал асылса да бет алдыман.

Бир нече болсо дагы ташым талкан,
Ажалдуу кыйроолордон аман калгам.
Биз түшкөн автомобиль кыйрап сайда,
Акылым үч күн келбей тилсиз жаткам.

Жаш денем өлүм менен жан талашкан,
Жалтанбай бел алышкан, жакалашкан.
Ажалдын тиши мокоп жеңилгенде
Кайрадан мен жаралып, көзүм ачкам.



Андан соң эки жолу колум сынып,
Күн көрдүм сөөк бүткүчөң араң жылып,
Жүрөгүң, асыл башың эсен болсо,
Акыры баарын жеңет аманчылык.

Турмушта канча болду кыйроолорум,
Аябай жан кейиткен сыноолорум.
Түшүнсөң жамандыксыз жакшылык жок,
Пайдасы тийдиби дейм ошолордун.

* * *
Эр жигиттин өмүрүндө жамгыр бар –
Чагылгандуу караан түнгө барабар.
Жалтанбастан от кармаган азамат,
Эл оозунан урматталып даңк алар.

Эр жигиттин жолун тоскон бороон бар, –
Албууттанган кыян селге барабар.
Жиреп чыккан, жеңип чыккан азамат,
Эл оозунда жомок болуп макталар.

Эр жигиттин маңдайында тагдыр бар,
Кайрат берип, өчпөс оттой жандырар.
Баарын көрүп, баарын билип түшүнгөн,
Эмнеликтен ызаландың, сен Камбар?

* * *
Мен жүрөм өжөрлөнүп өзүм өрттөп,
Мен өлсөм менден Чынар көгөрөт деп.
Жоолорум тамырына доо кетирсе,
Өсүүгө акыр бир күн үлгүрөт деп.

Мен жүрөм өзүмдү өзүм аябастан,
Баш ийбей, азабыма карабастан.
Эч качан тагдырыма өкүнбөймүн,
Азаптан оргуп чыгат улуу дастан!

Дайыма кубанамын тагдырыма
Ак жаандай себелеген ырларыма.
Мейлиге жакын достор сата берсин,
Жийиркенем жин келтирген кылыгына.

Дайыма кубанамын турмушума,
Ырымдын улам алга жылышына.
Эмне үчүн жер караймын, өкүнөмүн,
Жан саткан жаман достун кылмышына!

## УЗУН ТҮНДӨГҮ ОЙЛОР

### 1

Кээде мен канат байлап учкум келет
Ай чапчып, андан өтүп күн жетелеп.
Ич күйүп, ызаланып душмандарым,
Жүрүшсө, ичтен күйүп жер тепкилеп.

Кээде мен аппак балык болгум келет,
Терендеп, сүзө берген көлгө эркелеп,
Жоолорум кайырмактап кармай албай,
Жүрүшсө андан-мындан амал издеп.

Кээде мен жапжаш жигит болгум келет,
Энеси өзү өппөгөн кызга эркелеп.
Чачымды буурул тарткан, эмне кылам
Уялып, өлгүм келет жер тепкилеп.

Кээде мен там-туң бөбөк болгум келет,
Күн сайын ата-энеме миң эркелеп.
...Жөөлүбө, атаң кайда, апаң кайда,
Кур бекер жанды кыйноо, кимге керек?

Кээде мен кара кулуң болгум келет,
Асыл жар, жалгыз гана сага эркелеп.
...Ишенбе, мунун баары жөөлүгөндүк,
Кезиксең күн күйөт да, жер титиреп!

### 2

Узун түн: узун түндө ойлор узун,
(Бул кезде сени кимдер карап турсун.)
Жүгүмдүн оордугунан бел ийилет,
Адил дос, ишенбесең кудай урсун!

Кыйналып тыбырчылап чарк айланам,
Суроомун ар бирине миң байланам.
Кат таанып калганыма өкүнөмүн:
Тынч уктап жүрбөс белем болсом багбан.



Бак эксем, көрктөндүрсөм, көкөлөтсөм,
Ар бирин өз баламдай сүйүп өпсөм.
Элиме менин пайдам арбын болмок,
Сын жазбай, ыр да жазбай, өтүк тиксем.

Жасаган дүйүм тамак ашпоз болсом...
Кең жайып адамдарга ак дасторкон.
Коркомун, тузун ачуу кылып койсом,
Ойлоном «Уят болом, уят болом».

Болсомчу эгер кокус суугa мурап
Ат минип, жер силкинтип мурут бурап.
Кетсечи кокусунан суулар агып,
Шылдыңдап элдер турса мени карап.

Кокустан чабан болсом койлор баккан,
Жүзүнөн жүз элүү беш козу тапкан,
Жаркылдап көкүрөккө орден таккан.

Ой тобо, анын баары улуу түйшүк,
Көргөнмүн алар менен бирге жүрүп.
Кышында, жайында да уйкусу жок,
Чабандар-азаматтар, тулпар күлүк.

Эй, Камбар! Куру сөздөр кимге керек,
Өлкөмдө ар бир кесип ыйык делет.
Чабан бол, жумушчу бол, жазуучу бол,
Мекенге адил кызмат – улуу милдет.

### 3

Кыялдансам токсон тогуз жаштамын,
Эчен кырлар, эчен белес ашкамын.
Ойлоп көрсөм бөбөк элем кечээ эле,
Түшүнбөймүн мезгилимдин шашканын!

Кыялдансам азыркыдан башкамын,
Көптү көрүп көсөм болгом, кашкамын.
Кылчактасам студентмин жулунган,
Теңсинбеген бир өзүмдөн башканын!

Кыялдансам күчкө толгон жигитмин,
Май чучугун жара чапкан жиликтин.
Ойлоп көрсөм эчен жылдар өткөрдүм,
Оту сымак бүлбүл күйгөн биликтин.

Кыялдансам Пушкин менен бир жүрөм,
Ууга чыгып, балык кармайм, күлдүрөм.
Ойлоп көрсөм күн өткөргөн бирөөмүн,
Аба жутуп, айлык алып күн көргөн.

Кыялдансам кыйла жандан жакшымын,
Калемпирдей өрттөп кетет какшыгым.
Ойлоп көрсөм көзгө толор ишим жок,
Эл кубанып арнай турган алкышын!

## 4

Канча тилек, канча максат аткарылбай,
Кол жетерде быт-чыт болуп майтарылдай.
Үмүттөрүм из жашырып кайып болду,
Мен кубалап, калган кезде тай чабымдай.

Үмүт чиркин карматпаган закымдайсың,
Улам узап, улам кээде жакындайсың.
Түштү көрүп, көзүм ачсам таппай калам,
Бир үйлөсө учуп кеткен каакымдайсың!

Үмүт чиркин кум чөлдөгү закымдайсың,
Кыялында колуң жетип такымдайсың.
Кыт-кыт күлүп жаш сулуудай алдап кетет,
Анан кантип, сага кийин жакындайсың!

Пендемин да кайра сага алданамын,
Кулуң болуп, кур бекерге жалданамын.
Жүрөгүмдө оту өчпөгөн өзүң барда,
Адам жеткис алыс жолго мен барамын.

## 5

Кээде мен капа болом зээним кейип,
Өзүмө сын тагамын катуу тийип.
Жемелейм: «Жеңил-желпи күн көрмөксүң,
Жөн жүрсөң, басмырт жүрсөң башың ийип».

Кээде мен акыл менен токтолсом дейм,
Томого бек тартылган куш болсом дейм,
Кекилик тоо боорунда сайрап турса,
Кол салбай, «көзүм көрбөй» оңолсом дейм.

Кээде мен болсом деймин алсыз коён,
Күн көрүп, эптеп башын коргологон.



Ошондо көрүнгөнгө жагар белем,
Жан болуп бир бечара жоргологон.

Кээде мен болсом деймин түлкү тапан,
Адамдын айттырбастан оюн тапкан.
Жашырып баскан изин, былыктарын,
Жылмаңдап кастарына досун саткан.

Кээде мен болсом деймин койдой момун,
Байланган кыш кезекке семиз согум.
Бирөөлөр союп жешип күпүлдөмөк,
Сыйлашып бирин-бири, тийип сообум!

Кээде мен болсом деймин момун торпок,
Ээсине көз каранды, жеткен коркок.
Ар дайым моюн сунган, мөңкүбөстөн,
Башка уруп минсе дагы күндө кордоп.

Көк бөрү түк болалбайт коён сындуу,
Кыраан куш түк болалбайт жору шордуу.
Баарына көзүм жетет: эмне кылам,
Жүрөгүм туйлап турса козголоңдуу...

* * *

Бут денем уктасам да дүр-дүр этет,
Ойгонсом уйкум качып, уйкум кетет.
Кайыгам кыжалаттык кара терде,
Кыялга сансыз-сансыз ойлор келет.

Кыялга сансыз-сансыз ойлор келет,
Жүрөгүм күлүк аттай элеп-желеп.
Тирешип акыл-сезим кармашышат,
Ортодо арачылайм: кими жеңет?

Ортодо арачылайм: кими жеңет?
Кыйкырып кылым ашып ойлор желет.
Бир күнү жеңилемин жер өмгөктөп,
Бир күнү колдо жүрөт кызыл желек.

Бир күнү колдо жүрөт кызыл желек,
Баатырдай алчактаймын асман тиреп.
Кол чапкан, дүркүрөгөн алкыш угам,
Акынга андан башка эмне керек?

Акынга андан башка эмне керек?
Ар дайым жүрөгүндө асыл тилек.
Анткени акын өлсө, өсүп чыгат,
Аппак гүл мүрзөсүнөн ташты тиреп.

## БАЛА КЕЗДЕ

Бала кезде ачарчылык айынан,
Чөп жегенбиз, кайдан болсун аппак нан.
Ошол күнү ар бир үйдө той эле,
Очогунда бышып жатса катырмаң.

Бала кезде берем десе жарты нан,
Чуркар элек жан талашып артынан.
Биздин балдар нан тебелеп, нан жешпейт,
Эмне себеп? Көпкөндүктүн дартынан.

Жерде жатса, убал болуп бөлкө нан,
Караңгылайт жарык менин заманам.
Унуттукпу кечээ кийген чокойду,
Эсирдикпи тез убакта биз, наадан?

## ТИЛЕК

Элдин баары бүт адилет болсочу,
Көңүл жайнап көкүрөгүм толсочу?
Баш тартамын кереги жок сыйлыктын,
Мен бир жанмын түйшүк тарткан жолоочу.

Элдин баары самагандай болсочу,
Көрө албастык кытмырлыгын койсочу,
Чындык сөзүм: кереги жок ордендин,
Мен боломун азап тарткан жолоочу.

## АРМАН ЫР

Адамдын кыска өмүрү,
Асмандан учкан жылдыздай.
Арымын коёр болсочу.
Аркандап бекем жылгызбай.

Жаш кезим кайда, билбеймин,
Алсызмын, көңүл кирдеймин.



Мезгилди кармап турбаган,
Табийгат сени тилдеймин.

Кечээги жүргөн күн кайда,
Керемет укмуш түн кайда?
Арттагы жылдар элестеп,
Жүрөгүм күйөт кайгыда.

Кыр-кырдан терген мандалак,
Көпөлөк көрсөк кубалап,
«Фашистти» жеңген ураалап.
Кайдасың, аттиң бала чак!

Өнөрүң күчөп тетилип,
Өспүрүм жашка жетилип.
Кайдасың жылдар эркелик,
Махабат башка туш келип?

Шаңшыган жаштык жылдарым –
Унуткус бурак, гүлзарым.
Жомоктой болуп угулат,
Өзүңө жазган ырларым!

Керемет сулуу сен кайда,
Керилген жигит мен кайда?
Кезиккен сайын үшкүрүп,
Кеп салсак андан не пайда?

Артымда калган өмүрүм,
Асылсам келбейт көрүндүң.
Арманым күчөп, арманым
Кабыргам бошоп сөгүлдүм.
Баратсам элүү жакалап,
Алтымыш турат акмалап.
Көрүнбөй качып жөнөйүн,
Ким калат аяп калкалап?

## АЗЫРКЫ ТЕРМЕ

Өмүрдөн кызык эмне бар,
Түшүнбөйт айрым адамдар.
Көрктөнүп турса сезбейбиз,
Көк асман, жашыл талаалар.

Өмүрдөн кызык эмне бар.
Түшүнбөйт айрым адамдар.
Ченемсиз таалай эмеспи,
Сайраган таңда булбулдар.

Өмүрдөн кызык эмне бар,
Түшүнбөйт айрым адамдар.
Жылдызды көрүү чоң ырыс,
Өз көзүң менен ар сапар.

Өмүрдөн кызык эмне бар,
Түшүнбөйт айрым адамдар.
Төбөңдөн жарык күн тийип,
Тоо суусу туйлап, акса шар.

Өмүрдөн кызык эмне бар,
Түшүнбөйт айрым адамдар.
Дүйнө деп жанын сатышат,
Оозурун көрбөй кубантар.

Өмүрдөн кызык эмне бар,
Түшүнбөйт айрым адамдар.
Кара нан чайнап, суу жутуу,
Билгенге таалай миң катар.

Өмүрдөн кызык эмне бар,
Таппадым ага барабар.
Өмүрү өтсө жалындап,
Чын акын жазган ыр калар.

* * *

Түбү жаман куулук менен шумдуктун,
Өмүрүмдө тууралыкты бек туттум.
Кимдир бирөө капа кылса кокустан,
Эртесинде кек санабай унуттум.

Ак сүйлөдүм турса дагы жер тарып,
Досторума жүрөгүмдү аңтарып.
Душмандарым согуп жатса жашырын,
Тоголок кат түк жазбадым кол барып.

Котур ташты жашырбадым койнума,
Мултулдөтпөй ачык айттым дайыма.
Ошон үчүн жүзүм менин жапжарык,
Кол алышкан тааныштардын баарына!



**Б...ке**

Сен уулумсуң – чоочун болдуң, ысмың башка,
Батынбайбыз биз экөөбүз жакындашка.
Катаал тагдыр ажыратып, кас кылганда
Эми гана чыккан элең тогуз жашка.

Андан кийин бир баспадык жетелешип,
Сыр айтышып, атам дешип, балам дешип.
Кур бекерге ызаланып сен жүрөсүң,
Болсоң керек өзүң дагы мендей тежик.

Эрке жаным, биз жүрөбүз амандашпай.
Эл көзүнчө баш ийкешип саламдашпай.
Мына бүгүн эр жетилдиң, жигит болдуң,
Өзүң чечкин, үгүт айтпайм андай-мындай.

Кымбат уулум, балдарымдын эң тунусуң.
Көтөрө бил Ата Журттун ыйык туусун.
Ажыратып, экөөбүздү чоочун кылган
Тайгак ашуу, кыш бороондуу тагдыр курсун!..

## БҮТПӨГӨН ЫР

Күз да келди... Күйүттөрүм козголду,
Бүт айланам сары боёк, жалбырак.
Жаз менен жай артта калды... Не болду?
Кыш жакада... Күтүп турам калтырап...

Жаз жакшыбы, күз жакшыбы, табышмак...
Табигаттын байлыгына таң калам.
Жаз келгенде үмүттөрүм жаркырап,
Күз келгенде басмырт тартса не кылам?

Жай жакшыбы, кыш жакшыбы? Табышмак...
Табигаттын молдугуна ием баш.
Жай келгенде кубат толуп, жан жыргап,
Кыш келгенде көңүл чөгүп, көңүл таш...

* * *

Күн чыкса тоодон кызарып
Күйүтүм кетет узарып.
Кармашкым келет күн менен,
Күүлөнүп учуп мен барып.

Ай чыкса тоодон кызарып
Азабым кайнайт узарып.
Айтышкым келет ай менен,
Шаңкылдап учуп мен барып.

## ЖААН АЛДЫНДАГЫ ТАБИЙГАТ

Жаздын жыты буруксуп,
Жамгыр төгүп ийчүүдөй.
Кара булут удургуп,
Капкараңгы кирчүүдөй.

Асмандагы боз торгой,
Кабар берген жарчыдай.
Канаттары козголбой,
Ордунда катып калчудай.

* * *

Жаш кезимден душман күтүп кармаштым,
Тартынбастан алкымына жармаштым.
Душмандарым кээде мени мөгдөтүп,
Кези келсе мен аларды аксаттым.

Достор күттүм, ак пейилден сырдаштым,
Эртели-кеч катарлашып бир бастым.
Кыйын кезде азабыңа тик туруп,
Кубанчыңда маңдай жарып сырдаштым.

Душмандарым амалдуураак болсо да
Эч бир жолу арт жагымдан сайбады.
Жан досторум күлүп-жайнап бир туруп,
Байкаттырбай дал артымдан жайлады.

* * *

Өмүр сонун – ысык-суук аралаш,
Бирде күлсөң, агат бирде көздөн жаш.
Үмүт менен күн өткөнүн билбейсиң.
Кана эмесе, кайда калды өткөн жаз?!

Өмүр сонун – жалтанчакта каары бар,
(Бул турмушта ачуу-таттуу баары бар).
Бош адамга уудан жаман заары бар,
Алсыз жандан жер мөгдөшүп жабыгар.



Өмүр сонун – түгөнбөгөн даамы бар,
Бороону бар, добулу бар, жааны бар.
Бул турмушту сыймык менен өткөрөт
Азаматтар жүрөгүндө жалы бар.

* * *

Бүгүн мен отуз үч жашка толдум,
Тең жарып агымын татаал жолдун.
Кылчайсам жылдарга күбө болдум,
Артында из калтырган албуут толкун.

Билбеймин, алдымда нелер күтөт,
Билгеним кармашууда өмүр өтөт.
Чалдырсам тагдырым мүңкүрөтөт,
Жарк этсе Нарындай күркүрөтөт.

*1969-жыл.*

## АСЫЛ КУРБУМ

Кеч түшүндүм татаал турмуш сырларын,
Ашкан кезде отуз жаштын кыр жагын.
Ошон үчүн асыл курбум тыңдагын,
Мен кетирген каталарды кылбагын.

Асыл курбум турмуш татаал түшүнсөң,
Кадам сайын жаза бассаң азгырат.
Башың ийип, жер өмгөктөп жүгүнсөң,
Аяп койбой шылдың кылып каткырат.

Татаал турмуш ызаласа, каткырса
Бел байлагын, моюн сунуп алдырба.
Эгер кокус эркелетип жактырса,
Дардалактап капилеттен чалдырба.

* * *

Болгон эмес бала чактык сүрөттөрүм,
Болгон менин уйгу-туйгу үмүттөрүм.
Согуштагы агалардын жолун карап,
Жайы-кышы сабырым суз күн көргөнмүн.

Болгон эмес бала чактык сүрөттөрүм,
Болгон менин кар күрөгөн күрөктөрүм.

Ушул күнгө көз алдымда – улуу карлап,
Бел майышып өзүм жыйган үймөктөрүм.

Болгон эмес бала чакта сүрөттөрүм,
Болгон менин жүрөгүмдө күйүттөрүм.
Борошолуу жамгыр түнү ат үстүндө,
Жалгыз баккам колхозумдун күлүктөрүн.

Болгон эмес бала чакта сүрөттөрүм,
Болгон менин жылуу саман ыйык төрүм.
Каруу жокто кол карышып, жан карарып
Чалдар менен канча чөптү үймөктөдүм.

Болгон эмес бала чакта сүрөттөрүм,
Болгон менин котур баскан билектерим.
Курсак ачып, кыш айында эңсөөчүмүн
Аравандын эрте бышкан өрүктөрүн.

Эгер болсо бала чактык сүрөттөрүм,
Даана жетмек балдарыма насаат сөзүм.
Ишенишпей өздөрүнө – көздөрүнө,
Ойлор беле турмуш баркын – жетпейт көзүм.

* * *

Эр жигит болуу керек бир калыпта,
Башына бакыт конгон жакшылыкта.
Эси жок өз атасын эстеп койбойт,
Кокустан кичинекей ырыс тапса.

Эр жигит болуу керек бир калыпта,
Түн түшүп, бел майышкан жамандыкта.
Шордуу жан атын таппай куруп калат,
Кокустан кыл – кыпындай түйшүк тартса.

Эр жигит болуу керек бир калыпта,
Көк тиреп жакшылыкта, жамандыкта.
Ар дайым болуу керек табылгыдай,
Сезбеген курч мүйүздүү кылыч чапса!

* * *

Бул дүйнөдө төрөлгөн соң бир ирет,
Жашоо керек жалтанбастан бой тиреп.
Кастарыңды калтыратсаң, үркүтсөң,
Эр жигитке андан башка не керек?



Бул дүйнөгө келген болсоң бир ирет,
Сулуу сүйүп, баркын билип эркелеп.
Өмүрүңдө сен армансыз өтсүң,
Эр жигитке андан башка не керек?

Бул дүйнөгө келген болсоң бир ирет,
Элин сүйгүн, тилин сүйгүн титиреп.
Өлсөң дагы арманы жок өтсүң,
Эр жигитке андан башка не керек?

Жаралган соң бул турмушта бир ирет,
Бекем болгун сен достукка жан үрөп.
Досторуңду кыйын кезде таштаба,
Эгер болсоң эр азамат, эр жүрөк.

## БҮБҮСАРАНЫН АРМАНЫ

Саламат кой, табийгатым, эсен койгун,
Мен турмуштун молдугуна түк тойбоймун.
Жакшы көрдүм, жаман көрдүм, баарын көрдүм,
Өлгүм келбейт! О тагдырым, сен колдогун.

Элүү жетпей мен кыйылып кетип барам,
Муну ойлосом жүрөгүмдө күйүт жарам.
Өч алгыдай мен тагдырга эмне жаздым,
Айткылачы, жашырбастан барбы жалаам?

Жетим өстүм, ара жолдо калганым жок,
Окуп өстүм Ленин шаарда арманым жок.
Ак перидей эл алдында бийлеп жүрдүм,
Дүркүрөтүп кол чабышты, жалганым жок.

Алдым орден, алдым атак, баары жетет,
Кыргыз элим баркым билип эркелетет.
Кереги жок орденимдин, атагыңдын
Бүгүн мага күндү көрүп жашоо керек!

Сүйдү мени, мен да сүйдүм жашырбаймын,
Даңкым да бар, көркүм да бар ашырбаймын.
Кереги жок сүйүүнүн да, башканын да,
Жашоо керек! Ошон үчүн жабыркаймын.

Жашасам дейм кетмен чабып, орок оруп,
Бала кездей таранчы кууп, тaруу коруп.
Казар элем колум менен жердин түбүн
Табийгатым белек кылса, эсен-соолук.

Жашасам дейм кыш чилдеде малды багып,
Малчыларга жаным үрөп, отун жагып.
Бүбүшүм деп жыттап койсо кара койчу,
Мен ошону сүйөр элем жаным кагып.

Бирок ажал аяп койбой көргө тартат,
Оорум күчөп, жаным кейип, жан карартат.
Жакын достор, кош болгула, эстегиле,
Бүбүсара арман менен өлүп барат!

## АБИНИН ЭСТЕЛИГИНЕ

Бармактайдан жетелешип бир өскөн,
Тең жарышып, теңтайлашып күрөшкөн.
Жан курбумду соруп кетти гөрүстөн,
Жолукканда кучакташып көрүшкөн.

Жүзү жарык, бала кыял жан досум –
Пейли кенен, асыл мүнөз коргошун.
Аябаган гүлдөп турган жигитти,
Кара мүртөз шум ажалың оңбосун.

Кечээ гана жолукканбыз беттешип,
Отурганбыз оюн куруп тиктешип.
Өлүм эмес өксүү деген ойдо жок,
Кадырлашып: «Кана курбум, ич» дешип.

Адам жаны ушунчалык морт беле,
Жалп учкандай шамал тийсе тим эле.
Ким ойлоптур азилдешип отуруп,
Жан курбума жакындайт деп бул балээ?

Кайран курбум, катарлашым, теңтушум,
Айлымдагы кыраан кушум, шер кушум.
Топурагың торко болсун жай жаткын,
Күйүп турам өрттөнгөндөй турмушум!



## УРУМГА

Ишенбейм өткөнүнө Урумдун,
Колтукташып катар жүргөн курбумдун.
Өмүр жайнап, акыл толгон кезинде,
Эмнеликтен асыл курбум чуу кылдың?..

Катар баскан кара тулпар дулдулум,
Пейли таза, пейли сонун чын курбум.
Төөдөй болуп, бел майышып мен чөктүм.
Ишенбеймин, не жоругуң, не мунуң?..

Жаман кабар жанга батып, жаш төктүм,
Жаным курбум, капилеттен неге өчтүң?
Адам жаны ушунчалык морт беле,
Өмүр чиркин жамгыр беле бир өткүн?..

Курбум десе жанын сабап тик турган,
Айткан сөзгө азаматтай бек турган.
Арабыздан жулуп кетти, мерезби,
Таш боор ажал – жүзү кара, ит урган!

Хирург элең адам жанын коргогон,
Бели сынса, буту сынса оңдогон.
Канча киши сага түшкөн азаптуу,
Жоктур деймин сага ыраазы болбогон?..

Мен да жаткам өз колуңда, доктурум,
Капысынан калтыс сынып оң колум.
Тике туруп, өзүң досум оңдодуң,
Бул турмушта бар экен да ак жолум.

## КАЛЫЙМАНЫН КҮЙҮТ ЫРЫ

Асыл жаным, сүйгөн жарым Урумум,
Сени таппай, сени жоктоп курурмун.
Эске түшсө эчен сонун жоругуң,
Ач бөрүдөй боз талаада улурмун!

Көз ачарым, көңүл сүйгөн арстаным,
Бала кезден жетелешип басканым.
Ара жолго таштап кеттиң аябай,
Эмне кылдым, барбы менин жазганым.

Ала-Тоодой шаңдуу бийик аскарым,
Кыз кезимде колуң кармап тапканым.
Өлдү десе өлгүм келет муунуп,
Күйүп барат отко айланып бүт жаным!

Башчысы элең, бактысы элең үйүмдүн,
Өзүң элең туптунугу сүйүүмдүн!
Капысынан караанындан айрылып,
Канаты жок ак кептердей бүгүлдүм.

Боздоп турат өзүң сүйгөн балдарың,
Шолоктошот, кимге айтышат арманын.
Ойноп-күлүп, санаа тартпай жүргөнбүз,
Ким билиптир бул турмуштун жалганын?..

Ыйлап турат туугандарың, досторуң,
Кары атакең, уялаштар, бир бооруң.
Айрылат деп ким ойлоптур шумкардан
Канат күүлөп учуп жүргөн, о, шорум!

Асыл жаным, сүйгөн жарым УРУМУМ,
Сени таппай, сени жоктоп куурурмун.
Эске түшсө эчен сонун жоругуң,
Ач бөрүдөй боз талаада улурмун!

## ДОСТОРУМ БАР

Досторум бар пейли таза, жапжарык
Сырлар айткан жүрөктөрүн аңтарып.
Биздин тилек дайым болду калыстык,
Турса дагы жер айланып, жер тарып.

Досторум бар акыйкатты түз айткан,
Сыр чечишип, көз ирмебей таң аткан.
Мен алардын ден соолугун тилеймин,
Жамандыктан сактай көргүн жараткан.

Эсендикте ойноп күлсүн досторум,
Келечеги кең ачылып сопсонун.
Кол кармашып, бирге жүрүп жеңели,
Бул турмуштун эчен кыйын бороонун.

Оорубасын, тирүү жүрсүн досторум,
Жалбырттатып жыргал турмуш отторун.



Тирүү кезде жүзү жарык жашайлы,
Баалай билип замананын күн доорун.

Көңүлүм тынч эсен кезде досторум,
Жалтанбаймын, жанып турган оттоймун.
Курбуларым тирек болуп турушса,
Ажыдаардын айбатынан коркпоймун.

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КАРНАВАЛ

*1984-жылга*

Жаңы жылда кар лапылдап асмандан,
Элдер чыкты сырт тарапка шашкандан.
Көңүл кирдеп, үйдө кантип отурат,
Мындай чакта кандай адам, кандай жан?

Жаңы жылда кар лапылдап асмандан,
Кубанычта көңүл толкуйт баскандан.
Жаштар бийлеп, жаштар ырдап көчөдө,
Борбор шаарда билинбеди аткан таң.

Жаңы жылда шапар тепти зор шаарым
Кубандырып чоң-кичүүнү бүт баарын.
Бейтаанышттар бирин-бири кучактайт,
Көргөн өңдүү сүйгөн жарын, тууганын.

Жаңы жылда каалай турган сөзүм бар:
Дайым болсун журт сүйүнткөн аппак кар.
Чана тепсин, коньки тепсин жаш балдар,
Аппак кардай таза болсун, адамдар.

Күчөй берсин кар аралаш карнавал,
Оюн үчүн андан артык эмне бар?
Болгон эмес, эсиңерде жок чыгар,
Көптөн бери жаңы жылда мындай кар.

Күчөй берсин кар аралаш карнавал,
Карап турбай, өз бактыңды кармап кал.
Жылдар жылга кол беришкен учуру,
Ой, жигиттер, сүйгөн кызды арбап кал.

Күчөй берсин кар аралаш карнавал,
Кыйын болсоң өз энчиңди тандап ал.

Сейрек болот, мындай кездер өмүрдө,
Жаш жигиттер сүйгөнүңдү жандап кал!

Күчөй берсин кар аралаш карнавал,
Ой-санааңды жарык кылсын жааган кар.
Ушул кезде март болушат жигиттер,
Сулуу кыздар сүйгөнүңдү тандап кал!

Күчөй берсин таң аткыча аппак кар,
Жаңы жылда андан артык эмне бар?
Ата-энесин балдар сүйүп урматтап,
Берекеде жыргап жүрсүн туугандар.

Күчөй берсин таң аткычаң аппак кар,
Аппак карда казан толо марттык бар.
Үйү күйсүн, түбөлүккө оңбосун,
Бут дүйнөнү өрттөйм деген наадандар!

Күчөй берсин таң аткычаң аппак кар,
Аппак карда кубаныч бар, оюн бар.
Жаңы жылда шаттык менен өткөрөт,
Бакыт тилеп биздин Совет адамдар!

## СОГУШ УЧУРУНДАГЫ ЖЕТИМДИН ЫРЫ

Жетимдиктин күнү курсун абалар,
Күн көрөмүн тууганы жок каралар.
Эрге тийип энем кетти карабай,
Атам өлүп кан майданда көз салар.

Жетимдиктин күнүн көрдүм аябай,
Тентип жүрөм эч ким мага карабай,
Бүлүк салып ата-энемден айрыган,
Гитлер өзү ит бакса экен кудай-ай!

Жетимдиктин түрү жаман курусун,
Кийимим жок - ушул менин турушум.
Согуш ачып, гүл турмуштан айрылткан,
Гитлер шүмшүк ач бөрүдөй улусун!



## ЖЕҢИШ КҮНҮ

Бүгүн, достор, Жеңиш күнү – салтанат,
Ар бир үйдө кубангандан жаш тамат.
Берлин шаарда канат жайып Кызыл Туу,
Биздин аскер жоону жеңген талкалап.

Улуу күндүн салтанатын, урматын,
Биз билебиз кыйынчылык, кымбатын.
Төрт жыл бою жака кармап күткөнбүз,
Жетим ыйлап, бетин тытып тул катын.

Эсте турат азап күндөр, шор күндөр,
Ачкалыктан котур болгон оор күндөр.
Кара кагаз дагы кимге берет деп,
Кат ташыган почточудан ит үркөр.

Эсте турат кепе үйлөр; муздаган,
Тиш шакылдап, жан калчылдап сыздаган.
Аялдардан ач бөрүлөр жалтанбай,
Кыр дөбөдө улуп-уңшуп ырдаган.

Аталардан, агалардан кат келсе,
Эсен-соообуз азырынча биз делсе.
Айыл ичи той болгондой кубанып,
Кадимки эле жайнап турган гүлдесте!

Эсте турат ата-энемдин көз жашы,
Түштөр көрүп, түштөн коркуп укташы.
Кан майданда жүрсө катар үч уулу,
Түшүнүктүү боздоп ыйлап сыздашы.

Бүгүн, достор, Жеңиш күнү – салтанат
Сүрүбүздөн канча душман жалтанат.
Совет эли Кызыл Туулуу баратса,
Куп жарашат жорго минип ак боз ат!

Бүгүн, достор, Жеңиш күнү – салтанат,
Урматтайлы улуу күндү алкалап.
Курман болгон жоокерлерди эстейли,
Жан аябай бизди калган калкалап.

Бүгүн, достор, Жеңиш күнү – салтанат.
Анда неге ар бир үйдөн ый чыгат?
Уулун күткөн энелерди эстейли,
Үмүт үзбөй улам жүргөн жол карап.

Бүгүн, достор, Жеңиш күнү – салтанат,
Оюн-күлкү шаттык болуп ар тарап.
Келиндерди жесир болгон эстейли,
Ыйлап өткөн жаздыгыны кучактап.

Бүгүн, достор, Жеңиш күнү – салтанат,
Унутулду канча кайгы, канча дарт.
Жетимдерди боздоп жүргөн эстейли,
Түштөрүндө көз жаш төгүп аталап.

Бүгүн, достор, Жеңиш күнү – салтанат,
Ар бир үйдө кубангандан жаш тамат.
Берлин шаарда канат жайып Кызыл Туу,
Биздин аскер жоону жеңген талкалап.

## КАРГЫШ

Жаман кулак, жакшы кулак укпасын,
Жаман кабар айлыбыздан чыкпасын.
Нанга тойгон жүзү кара бир акмак,
Өмүр берип алпештеген апасын,
Бакпаймын деп бакырыптыр, каран түн!
Ошол арам түбөлүккө сыздасын
Адам эмес, айбанат да укпасын,
Бул шумдугуң айлыбыздан чыкпасын.

Дагы бирөө түк унутуп намысын,
Эл алдында, журт алдында карызын,
Өлсө атасы келбептир деп кеп уктум!
Ошондойду өмүр бою бит бассын!

Жашыргыла, башка бирөө укпасын,
Ушул кабар айлыбыздан чыкпасын.
Көпкөн аял ойлоп койбой карызын,
Жаштык кезин, сүйгөн кезин, баарысын
Таштады дейт өлө турган күйөөсүн,
Ошол бетпак мүрзөсүндө ыйласын!



## ЭРИ ӨЛГӨН БИР СУЛУУГА КӨҢҮЛ АЙТУУ

Шапар тептиң баркын билбей күйөөңдүн,
Өзүм билем салмагыны күнөөңдүн.
Арабанын алдындагы ак күчүк,
Бардык жүктү мен тартам деп күүлөндүң.

Бардык жүктү мен тартам деп күүлөндүң,
Бирди кийип, бирди чечип түрлөндүң.
«Байкуш эрим тең эмес деп өзүмө»
Элге угуза канча жолу сүйлөндүң.

Элге угуза канча жолу сүйлөндүң,
Бүркөө кылып бечеранын күндөрүн.
Жакындаса жагынам деп жаныңа,
Кабак түйдүң. Калп болсо да күлбөдүң.

Кабак түйдүң. Калп болсо да күлбөдүң,
Ууландырып уйкусу жок түндөрүн.
Ал ак көңүл башы менен жар казып,
Жакут кылды жаркылдатып үй-төрүң.

Жакут кылды жаркылдатып үй-төрүң,
Килем беле, дүйнө беле күтөрүң.
Асыл күйөөң капилеттен жол тартып,
Орундалды эңсеп жүргөн күдөрүң.

Орундалып эңсеп жүргөн күдөрүң,
Эркин калды жасалгалуу үй-төрүң.
Уга берип созолонгон ырыңды,
Жаным кейип, күйгөн күндөй түнөрдүм.

Эркин болор, жаркын болор бактыңыз
Эңсеп жүрүп жыргал күндү таптыңыз.
Кыпынчалык арбагыны сыйласаң,
Боздой бербей, ыйыңызды тартыңыз!

## ЖАМГЫР ЫРЫ

Жаз келип, жамгыр төгөт, жамгыр төгөт,
Бул жакшы! Жамгыр жааса жер көгөрөт.
Былтыры кургап калган боз талаалар,
Кайрадан көрккө кирип, түшүм өнөт.

Бул жакшы, колхозчулар кубанышып,
Чөп оруп, малын багат туу алышып.
Пахтасы, кызылчасы жайнап өсүп,
Дыйкандар таруу, буудай сугарышып.

Бул жакшы! Жамгыр жааса, суулар ташып,
Адамдар бирин-бири куттуктташып,
Бөбөктөр жыланайлак чуркап жүрөт,
Чуулдап, кубанычтуу чалчык басып.

Бул жакшы! Жамгыр жааса, мен кубанам,
Ыр жанып чагылгандай улам-улам.
Добулдун кубатынан шыгым жанып,
Шаарымды терезеден карап турам!

## АППАК ӨРҮК

Аппак өрүк, гүлдүү өрүк, көрктүү өрүк,
Койду экен ак чачыңды кимдер өрүп?
Гүлдөгөндө туйлатасың, толкутасың,
Түшкө кирсең кубанамын сени көрүп!

Аппак өрүк, калың өрүк – өрүкзарым.
Жүрөгүмө мынча жакын сенин дарың.
Жаш кезимде бутагыңда сайрап турган,
Кайда сенин үнү сонун булбулдарың?

Аппак өрүк – көңүл ачып жаткан жайым,
Бак-таалайга кучагыңда баткан жайым.
Эсеби жок канча түндөр артта калды,
Тана койбос асмандагы тийген айым!

Аппак өрүк – көз уялткан акактайым,
Азыр дагы самап жүрөм сени дайым.
Чач агарды, жан карарды, баары болду,
Эсимдесиң, элесиңди унутпаймын!

## ҮЧ ЫР

1

Грузиндин сулуу кыздарын,
Көргөндө жүрөк сезгенди.
Бирөөсүн сүйүп, артынан
Териэл болуп кетсемби?



Грузиндин сулуу кыздарын,
Көргөндө көңүл эштенди,
Русико сенин дартыңан,
Автандил болуп кетсемби?

2

Кыздары мынча сулуу грузиндин,
Ипичке сабагындай жүзүмдүн.
Карай берип жоосу кетти көзүмдүн,
Карай берип түңүлдүм да, үзүлдүм.

3

Бул кыздар – кыздар эмес, жүзүмбү,
Болбосо өңүм эмес, түшүмбү?
От жанып көздөрүнөн нурун чачкан
Ой тобо, алып салды үшүмдү.

* * *

Жаш жигит, сулуу кызга сен ыктапсың,
Жалбарып, жаның төшөп кучактапсың.
Бир карап көзүм тойду өзүңөргө,
Силердей теңдеш жаштар бакыт тапсын!

Жаш жигит, сулуу кызга сен ыктапсың,
Ар дайым жыргал менен таңың атсын!
Сулуунун азабы бар, күйүтү бар,
Сак болгун, уулуу тикен карматпасын!

Жаш жигит, сулуу кызга сен ыктапсың,
Көрктөнүп, көңүл куунак жаркылдапсың.
Сулуунун тил астында тили болот,
Көрүнө буйтап кетет, куруп калсын!

Жаш жигит, сулуу кызга сен ыктапсың,
Баалай бил, тунук сезим дат баспасын.
Сүйүүнүн азап жолун бөгөп өтсөң,
Ошондо арманың жок азаматсың!

## ЧЫНБАЙДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Капкара көз кызын көрүп Чынбайдын,
Карысам да көңүл түшүп чырмалдым.
Жаш кезимде өзүм келбей Чынбайга,
Таалайыма, тагдырыма не кылдым?

Капкара көз кызын көрүп Чынбайдын,
Жүрөк ооруп, үшкүрүндүм, кыйналдым.
Буурул чачым күбө болуп жашыма,
Сөз айталбай тынып ичтен чайналдым.

## АКТАМАК

Сулуулардын периштеси Актамак,
Куп жарашат жалгыз бассаң чалкалап.
Сыймыгысың борборумдун, шаарымдын,
Арт жагыңдан дайым калат эл карап.

Тик караштан ак жүзүңдөн жалтанам,
Билгизбестен көп ээрчиймин артыңан.
Салам айтып, сүйлөшсөм дейм – тартынам,
О, кантейин, жүрөгүм бар жалкыган...

Көргүм келет көркөмү артык түрүңдү,
Уксам деймин укмуш сенин үнүңдү.
Карабайсың ээрчип жүрсөм артыңдан,
Караңгылап жарык турган күнүмдү!

Кайраттанып тике чыгып жолуңдан,
Кармасам дейм аппак билек колуңдан.
Күлүп койсоң маңдайымда Актамак,
Айыкмакмын жүрөк эзген оорумдан!

## КАРАГАТ КӨЗҮҢ МӨЛТҮРӨП...

Карагат көзүң мөлтүрөп,
Кантейин жаным күйгүзөт...
Керемет келин Актамак,
Кимдерге мойнун сүйгүзөт?...

Кебете – жүзүн үлбүрөп,
Карегиң сонун көрүнөт.
Тик карап мага жылмайсаң,
Жүрөгүм теңге бөлүнөт.

Тоготпой неге күлөсүң,
Томсоруп неге жүрөсүң?
Тоготпой мени койгудай,
Тотукуш беле сен өзүң?



Жүрө бер такыр тоготпой,
Жаныңа жакын жолотпой.
Ырахмат сага, ырахмат,
Мүнөзүң үчүн болоттой...

Карагат көзүң мөлтүрөп,
Кантейин жаным күйгүзөт.
Керемет келин Актамак,
Кимдерге мойнун сүйгүзөт?...

## КЫЯЛ

Сулуу толгон Ак сарайдын көркүн ачкан,
Күлүмсүрөп катар басып сыр алышкан,
Ак кайыңдай бели тутам кыналышып,
Атаандашып люстра менен көрк талашкан,..
Андан ашып эркектерге нурун чачкан,
Булар баары жаралгандай асыл таштан,
Жомоктогу ай перидей жаркылдашкан,
Эркектердин жаш-карысы жүгүнүшөт,
Жагынышып илбериңки болуп чапчаң...

Жалгыз гана өзүм жүрдүм көзүм жоктой,
Бейтааныштай, текеберлүү жан тоготпой.
Сулуулардын эч бирөөсүн жандап койбой,
Бекеринен калжың-кулжуң сөз коротпой.
Четте жүрдүм короодогу чоочун койдой,
Сабырым суз ак дилимде өзүң ойлой,
Арасында жок экенсиң Лалаханым,
Үйгө кайттым көңүл кирдеп, көңүл тойбой...

## СЕН КИМСИҢ...

Капыс салган жүрөгүмө дүрбөлөң,
Көптөн берди добул-толкун жүрбөгөн,
Жаркылдаган жаз күнүндөй сен кимсиң,
Кумарымды кусалантып үндөгөн?...

Капыс салган көңүлүмө козголоң,–
Эчен жылдар кыш чилдедей муз тоңгон,
Жүзүң жарык, көзүң сонун сен кимсиң,
Аял заттын перисине окшогон?...

Күлкүң сонун – күлгөнүңдө кашкайып,
Толкуп кетем тийген өңдүү ан жарык...
Жүрөк отум жалындаткан сен кимсиң,
Тик карабай жалтанамын апкаарып...

Өзүн көрүп өчкөн отум тутанды,
Араң жеңип кыйын кезең – татаалды...
Жарашыктуу тоту куштай сен кимсиң,
Махабатым жанар тоодой от алды?...

Багындырдың – багынбаска эрким жок,
Уктап жаткан сезимимди бүт козгоп.
Көз алдымда жайнап турган сен кимсиң,
Маңдайдагы Чолпон жылдыз сен окшоп?...

## ЭМНЕЛИКТЕН ТОГОТПОДУҢ?

Ашык болдум биринчи ирет – көрөр замат,
Жүрөгүмө жалын чачтың – от махабат.
Арман кылдым кебетеңди карап туруп,
Көрбөгөнгө мурда сени атаганат!

Күлүп койсоң бүт айланам жарык болду,
Көзүң сүзсөң – өмүрүмө бакыт толду.
Билсең дагы сүйгөнүмдү теңсинбестен,
Тоготподуң кармап койбой сунган колду.

Таарынбадым, такыр сага таарынбадым,
Махабатым улам күчөп жалындадым.
Сүйгөндүгүм ушунчалык терең беле,
Өңүм эмес, түштөрүмдө жаным алдың...

Жылдар өттү, махабатым эскирбеди,
Жүрөгүмдүн түнөгүнө кеч кирбеди.
Элүү жаштан өтсөм дагы, үмүт үзбөйм,
Мен кантейин, тагдыр сага жеткирбеди!

Мен чыдадым азабына узак жолдун,
Өзүң сүйүп, көз алдыңда карып болдум.
Ушунчалык жаным төшөп, жалынсам да,
Актамагым эмнеликтен тоготподуң?...



## АРМАН ЫР

Өзүңдү көп ойлоном төшөгүмдө,
Махабат ашып-ташып жүрөгүмдө.
Арманым бул дүйнөдө болбос эле,
Сен болсоң кучагымда түндөрүмдө.

Кубанчым – куттуу түнүм – бактым болдуң,
Жаркылдап маңдайымда күлгөнүңдө!
Ырдасаң ырың сонун, өзүң сонун,
Ар дайым болсом деймин үлпөтүңдө.

Көрбөгөм сендей сулуу өз калкымдан,
Келбети – маңдай жарык жаркылдаган.
Бүт денем коргошундай эрип кетмек,
Жыттасам басып алып алкымыңдан!

Сен неге жолукпадың кыз кезиңде,
От жагып, жалын чачып өрт сезимге.
Бактылуу баш айланып жүрөр белек,
Жалындуу махабаттын деңизинде.

Толкутат тунук күлкүң, каткырыгың,
Ансайын жан эриткен назик ырың.
Тизелеп жыгылайын аягыңа,
Алтыным түшүнсөңчү жүрөк сырым!

## ӨЗГӨЧӨМ

Өзгөчөм сулуулардын арасында,
Жаркылдап Чолпон болуп жанасыңда.
Карасам көңүл толкуп аптыгамын,
Күчөттүң жүрөгүмдүн жарасында!
Өзүңдөй эч ким жоктур, апыртпаймын,
Аялдан биздин Бишкек калаасында.
Унутпайт көргөн эркек дидарыңды,
Жашайсың ар биринин санаасында.
Кыялың кыздан сонун, күлкүң күмүш,
Эркелеп кээ бир кезде баласыңда!
Актамак ойноп-күлүп жашап жүрчү,
Сулуулук жүрөк эзген жашасында!

## СУКСУРДАЙ КӨРГӨН СУЛУУБУМ

Суксурдай көргөн сулуубум,
Сулуудан өткөн улугум.
Сукта нып жүрүп өзүңө,
Суу жетпес чөлдөй курудум.

Берметтеп таза тунугум,
Бекзада сенин тукумуң.
Издесем такыр таппаймын,
Кай жерде жашоо туругуң?

Суктантат назик сылыгың.
Өрт коёт түркүн кылыгың.
Чындыкты айтсам жашырбай,
Актамак сенин кулуңмун.

Уктасам түштө жүрөсүң
Эркелеп мага күлөсүң.
Өңүмдө неге токтотпой,
Саласың отко сен өзүң?

Суксурдай көргөн сулуубум,
Сулуудан өткөн улугум.
Суктанып жүрүп өзүңө,
Суу жетпес чөлдөй курудум.

## КЫЗДАЙ СҮЙДҮМ...

Кыздай сүйдүм кылыгыңа мас болуп,
Жаш кезимдей жалын чачып октолуп.
Сүйөсүңбү чын берилип сен мени,
Тат уйкуңдан капысынан ойгонуп?

Кыздай сүйдүм улам сага багынып,
Көзүң карап, сөзүң угуп жагынып.
Жер титиреп дүйнө кыйрап жаткансыйт,
Жатканымда бир өзүңө жалынып...

Кыздай сүйдүм эркелетип эркелеп,
Караңгыдай колуң кармап жетелеп.
Сен асылсаң так секирип мойнума,
Элестетем кыз кезиңди секелек.



Кучактасам бүткүл денем от болот,
Үнүң уксам өчпөс кумар козголот.
Көрбөй калсам карааныңды эки-үч күн,
Машакатта кайгы тартам онтолоп.

Жаркынымсың таалайыма жаралган,
Жүрөгүмө сүйүү отун жагалган.
Узун болсун, жарык болсун өмүрүң,
Ойноп-күлүп жер үстүндө жүр аман!

Оюң таза, көркүң сонун бийиксиң,
Ок жетпеген зоокадагы кийиксиң.
Мен бактылуу, арманы жок пендемин,
Кокусунан өз колума тийипсиң!

Мендей сени эч бир эркек сүйбөгөн,
Жалыныңа жаның төшөп күйбөгөн.
Ак тамагым ойноп-күлүп жүрө бер,
Көркү болуп бул турмуштун гүлдөгөн!

Кыздай сүйдүм кылыгыңа мас болуп,
Жаш кезимдей жалын чачып октолуп.
Сүйөсүңбү чын берилип сен мени,
Тат уйкуңдан капысынан ойгонуп.

## АКМАҢДАЙ

**1**

Карасам көзүң кылгырат,
Байкасам түрдүү сыр турат.
Агарган чачым жолтообу,
Ачыгын айтчы шам чырак.

Көркөмүң сонун кулпурат,
Көрүнсөң көздө – ай турат.
Көрүнбөй калсаң бир күнү,
Көңүлдө асман жер кулайт...

Жылмайсаң күлүп унчукпай,
Азабың тартам уу жутпай.
Түшүнсөң боло Акмаңдай
Айыкпас дартым курчутпай...

Эстеймин сени күн чыкпай,
Үмүтүм барда жылчыктай.
Үйүңдү коргоп жүрөмүн,
Балапан баскан чымчыктай.

Ойлоном сени ай чыкпай,
Талаада кезем тынч жатпай.
Ак маңдай жаным кашайды,
Өзүңдөн жылуу сөз укпай.

Жылмайсаң – жылдыз жангандай,
Агарып таңым аткандай.
Түнөрсөң – күнүм баткандай,
Түбөлүк сулуу Акмаңдай!

## ИЗДЕП СЕНИ ТАППАДЫМ...

Көп күн жүрдүм сен жашаган шаарыңда,
Күз айынын гүлдөп турган маалында.
Улам сурап турак жайың табалбай,
Шордуу жүрөк куйкаланды жалында.

Көчө жоктур өзүң издеп барбаган,
Көңүлүмдө толкун болуп чоң арман.
Көзгө түшпөйт периштедей карааның,
Эгер кокус табалбасам, не кылам?

Издей бердим, үмүтүмдү үзбөдүм,
Өзүң болдуң жүрөк эңсеп күткөнүм.
Шаарың күбө, баарың күбө, күн күбө,
Таппадың деп жемелешке жок жөнүң...

Не кылайын издеп сени таппадым,
Колуң кармап катарлашып баспадым.
Кейип кеттим сен жашаган шаарыңдан,
Ачалбастан махабаттын капкагын.

Айлам курду: өзүң издеп таппадым,
Канча эшикти өзүң сурап какпадым?
Өчүң бардай из жашырып табылбай,
Бекиндиңби, ушунчалык аппагым?



Өкүнөмүн, өзүң издеп таппадым,
Өппөй кеттим атыр жыттуу тамагың.
Үмүт үзбөйм, эмки жолу табармын,
Жолум кара, ошол күндү самагын...

## КЫЗЫЛДЫ КИЙСЕҢ ЖАРАШАТ...

Кызылды кийсең жарашат,
Кызыгып баары карашат.
Кыналып турсаң жанымда
Кубанып жүрөк, көңүл шат.

Жашылды кийсең жарашат,
Жактырып баары карашат.
Жамалың сенин толкутуп,
Жанымда турсаң көңүл шат.

Жашыл түс, мейли кызыл да,
Акмаңдай кийип жаркылда.
Сарыны кийген, көктү кий,
Жарашат сага баары да.

* * *

Толкундайм ширин сөзүңдөн,
Акактан тунук жүзүңдөн.
Тизелеп сенден суранам,
Өптүрүп койчу көзүңдөн.

Кызарып бетиң сүрдөйсүң,
Жомоктон уккан үрдөйсүң.
Көркөмүң сонун өзгөчө,
Таңдагы кызыл гүлдөйсүң!

Жаралган сонун түрдөйсүң,
Жанымды козгоп үндөйсүң.
Жанымда жакын отуруп,
Жаркылдап жайнап сүйлөйсүң.

Айланам назик үнүңдөн,
Жапжарык сонун күнүңдөн.
Ыраазы болом тагдырга,
Ортоктош кылсаң түнүңдөн!

Күйүткө салды азабың,
Азабым сенин – газалым.
Эркелеп койсоң кез-кезде,
Толкундап ырлар жазамын.

Жүрөктө жаткан сыр болдуң,
Атылып чыккан ыр болдуң.
Эркелеп күлүп койсоңчу,
Көңүлдө жүрсүн күү-толкун!

## ОЙЛОНОМ

Ойлосом Сизди козголом,
Жүрөгүм жанып от болом.
Акмоюн ташбоор экенсиз,
Камбарды аяп койбогон?

Эстесем толкуп козголом,
Өрттөнүп күйүп чок болом.
Жүрөктө жаткан дартымсыз,
Түшүмдө көрсөм ойгоном.

* * *

Жаркылдап көз алдымда сен турасың,
Кымча бел ак кайыңдай буралasың.
Кокустан өзүң көрүп карыганда,
Мен тарттым махабаттын убарасын.

Билбейсиң, махабаттын убарасын,
Кээ бирде кудай жалгап туу аласың.
Кээ бирде колуң жетпей, өксүп-өксүп,
Мүңкүрөп ара жолдо кур каласың.

Махабат – аял заттын көркөмүндө,
Эркектин аны даңктап өткөнүндө.
Калп эмес, жүрөк эзген дартым болдуң,
Акмаңдай өзүң эстейм узун түндө.

Махабат – аял заттын өктөмүндө,
Эркектин тизе бүгүп чөккөнүндө.
Дүйнөдө түк арманым болбос эле,
Акмаңдай алкымыңдан өпкөнүмдө!



* * *

Кирпигиң тик кадалып жүрөгүмө,
Эридим жылмайыңкы күлгөнүңө.
Мен дагы чарчабаган тулпар элем,
Өкүнөм мурда көрбөй жүргөнүмө.

Кубанамын мен өзүңдү көргөнүмө,
Суктанамын сугум түшүп күлгөнүңө.
Жан эркем уялбачы, тартынбачы,
Жалын бер махабаттын түнөгүнө.

Карасам уяласың, жер карайсың,
Жаркыным миң бир түркүн ой санайсың.
Тартынбай келчи менин кучагыма,
Мен үчүн караңгыда тийген айсың!

Жаркыным унчукпастан чач тарайсың,
Өзүңө жакындасам жалт карайсың.
Билемин жашым улуу, жолум улуу,
Шол себеп жакындасам калтырайсың...

Ыр жаздым баш жоготуп толкунданып,
Уктабай узун түнү күйүп-жанып.
Сен келчи кучагыма көзүң жумуп,
Сезели махабатты эстен таныn.

## ОЛОҢ ЧАЧ

Туягына кара чачың оролгон,
Өзүң кимсиң – өзгөчө жан чач олоң?

Сен билбейсиң, сен билбейсиң эч качан,
Бороон түнү боюм төшөп жол тоссом.

Сен укпайсың, сен укпайсың эч качан,
Караңгы түн атың атап боздосом.

Карабайсың кашың серпип таптакыр,
Баш ийип бет алдыңдан кол созсом.

Мээримиң жок – таштан беле жүрөгүң,
Аябайсың – мусапырга окшосом.

Жер кыдырып табалбадым өзүңдөй,
Эми калды сураштыруу космостон.

Сени сүйгөн эч бир жанга теңебей,
Чын казалчың Камбаралы мен болом.

## САЛАМ КАТ

Амансыңбы асыл затым Чолпонбегим,
Жүрөгүмдө жашап жүргөн жаркын келин.
Элестетсем карааныңды көз алдыма,
Жарк дей түшөт жарашыктуу көркүң сенин...

Күндөр өтөт биз экөөбүз тил табышпай,
Жүрөктөрдөн жалын чачып от жагышпай.
Чын пейилден жаным эркем сыр алышпай,
Бараткансыйт мамилебиз кыйчалыштай.

Жолукканда көз карашың кыш күнүндөй,
Кээ бир кезде суз карайсың түк үндөбөй.
Сен канчалык тоготпостон кыр салсаң да,
Таң каламын жүргөнүмө мен түңүлбөй.

Аял заттан сөөгү таза Чолпонбегим,
Кыйнадың го жалдыратып, барбы кегиң.
Үмүт үзбөй ыр түрүндө кат жибердим,
Түшүнөр деп азабымды күйгөн менин...

## ЧОЛПОНУМ

Тартынбаган жан алгычтын өзүнөн,
Жалтанбаган карышкырдын көзүнөн,
Эмнеликтен сөз табалбай жалдырайм,
Тартынгандай ай чырайлуу жүзүңөн?...

Сени сүйөм жанып турган Чолпонум,
Кантип сүйбөйм, аял болсоң соп-сонун?
Кокусунан терс бурулуп кетет деп,
Ар бир сайын кезиккенде коркомун...

Сени сүйөм, сүйбөй кантип турамын,.
Айлам барбы, сүйө турган убагым.



Эгер кокус шагым сынса, жер карайм,
Чының айтчы: анда кимге убалым?...

Сени сүйөм, сүйгөнүмдө калпым жок,
Карганбаймын, сага берер антым жок.
Ак бетиңден эркелетип өбөйүн,
Кучагымда өзүң турсаң гүлгө окшоп.

Тартынбаган жан алгычтын өзүнөн,
Жалтанбаган карышкырдын көзүнөн,
Эмнеликтен сөз табалбай жалдырайм,
Тартынгандай ай чырайлуу жүзүңөн?...

## КӨРКҮҢ СОНУН

Көркүң сонун, көркөмүңдөн өзүң сонун,
Көз карашың, күлмүңдөгөн көзүң сонун.
Бүткүл кыргыз сүйүп сени карап турат,
Сыналгыдан сен сүйлөсөң – сөзүң сонун!

Куп келишкен кымча белдүү боюң сонун,
Көргөн жанды толкундаткан мойнуң сонун.
О, асылзат көз тийбесин кебетеңе,
Сен сулуусуң, сен сыймыгы Ала Тоонун!

Үнүн жакшы улуу тоонун уларындай!
Сен ыйыксың пайгамбардын тумарындай.
Жаркын жүзүн көз алдымда жайнап турат,
Кимге айтамын аткарылбас арманымды ай!

## ЖАН ЭРКЕМ

Көрбөй калсам көкүлүмдө жүрөсүз,
Түштөрүмдө эркелейсиз, күлөсүз.
Жашырбастан айтыңызчы жан эркем,
Сиз өзүңүз кандай өмүр сүрөсүз?

Өзүм үчүн балдан ширин сөзүңүз,
Толкундатат карагаттай көзүңүз.
Кармасам дейм колуңузду күн сайын,
Сүйгөнүмдү билесизби өзүңүз?..

Жолукканда толкундаймын байкатпай,
Отурамын өзүңүзгө сөз айтпай.

Сүйлөсөңүз эң бир назик жаркылдап,
Уга берем сөзүңүздү үн катпай.

Мага кымбат жан эриткен үнүңүз,
Сиз өткөргөн күнүңүз да, түнүңүз...
Суранарым өзүңүздөн жан эркем,
Жолукканда көзүңүздү сүзүңүз...

## СУЛУУ АЯЛ ЖӨНҮНДӨ

Сулуу аял – суктандырат, күйдүрөт,
Жол каратат, өң аздырат, чөктүрөт.
Жүрөк эзген көз жашыңды төктүрөт,
Күлүп койсо, көңүлүңдү өстүрөт.
Өжөр болсоң, кыйын болсоң эр жигит,
Акырында ак тамактан өптүрөт.

Сулуу аял – атыр жыттуу, жамалдуу,
Сыйы да бар, сыр алдырбас каадалуу.
Көздөрү бар жүрөгүңө кадалуу
Сөздөрү бар куу түлкүдөй амалдуу.

Өптүрсө да бир өзүңдөн пайда алуу.
Байка Камбар тил астында тили бар,
Кегин сактайт жүрөгүндө залалдуу.

## КАЙДА ЖҮРДҮҢ?..

Кайда жүрдүң жаш кезимде жолукпай,
Карматпаган африкалык төө куштай.
Аял заттан артык өзүң жаралган,
Пери белең кол жетпеген укмуштай.

Жүрбөйт белем так төбөмө көтөрүп,
Уйку билбес узун түндөр өткөрүп.
Арманымды түштөн кийин кимге айтам,
Көздөрүңдү балбылдаган кеч көрүп.

Жүрбөйт белек акыл-эстен адашып,
Колтукташып кошмок гүлдөй жанашып.
Сагынчыбыз улам дүрбөп, тарабай,
Сүйүү ташып, сүйүү күчөп карашып.



Кайда жүрдүң отузумда жолукпай,
Муну ойлосом кантип турам оолукпай.
Жан экенсиң көзгө даана көрүнгөн,
Колго кармап эл чакырган жоолуктай.

Кайда жүрдүң кол кармашып гүл тербей,
Кайда жүрдүм бир өзүнө гүл бербей?
Кайда жүрдүм караңгыда темселеп,
Ашыглыктын кубанчынан элирбей?

Кайда жүрдүм кадырыңа мен жетпей,
Колуң кармап көлөкөмдөй ээрчитпей.
Ташбоор белең: кайда жүрдүң көрүнбөй,
Жүрөгүмдү жалындатып дегдетпей?

## САХАРАДАН КАТ

Чалкалап жаткан төө кайда,
Шарпылдап аккан суу кайда,
Калкылдап жаткан кел кайда,
Жаркылдап күлгөн сен кайда?

Тууганым кымбат эл кайда,
Тап-таза соккон жел кайда,
Жамгырың куйса асмандан,
Сайларың толгон сел кайда?

Агарып аткан таң кайда,
Кыядан баткан күн кайда,
Кокустан калсам бул жайда,
Өмүрүм өтмөк арманда...

* * *

Асмандап өскөн пальмасың,
Асылсам тилим албайсың.

Жап-жалгыз өскөн пальмасың,
Жалынсам тилим албайсың.

Ийилип өскөн пальмасың,
Ыйласам тилим албайсың...

Бийикте өскөн пальмасың,
Бийлесем тилим албайсың...

# КӨКҮРӨК СЫРЛАРЫМ

* * *
Ыр элең жүрөгүмдөн атып чыккан,
Ыр элең жүрөгүмдө жатып чыккан.
Таң калам: ким ойлоптур экөөбүздү,
Капыстан кол үзөт деп ашыглыктан?..

## БУЛ ЖӨНҮНДӨ

Жазгым келет, жазгым келет роман,
Болгон ишти ачык айтып жашырбай.
Адилеттик жетер бекен? Кыйналам
Чын жазууга апыртпастан, ашырбай.
Экөөбүздү душман кылган, жат кылган
Биздин достор – ушунчалык кас беле?
Шек санатпай жанын сатып ант урган,
Анын баары элден чыккан пас беле?

Бул жөнүндө башым катып ойлоном,
Тынч уйкумдан дайым чочуп ойгоном.
Жалгыздыкта чылым тартып олтуруп
Азап чегип үшкүрүнөм, толгоном.
Көз алдыман элестетип бардыгын,
Келе албаймын бир чындыкка болжогон...

## ЭСКЕРМЕЛЕР, ЭСКЕРМЕЛЕР...

Эскермелер, эскермелер жылан сымак
Сойлоп чыгат уясынан ууну чылап.
Жан кейитип, көз тунартып өч алгыдай,
Эмне кылдым, тагдырыма кызыталак.

Эскермелер, эскермелер эскирбеген,
Конушуна күнү-түнү кеч кирбеген.
Арт жагынан ок сыяктуу атылсаң да,
Закым сымак куйругуна жеткирбеген.



Эскермелер, эскермелер, күндөй жарык,
Кучагында эркелеймин таң агарып,
Басканымда көчөлөрдө өзүм жалгыз,
Байкабастаи сүйлөп ийем үн чыгарып,

Эскермелер, эскермелер көлдөй терең,
Түпкүрүнө сүзүп улам чөгө берем.
Жер астынан кайнар суудай атып чыккан,
Эскермелер ушунчалык күчтүү белең?

Эскермелер, эскермелер жылан сымак,
Сойлоп чыгат уясынан уулар чылап,
Жан кейитип, көз тунарып өч алгыда.
Эмне кылдым, тагдырыма кызыталак?

### 3.

Сүйгөнмүн азап менен, жаным менен,
Кышында кычыраган күйүп денем,
Көз кысып теңтуштарың азил айтса,
Карабай багынганым өзүң элең!

Сүйгөнүм жалындаган үмүт менен,
Жүрөктү эзип турган күйүт менен.
Кыздардын арасында жайнап турган
Кызыл гүл жарашыгым өзүң элең!

Жаш чагым тартынбастан таш чайнаган,
Жалындап көздөрүмдөн от жайнаган.
Көргөндө биринчи ирет ак жүзүңдү,
Заматта көңүл түшүп ич кайнаган!

Жаш чагым азоо суудан тартынбаган,
Бирөөнүн аркасына жашынбаган.
Азезил кылыч кармап күтүп турса,
Көзүнө тике карап өзүм баргам!
Түк такыр өмүрүмдө унутпадым,
Почтонун жанындагы жолукканың.
Тартынсам сен уялдың жерди карап,
Толкундап араң турдум, күйүп жаным.

Учурга жарашыктуу сөз табалбай,
Батынып билегиңден кармай албай,
Турдум бейм аны сүйлөп, муну сүйлөп,
Кучактап ак бетиңен бир өбалбай!

Сен турдуң уялыңкы жерди карап,
Асманда ай кылкылдап батып барат,
Тийишсем унчукпайсың сүрдүү карап,
Аттиң ай, өбалбадым бир кучактап!

Жүрөгүм туйлап жатты чуркагандай,
Душмандар экөөбүздү курчагандай.
Ошол түн колум тийбей мен узаттым,
Үйүңө денем толкуп үн чыгарбай.

* * *
Ай жарык... Күз мезгили, пахта талаа,
Элирген сен да бала, мен да бала.
Ээрчишип, эзилишип ойноп жүрдүк,
Кулундай кубалашып оюн сала...

Жаркылдап төбөбүздө жылдыз күйүп,
Жытташып, моюндашып, улам сүйүп.
Экөөбүз ошол түнү даяр элек,
Өлүүгө «махабат» деп тизе бүгүп...

Жүрөктө сезим кайнайт – аты бийик,
Толкуну тоо тирешип, кекке тийип.
Таңданып биздин албуут махабатка,
Табийгат карап турду башын ийип!

Аймалап, асылым деп кучакташып,
Жалындап, көкүрөктө сүйүү ташып.
Антташып, жалбарышып анттан ашып,
Жаттык бейм жалын чачып, жанталашып...

Куугунчу артыбыздан келаткандай,
Ойлобой тагдырыбыз болот кандай?
Жалтанбай көздү жумуп, кадам кылдык,
Түбөлүк экөөбүздү жараткандай.

Мен айттым: бул түн үчүн өлөм дедим,
Сен айттың:бүт азапка көнөм дедиң.
Мен айттым: ушул түндү унутпаймын,
Сен айттың: мен сендикмин, эсте дайым!

Тагдыр ай, ушул күнгө өкүнөмүн,
Ошондо сен өлбөдүң, мен өлбөдүм.
Бир өлсөк, эл оозунда тарых болуп,
Билбедик кара таштан гүл өнөрүн?..



* * *
Сүйгөнүм чын үмүтүмдү жоготуп,
Далай кыздан бир өзүңдү тоготуп.
Сен теңсинбей текебердүү сүйлөсөң,
Өзүмдү өзүм шашпагын деп сооротуп.

Сүйгөнүм чын амалым жок томсоруп,
Эртели-кеч үмүт үзбөй жол тооруп.
Көрбөй калсам караанынды бир күнү,
Кыйналчумун ар нерсеге көп жоруп.

Сүйгөнүм чын көз жаш менен кат жазып,
Жообун албай ара жолдо, өң азып.
Сүйөм деген куш тилиндей катыңды,
Кучактагам жүрөгүмө бек басып.

...Жараланып миң жеринен жүрөгүм,
Азыр деле бир өзүңдү сүйөмүн.
Не кылайын айыбыңды көчалбай
Уу жуткандай жанталашып күйөмүн.

## СҮЙҮҮ ЖОЛУ

Сүйүү жолу – түйүнү көп табышмак,
Жүрөк сыздап, көздүн жашын агызмак,
Колуң жетсе туу сайгандай кубанып,
Терс бурулса саргаясың жер муштап.

Сүйүү жолу - чиеленген табышмак,
Отун кечип, муз өмгөктөп карышмак.
Сүйбөгөнгө сүйкөнөсүң жалдырап,
Сүйгөн жанга карабайсың ыргыштап.

Атом тапкан, айга жеткен адамзат
Сүйүү жолун табалбастан өңү азат.
Миллион жыл басса дагы пенделер
Махабаттын бороонунда адашат.

* * *
Арабызда ыксыз согуш башталды,
Заардуу сөздөр жүрөктөргө мээленип,
Жакшы кездер унутулуп ташталды,
Душмандашып, өжөрлөнүп, ээленип.

Биздин согуш болот окшойт көп жылдык,
Улам токтоп, учур күтүп башталып.
Өмүр бою өчөшкөндөй не кылдык,
Арабызда жалбырттаган от жанып?

Капысынан таамай айтып жыгууга
Жаткандырсың азыр дагы ок жасап.
Өзүм болсом сени жеңип чыгууга,
Издеп жатам ырларыма укмуш сап.

* * *

Күн сайын мамилебиз салкын тартып,
Эби жок өнөрүбүз андан артып,
Байкалбай биз бараттык алысташып,
Көрүнгөн жакынсынып ушак ташып.

Өчөштүк, өч алыштык аябастан,
Табалап душмандардай канжар малып.
Биз жүрдүк эч нерсеге карабастан,
Кыйнашып, кыйнообуздан кумар алып.

Тымпыйып эл көзүнчө калптан күлүп,
Жатса да ичибизде жалын күйүп...
Өттү бейм куру бекер далай жылдар
Астыртан көкүрөккө кекти түйүп.

Үйүбүз жалын болуп күйүп жатты,
Экөөбүз кол шилтедик көздү жумуп.
Сүйүүбүз талкаланып запкы тартты,
Анда да тимирейип болдук «дудук».

Мынакей анын баары артта калды,
Айыкпас жүрөктөгү дартта калды.
Тилегим бизден кийин жашагандар,
Болбосун экөөбүздөй опурталды.

* * *

Неге ырдадың көл жээгинде муңканып,
Отурганда биз экөөбүз ай жарык?..
Неге ыйладың улутунуп мынчалык,
Көздөрүңдөн мөлтүлдөгөн жаш тамып?!

Эстедиңби кайтып келбес чактарды,
Кубалашып биз ойногон бактарды.



Таарынышып, эртең кайра жарашуу –
Билгеп жанга андан артык шат барбы?

Эстедиңби мезгилдерди коштошкон,
Эки мүнөт көрүшпөсөк жоктошкон.
Бүткүл дүйнө тарыхында сүйүүнүн
Болду бекен экөөбүзгө окшошкон?

Эстедиңби татаалдыгын турмуштун,
Жан аяшпас экөөбүздү жоо кылган.
Эгер билсең сүйүү тура чагылган,
Өрт чыгарып, арт жагында күл калган...

* * *

Жаш төкпөчү бекеринен муңайып,
Жаңылдым деп түз жолумдан бут тайып.
Турмуш деген татаал экен ушундай
Эмдигиче көзүм жетпейт кимде айып...

Кыйналганда көк тамырды кеспегин
Эрки жаман, кайраты жок дедирип.
Эң бир сонун учурларды эстегин,
Жардам болор асырасаң дем берип.

Андан сага жардам такыр болбосо,
Окуп көрчү биз жазышкан каттарды.
Көңүлүңдү от жандырып козгосо,
Унутарсың жүрөк эзген тактарды.

Андан дагы сага жардам болбосо,
Эрдиң тиштеп, бекер мага кол созбо.
Чөк түшкүн да жер кучактап озондо
Эң акыркы тагдыр ошо, жол ошо!..

## ТҮШҮМДӨ

Түшүмдө биз экөөбүз жарашабыз,
Ээрчишип, кол кармашып кумар канбай.
Өңүмдө кас душмандай карашабыз,
Баш ийип, салам айтып, алик албай.

Түшүмдө анттажабыз көз жаш төгүп,
Олжобай-Кишимжандай кучак жайып.

Өнүмдө сен ушактап, өзүм сөгүп,
Жүрөбүз сөзгө келбей, кимде айып?

Тилеймин түбөлүккө уктасам деп,
Ойгонбой кумар канып кучагыңда.
Тилеймин бир өзүңө ыктасам деп,
Мажнундай жаным төшөп бут жагыңда.

Кантейин! Таң атат да, уйку качат,
Булбулдөп туштөгүлөр алыс качат.
Уйкумдан ойгонгонго капысынан,
Эрксизден каргыш айтам ата-наалат!

* * *

Түшүмө не киресиң чачың өрүп,
(Эрикпей кыз кезиңдей кыркка бөлүп).
Кундуздай чачтарыңдын арасынан
Караба: эрдиң тиштеп, жашың төгүп...

Түшүмө не киресиң ойноп-күлүп,
Азаптуу жүрөгүмө салып бүлүк...
Кол созуп, кучак жайып талпынсаң да,
Кантейин, жанып турган денем өлүк!

Түшүмө не киресиң мукактанып,
Айбыңды өзүм билген улам танып.
Дайыма сүйлөө керек акыйкатты
Жатса да бул дүйнөдө жер тутанып.

Түшүмө не киресиң ыйламсырап,
Калп жерден аны сурап, муну сурап.
Эч качан биздин жолдор биригишпейт
Кетсе да аялзаттын баары куурап.

Түшүмө не киресиң кайталанып,
Түнөрүп күн күйгөндөй туталанып.
Айтчы сен өз мойнумда күнөөм барбы.
Кетейин күнөөм болсо куйкаланып.

Түшүмө не киресиң күлүп-жайнап,
Эркелеп кучак жайып, беттен аймап.
Айтчы сен өз мойнуңда күнөөң барбы,
Кечирем айыбыңды жаным кыйнап.



* * *

Мен түшүмдө кайра көрдүм өзүңдү,
Жаш аралаш жашылданган көзүңдү.

Саламдашып айыптуудай жер карап,
Улутундуң жүрөгүмдү жаралап.

Күтөм дедиң үмүт үзбөй сагынып,
Илгеркидей карааныңа жалынып.

Келбейм дедим короондордо ит турат,
Тирүү жанды жолотпостон кутурат...

Бир түшүмдө кайра экөөбүз көрүштүк,
Кумар жазып, тар төшөктө өбүштүк.

Мындан ары тартынбастан кел дедиң,
Шыбырадың «өз итиме уу бердим».

Жок келбеймин асылба да, кыйнаба,
Сүйбөйсүң деп көп шолоктоп ыйлаба.

Корком-корком кучагыңа имерип...
Жадаганда коёбу деп уу берип.

* * *

Түшүмдө чымырканып тоолор ашам,
Аскага араң чыгып атың жазам.
Акактап эрме чөлдө илкип басам,
Карааның жылт көрүнүп таппай калам.

Түшүмдө бүркүт болуп шаңшып учам,
Күүлөнүп, атырылып айга сызам.
Үстүңдөн тик качырып көңүл ачам,
Унутуп жүрөктөгү кандуу ызам.

Түшүмдө кыйналамын сүйлөп-жөөлүп,
Кокустан поезд кулап, өзүң өлүп.
Кайгырам кабыргалар миң сөгүлүп,
Ойгоном жаздыгыма жаш төгүлүп.

* * *
Таң атарда дагы кирдиң түшүмө,
Ак жоолукчан беш көкүл кыз буралып,
Ашык болуп, кумарланып түсүңө,
Тосуп чыктым маңдайыңдан гүл алып.

Сен түшүмдө күнөөсү жок тазасың,
Эң биринчи жолуккандай мөлтүрөп.
Көңүлүмө өчпөс отту жагасың,
Сезим түшкүр көкүрөктө күтүрөп.

Бозой кезим сонундарды ойлогон,
Бир өзүңө көңүл бурган, багынган.
Таарыныч жок арабызда тоо болгон,
Көрүшпөсөк ошол замат сагынган.

Кол кармашып, эзилишип каткырып,
Сөз түгөнбөй көп нерсени жомоктоп.
Сыр алдырбай ичибизден жактырып,
Сен сүйлөсөң, сабыр кылып мен токтоп.

...Бир оокумда кучакташып турабыз
Күкүктөнгөн албуут суунун жээгинде.
Тобокел деп бирге чабак урабыз,
Жалтанбастан тилсиз жоону жеңүүгө.

Көпкө сүздүк жанталашып, кармашып,
Моюн бербей азоо суунун эркине.
Сен чарчасаң улам мага жармашып,
Кыналышып, колуң артып желкеме.

Мына-мына аркы жээкке жетерде,
Күн күркүрөп, жамгыр төктү шатырай.
Биз экөөбүз суудан чыгып кетерде,
Таппай калам бир өзүңдү капырай!..

Карай салсам агын суунун шарында
Ак жоолугуң кылак этип көрүнөт,
Кулач уруп тең жашырып агымга
Жетпей калдым... көздөн жашым төгүлөт.

Ыйлап жүрдүм суу боюнча шолоктоп,
Атыңды атап ай-талаада жапжалгыз.



Чөлдө жүрдүм үмүт үзбөй мен жоктоп,
Табалбадым... из сууттуң кабарсыз.

Капысынан козголом да ойгоном,
Кейип-кепчип түш экен деп ойлоном,
Эске түшүп таарынычтар тоо болгон,
Көңүлүмдө кайра сага жоо болом.

* * *
Мен түшүмдө ооруп жаттым алсырап,
Каттар жаздым жообун күтүп жалдырап.
Таш боор белең, келгениң жок ал сурап.
Айтчы, жаным, барбы менин айыбым?

Мен түшүмдө өлүп жаттым кыйналып,
Туугандарым, жолдошторум жыйналып...
Сени күттүм, келгениң жок ый салып,
Айтчы, жаным, барбы менин айыбым?

Мен түшүмдө элдин баары топтошуп,
Көмүп жатты өз ордумду жоктошуп...
Сени күттүм, койгонуң жок коштошуп,
Айтчы, жаным, барбы менин айыбым?

Эгер билсең - кечирилбес айыбым -
Сүйгөндүгүм жанды төшөп, курбалым.
Сүймөк тургай, периштедей тайыдым,
Айтчы, жаным, кимге менин убалым?

* * *
Түндөсү уктай албай жатканымда
Сен болсоң сол жагымда, оң жагымда.
Эркелеп, ак мойнуңа жашым төгүп,
Уктасам белиң кысып кучагыңда.

Ой тобо, мезгил токтоп таң атпаса,
Тилегим: жарык кирип күн чыкпаса.
Көз жумуп кучакташып уктай берсек,
Таркабай жүрөктөгү моокум - маза.

* * *
Эл жатканда мен чыгамын сейилге,
(Ойноп жүрбө аба жутуп келүүгө).

Жалгыздыкта таразалап бардыгын,
Өзүмдү өзүм акыл менен жеңүүгө.

Караңгы түн. Элдин баары уйкуда,
Эбак тынган күрүлдөгөн уу-чуу да.
Өткөндөрдү бириндетип эстесем,
Көздөрүмдөн жалын оттор учууда.

Толкун болуп октос урам аскага,
Андан ашып атырылам асманга..
Күнү-түнү жүрөк эзген сырларды
Не кылайын? Айталбаймын башкага...

Унуттумбу? Жок унутпай сагынам,
Улам эстеп сөздөрүңдү жалынган.
Мүнөттөрдү кайталангыс эч качан,
Биз экөөбүз иллазатка малынган.

Ойлой берсем күйүп-бышып от болом,
Замбиректен атып чыккан ок болом.
Мына-мына күлгө айланып кетерде,
Акыл жыйнап, кайраттанып токтолом...

Бир кезекте таңдын арты сүрүлөт.
Жаш кезиңди элестетип мөлтүрөп.
Аргасыздан жаздыгымды кучактап
Уктап кетем, уктап кетем үргүлөп.

* * *
...Үй-бүлө кадимкидей ынтымактуу,
Жадырап балдар ойнойт ыракаттуу.
Жолдоштор душман эмес, ак пейилдүү,
Асыл зат төрдө олтурат ырдап шаттуу.

Ал ырдайт безеленип жаштык кезди,
Урматтап ойноп-күлгөн мастык кезди.
Караймын, суктанамын көзүм тойбой,
Түгөнгүр «ич оорумду» дароо сезди.

«Эмне үчүн биз уруштук, чатакташтык,
Эмне үчүн араздаштык, терс караштык?»
Ылайым ошол күндөр түш болсун деп,
Экөөбүз көз ирмебей жанталаштык.



Мынакей кол кармаштык, кучакташтык.
Жаркырап кубанычта биз антташтык...
Ойгондум ошол замат, түшүм экен,
Көз жашка күбө болду аппак жаздык.

* * *
Капысынан эл көзүнчө кездештик,
Баш ийкешип бейтааныштай сиз дештик.
Сырды сактап шек санатпай эч кимге
Амалсыздан жүрөк түйлап дегдештик.
Арман-муңда ошол күнү коштошуп,
Аттиң бирок артыбыздан издештик.
Да бир жолу эл жок жерден беттештик,
Күлүп-жайнап, азилдешип сен дештик.
Элжирешип, эзилишип сүйлөшүп,
Сен экөөбүз ошол жерден элдештик.
А эртеси ызаларды козгошуп,
Билбейм неге араздаштык, тилдештик.

## ТҮНДӨ МЕН

Түндө мен эң бир ширин ойго баттым,
Толкундап көз ирмебей ойгоо жаттым.
Суурулган сулуулардын арасынан
Жылдыздай жанып турду сенин атың!

Түндө мен түбү терең ойго баттым,
Талпынып кыялымда тоого чаптым.
Тирешип, бороон менен жүрсөм дагы
Сен турдуң көңүлүмдө асыл затым!

Түндө мен кубанычтуу ойго баттым,
Көгөрүп издеп жүрүп, сени таптым.
Жаркылдап, кучак жайып салам айтсам
Карабай басып кеттиң ырыс-бактым.

Ошондо жашым төгүп, ыйлап жаттым,
Уялбай калың элден арман айттым,
Асманда жанып турган жалгыз жылдыз,
Өзүң деп махабаттын уусун таттым!

* * *

Жүгүнөмүн сыр сактаган, ак терек,
Турсаң дагы бой көтөрүп мелтиреп.
Кыйналганда көңүл түтпөй мен келдим,
Кыялымда сүйлөшүүгө элжиреп.

Эсиндеби караңгыда жашынып,
Биз келгенбиз кол кармашып, ашыгып.
Биринчи ирет сүйгөнүмдү өпкөнмүн,
Сага ыктап, көз жаш эмес жан чыгып.

Калп айтпаймын, өпкөнүмдө чагылган,
Чарт-чурт этип маңдайымдан жагылган.
Эки бети уялгандан албырып
Асыл заттын мөлтүр жашы агылган.

Андан бери далай мезгил күн өттү,
Кучагында далай бозой кыз өптү.
Бирок алар кайдан билсин, түшүнсүн,
Ошондогу биз кечирген мүнөттү.

Ошол мүнөт эске түшсө ар убак,
Менээмин жүрөгүмдү мыкчылап.
Кээ бир кезде амал таппай түнөрүп
Ичким келет көз жашыма уу чылап.

* * *

Гүл бердим өмүрлүккө белегим деп,
Ашыглык үмүт үзбөс тилегим деп.
Гүлүмдүн көркү түшүп уйпаланды,
Ошондо байкуш жаным куйкаланды.

Шакек бердим ашыглык ыйыгым деп,
Өзүңдү бир өзгөчө сыймыгым деп.
Шакегим кокусунан талкан болду,
Ошондо көкүрөккө арман толду.

## ГҮЛ ТЕРДИМ

Кыдырып тоодон гүл тердим,
Кыпкызыл сага гүл бердим.
Кыпкызыл гүлүм кор болуп,
Бутунда калды кимдердин?



Ашыгып тоодон гүл тердим,
Апакай сага гүл бердим.
Апакай гүлүм кор болуп,
Астында калды кимдердин?

## КЕЗИКСЕҢ

Кезиксең кең шаарыма батпай калам,
Жер тарып, куурулгансып бүткүл аалам.
Удургуп туш келди эле качып жөнөйм,
Алыстап жок болгучаң сенин караан...

Кайрадан караанынды таппай калам,
Көңүлсүз көрккө түшүп асыл калаам.
Жаш кездей жолуң карап күтсөм деймин,
Жаркылдап айтып сага сүйгөн салам.

Антпеймин: жолукканда терс караймын,
Кантейин: жүрөгүмдө жок ырайым.
Унутпай кылым бою кектегендей,
Кечиргис айбың бар го, не кылайын?..

* * *

Окусаң ырларын Гейненин
Байкарсың азабымды сен менин.
Окусаң ырларын Хафиздин
Сезерсиң күйүтүмдү, азизим.

Окусаң ырларын Махмуддун
Айтарсың: «Өзүңдү өзүм куруттум».
Окусаң ырларымды өзүмдүн,
Ишенесиң актыгына сөзүмдүн.

* * *

Бала кезде жуурат ичип, чөп чаптым,
Чоң-Кырколдо жаз айында уй бактым.

Жылкычылар күүлөнүшүп той берсе,
Байге алам деп жан аябай ат чаптым.

Конок үйдө. Тамак бышпайт түгөнгүр,
Жамгыр төгөт, табылгыдан от жактым.

Карай салсам сен турупсуң, жаркыным,
Апкаарыдым - сен таалайым, сен бактым.

Уңчукпастан сага бердим отунду,
Сен кетпедиң: сени сүйдүм, сен жактың.

Чуркап барып жулуп алып арчанын
Көк бутагын жүрөгүңө мен тактым.

Күлүп койбой, теңсинбестен сен эркем,
Жер каратып текеберлүү терс бастың.

Ошол күндөн ушул күнгө түшүнбөйм,
Камбарыңды күнөөсү жок не кактың?

* * *

Бала кезден жолугушкан нур бактым,
Тагдыр экен - сен жолуктуң, мен таптым.

Сен да сүйдүң, мен да сүйдүм берилип,
Жүрөгүмө өчпөй турган от жактың.

Курбуларың көзүн салды мага да,
Сыр алдырбай сылык гана мен кактым.

Бул дүйнөдө жалгыз өзүң бар сымак,
От көрүнүп бир өзүмө сен жактың!

Кучакташып көрүшкөндө экөөбүз
Ысык элек - ысыгынан аптаптын.

Таң аткычаң уйку безип сүйлөшпөй,
Жүрөгүңө жүрөгүмдөн гүл тактым.

Сен уктасаң мен уктабай ойлонуп,
Мен уктасам сен уктабай түн каттың.

Өзүм жалгыз бактылуудай дүйнөдө,
Кучагыңа кучак жайып мен жаттым.

Камбаралы ушул кезге түшүнбөйт,
Уктаганда уу тил менен не чактың?..



* * *

Сен үчүн эсеби жок азап тарттым,
Майышып махабаттын жүгүн арттым.

Сен үчүн тар ашуудан өтөмүн деп,
Тайгылып жар астында кыйрап жаттым.

Боор ачып кол узатып коймок тургай
Билгизбей күлүп туруп буттан тарттың.

Күч жыйнап, акыл жыйнап турар кезде,
Жан эркем, жүрөгүмө мээлеп аттың.

Анда да сенден көңүл калганы жок,
Күн көрдүм күйүтүндө сүйүү дарттын.

Кор жаным үмүт үзбөй жол карадым,
Кокустан келеби деп мээрим катың.

Эсим жок, акылым жок жөөлүп жатып
Дубадай кайталадым ыйык атың.

Жыл сайын жыландан көп амал ойлон,
Өч алып, өжөрлөнүп таштай каттың.

Камбарды өрткө салып асыл затым,
Чын айтчы, тагдырыңдан эмне таптың?..

* * *

Жатамын төшөгүмдө көмкөрөмдөн,
Жалбарып жаздыгыма жашым төгөм.

Капыстан уктап кетсем таң атарда
Кучактап, алкымыңдан жыттап жүрөм.

Түшүмдө кучак жайып, кылыктанып,
Өңүмдө жоо болосуң сен көлөкөм!

Ойгонсом төшөгүмдө жалгыз жатам,
Кайрадан капалыкка өксүп чөгөм.

Жан кейип, өмүрүмдү кыйсам деймин,
Жаңылам: сен тирүүдө кантип өлөм!

Жоо кылган экөөбүздү түбөлүккө,
«Досторду» ызаланып тилдеп сөгөм.

Көз ирмейм көп кыйналып таң атарда,
Кайрадан кучак жайган сени көрөм.

Капыстан телефонум шыңгыр этип,
Ойгонсом өзүң жоксуң... оор үшкүрөм.

Камбардын кайта кирет ушу түшү,
Түн сайын, билгиң келсе, ыйык төрөм.

* * *

Караңгы күнүм, караңгы,
Көралбай сенин карааңды,
Тоготмок тургай, теңсинбей,
Күчөттүң күйүт жарамды.

Караңгы күнүм, караңгы,
Саргарттың сансыз санаамды.
Умтулуп сага кол жетпей,
Армандуу күндө каламбы?

Караңгы күнүм, караңгы,
Кантемин азап абалды?
Кебетем менин мергендей,
Кубалап жүргөн маралды...

Караңгы күнүм, караңгы,
Айтасың качан саламды?
Жакшылык жообуң угалбай
Өрттөнүп күйүп жанамбы?

Караңгы күнүм, караңгы,
Сендейди кайра табамбы?
Өзүңдөй жаркын кезикпес
Айланып учсам ааламды.

Караңгы күнүм, караңгы,
Таппадым окшойт дабаңды.
Боорукер жаным жарк этип,
Аясаң боло адамды?..



* * *

Барам дедим, үйүң издеп барбадым,
Барар күнү жол каратып алдадым.
Жалгыз өзүң түшүнүсүң билесиң,
Эмнеликтен сенден көңүл калганын...

Келем дедиң, жолуң тосуп чыкпадым,
Келер күнүң баш көтөрбөй уктадым.
Көпкө дейре сен башымда отуруп
Абжир сөзүң, актанганың укпадым...

* * *

Сен менин азабымсың бүтпөгөн,
Күн сайын катмарланып түптөлгөн.
Эч качан ооздон түшкүс кеп болдуң,
Кантейин, намысыма жүктөлгөн.

Сен менин көз жумбаган түнүмсүң,
Уктасам кыжалаттуу түшүмсүң.
Тымызын жүрөгүмдү сыздаткан,
Кайсы жан күйүтүмдү түшүнсүн!

Сен менин айыкпаган оорумсуң,
Ал турмак арылбаган шорумсуң.
Билбеймин кайсыл күнү адашып,
Бишбеймин сага неге жолуктум?

Жок, эркем, жолуктум деп кейибеим,
Тагдырым танда десе сени дейм!
Өзүңдү унуталбай кыйналсам,
Түгөнгүр түбөлүккө сүйгөн бейм.

Мас болуп илебиңе, отуңа
Мен шордуу түтүнү жок күйгөм бейм!
Жок жаным, таштадың деп кектебейм,
Жалаа жаап жамандарча жектебейм.

Таарыныч намысыма көз жумуп,
Кез-кезде бир өзүңө жетсем дейм,
Жалынып, макул кылып ээрчитип,
Эл билбес алыс жакка кетсем дейм.

* * *
Күйүтүм менин өрт болуп,
Көздөрүм кетет төрт болуп.
Караңгы түндө жүрөмүн
Тамеки эмес, уу соруп.

Күйүтүм менин өрт болуп,
Жатамын үйдө лөк болуп.
Абалым билсең ушундай,
Балыкмын жаткан мен солуп.

Күйүтүм менин өрт болуп,
Асманга жөнөйм октолуп.
Канатым кыйрап түшөмүн
Басарга алым жок болуп.

Күйүтүм менин өрт болуп,
Жүрөгүм сыздайт от болуп.
Кул-кукум болуп кетерде
Карманам араң токтонуп.

* * *
Жалындап күйүп, өчпөйсүң,
Өзөктөн чыккан өрттөйсүң?..
Өчөшкөн жайың бар беле,
Түшүмдөн кыя өтпөйсүң...

Жалындап күйгөн оттойсуң,
Жарамды кайра козгойсуң.
Өзүмдү салып күйүткө,
Күнөөсүз жүргөн боз койсуң...

Атайы барсам тоспойсуң,
Алыстап кетсем боздойсуң.
Караңгы күнү туш келген,
Каргаша тагдыр окшойсуң...

* * *
Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Өзүм болдум кол жеткирбей кутулганың.
Тагдырымдын табышмагын түшүнбөймүн:
Жакшылыкпы-жамандыкпы бул кылганың?



Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Өзүм болдум ара жолдо кол жууганың.
Арман менен, күйүт менен чач агарды,
Бооруң ачып күлүп койчу, о, жыргалым!

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Өзүм болдум өмүр бою жоо кылганың.
Жолукканда сыр чечишип сүйлөшпөдүк
Күнү-түнү тынчтык бербейт бул арманым.

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Өзүм болдум ачууланып доо кылганың.
Сөз тийгизбей арнап сага ырлар жазсам,
Ушак айтып, жер караттың – сен курбалым.

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганың –
Өзүң болдуң намысымды сындырганым.
Болор иштин боёгуна кандың окшойт,
Ишендирбейт көз жаш төгүп кылгырганың.

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Жүрөгүмө дары болор - тындырганым.
Дарың эмес, айыкпаган дартка калдым,
Ызатыңа мен ыраазы, кымбат жаным.

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Эч ким билбес көкүрөктө сыр кылганым.
Көп жыл өттү кол үзүшүп кеткениңе,
Түгөнбөдү ушак-айың, чыр жаңжалың.

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Аял заттан өзгөчөлөп туу кылганым.
Билген калыс, көргөн калыс, ойлонуп көр,
Түк жарашпас ичкенимди уу кылганың.

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Өзүм болдум сен тоготпой кор кылганың.
Ишенбесең көкүрөгүм жарып көргүн:
Жүрөгүмдө ырбап турат уу тырмагың...

Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым,
Өзүм болдум кол жеткирбей кутулганың.
Тагдырымдын табышмагын түшүнбөймүн,
Жакшылыкпы – жамандыкпы бул кылганың?

* * *
Кайда сенин сыймыктанар намысың,
Кайда сенин баш көтөрүп басышың?
Жолукканда айыптуудай карайсың,
Жакшы эмес го чымырканбай жашышың?

Кайда сенин жүрөк козгор дабышың,
Кайда сенин көңүлүмө жагышың?
Өчкөн сезим жанмак беле кайрадан
Жарашпайт го жагалданып калышың?..

Кайда сенин жүргөн кезиң каткырып,
Өмүрүңдү майрам кылып, шат кылып?
Ыйлайсыңбы жаздыгыңды көлдөтүп,
Узун түндү көз ирмебей аткырып?

Ооба, билем айтпасаң да сырыңды,
Өмүр бою жүрөк эзген чырыңды
Табалбайм. Уккуң келсе чынымды,
Уусун соруп, эрмек кылам чылымды...

## УШАКТАСАҢ

Ушактасаң орой дегин, түнт дегин,
Аша чапсаң эң кабанак ит дегин,
Бут айыпты бир өзүмө жүктөгүн,
Өмүр бою өжөрлөнүп кектегин,
Бирок, жаным, шек келтирбе сүйүүмө.

Ушактасаң куттуу күнү мас дегин,
Билбегенге бою корто, таз дегин.
Жетик эмес, акылы да аз дегин,
Элден чыккан абийири жок пас дегин,
Бирок, жаным, шек келтирбе сүйүүмө.

* * *
Эмне деген ушактарды таппадың,
Эл алдында паанайымды пас кылып.
Таманыңа сонунумду таптадың,
Балдарымды жолотпостон кас кылып.

Табаң канбай, ичтен сыздап кыйналып,
Күн көрөсүң калпың чыгып алыста.



Мен жүрөмүн кадимкидей чыйралып,
Жүзүм жарык – мезгил деген калыс да!

Жашырбаймын: тултук болдум жер карап,
Көралбастар какшык менен «чымчыса».
Көз тунарды, караңгылап туш тарап,
Ыраазы элем ошол кезде жан чыкса!

Жашырбаймын күндөр болду артымда,
Жүрөгүмө азап тагын калтырган.
Батса керек ушунчалык жаныма,
Эстен чыкпайт азыр деле ант урган.

Кыйынчылык чыйралттырып адамды,
Сен күткөндөй бир байкуш жан болбодум,
Ызалуусуң эрдиң тиштеп, түнөрүп.
Сабыр кылгын, кечирип кой, капа этпе.

Мунум жакпайт, кыжырлантат, албетте,
Ызалуусуң эрдиң тиштеп, түнөрүп.
Сабыр кылгын, кечирип кой, капа этпе,
Жүрө бергин үмүт үзбөй күн көрүп.

## ЖАПЫС ТАМ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Түнт көчөдө биз экөөбүз жашаган
Түшкө кирет алча бактуу жапыс там.
Үмүттөнүп кээде өтөмүн жанынан,
Табамбы деп бир өзүңдү капыстан.

Көзгө комсоо, морусу бар жапыс там,
Мага кымбат көп үйлөрдүн баарынан.
Ушул үйдө бакыт конуп, баш кошуп,
Ушул үйдө биздин балдар табылгаң.

Мебели жок, шарттары жок, уу-чуусуз,
Жапыс тамда ынтымактуу турчубуз.
Ак сүйүүгө кумар канбай, мас болуп,
Ар бир күнү оюн-күлкү курчубуз.

Жапыс тамда эң бир сонун күн калган
Жомок өңдүү унутулгус тун калган.
Ошолорду кантип эстен чыгардык,
Мен ушуга түшүнбөймүн, таң калам.

Унутпаймын! Жапыс тамым – ыйыксың,
Таджмахалдан, Акрополдон кызыксың.
Дубалдарың тилге кирип сүйлөсө,
Туш болмокпуз күбөсүнө чындыктын!

О, дубалдар, калп айтамын, жаңылам,
Өзүңөргө кулдугум бар, кайрылам.
Дудук болуп сактагыла сырларды,
Аны билсин, бул дүйнөдө эки жан!

Унутпаймын, бакыт үйү – жапыс там,
Бүгүн эмес, эртең эмес, эч качан.
Кыйналганда эскеремин, келемин,
Кара чымдын түпкүрүндө калгычаң.

* * *

Эске салып жаш кезекти, ардагым,
Миң бир ирет карааныңа жалбардым.
Кыялымда кыналышып эркелеп,
Айлуу түндө алыс-алыс жол бардым.

Көңүл ачтык обон созуп ырдашып,
Таң атканча сөз түгөнбөй сырдашып.
Же болбосо уялыңкы бир басып,
Алдыртадан көздөр менен арбашып.

Жашырбаймын, кээде калдык чырдашып,
Арабызда сөз аралап кер какшык.
Бирок биздин таарынчыбыз созулбай,
Ошол замат калар элек жарашып.

Биз кетчүбүз кинолорго жанашып,
Макул болбой көп нерсени талашып,
Көп жолдоштор сыр алдырбай тымпыйып,
Артыбыздан сукtanышчу карашып.

Бүгүн кыйрап таш талкандай антыбыз,
Экөөбүзгө айкын болду калпыбыз.
Биз жөнүндө келекелеп сүйлөшөт,
Уккан кулак, Ала-Тоолук калкыбыз.

Мен кайгырам жыргал кездер элестеп,
Эң биринчи, асыл затым, сени эстеп...
Кош бол эми, түбөлүккө кош болгун,
Жол караба мени кокус келет деп!



* * *

Түндө да сени ойлодум,
Күндүз да сени ойлодум.
Ойлогондон не пайда,
Кумарыңа тойбодум.

Адырлуу тоолор жойлодум,
Жан баспас жерлер койбодум,
Изиңди жаным табалбай,
Жытыңа такыр тойбодум.

* * *

Кабар жетти, сүрөттөрдү тытыпсың,
Кучакташып, кол кармашып бир жүргөн.
Түшүнбөймүн, таң каларлык кызыксың.
Иш жасаган табалатып күлдүргөн.

Тыталасың сүрөттөрдү, каттарды
Ызаланып, ачууланып, өчөшүп.
Тыталбайсың эң бир ынак чактарды
Жүрөгүңдө так калтырган өрт түшүп.

* * *

Көп эстеп сендей күнүмдү
Көңүлүм абдан бүлүндү.
Көл жээгин бойлоп жүргөндө,
Уккансып кетем үнүңдү.

Карасам жоксуң, көл турат,
Көбүгү көккө шарпылдап.
Толкундан издейм жүзүңдү,
Күлгөнүң эстеп жаркылдап.

Толкуну өтүп, көл калат
Көңүлүм сага кадалат.
Көрүнүп койсоң болбойбу
Толкундан чыгып кол булгап.

* * *

Көчөдө жүргөн эркелеп,
Колуңдан кармап жетелеп.
Көп жылдар өтүп арадан,
Көңүлүм сенден кетелек.

Сен элең анда жаш терек,
Көйнөктөн алмаң көк тиреп
Кокустан колум бир тийсе,
Кетчү элең жаным, титиреп.

Сен элең анда жаш кайың,
Жаркылдап тийген нур айым.
Жапжарык кылып турчу эле,
Караңгы түндү чырайың!

Ал күндөр бүгүн жомоктой,
Атылып кеткен бир октой.
Унутсаң унут өзүмдү,
Жыргалдуу кезди эстеп кой.

* * *

Түшүмдө дайым жүрөсүң,
Түштүктө өскөн пахтадай.
Сүйлөсөң назик мүнөзүң,
Ким турат сени мактабай.
Окшошуп кээде кетесиң,
Булбулга таңда бактагы-ай.
Жаныңа жетпей үшкүрөм,
Жоголуп сөзүм, актыгы-ай.

* * *

Түшүмдө жүрөм тоо ашып,
Эркелеп сага жанашып,
Куттуктайт бизди, куттуктайт,
Айлана сонун жарашып.

Түшүмдө жүрөм тоо ашып,
Гүл терип кырдан талашып.
Ойнойбуз тулаң бетинде,
Асмандан жылдыз санашып.

Түшүмдө жүрөм тоо ашып,
Каламын сенден адашып.
Жаңыртып аска кыйкырам,
«Кайдасың жаным, сен ашык!»

Түшүмдө жүрөм тоо ашып,
Кубалап жетпейм, сен качып.
Ойгонсом жоксуң жанымда,
Жаш төгөм сыздап жан ачып.



* * *

Отурсам ойго сен келип,
Көңүлүм кетет термелип.
Ошондо сага жетсем дейм,
Канаттуу куштай жел минип.

Уктасам ойго сен келип,
Жүрөгүм ойнойт дегделип.
Ошондо чочуп ойгоном,
Денемден жалын тер келип.

Колуңдан кармап жетелеп,
Колумда колуң эркелеп.
Тунтүштөй болуп бир жүргөн,
Ал күндөр эстен кетелек!

Жүрөктөр туйлап тепкилеп,
Койнумда өзүң эркелеп.
Уктабай таңды атырган,
Ал түндөр эстен кетелек!

Жаркылдап күлүп карасаң,
Булуттан жайнап ай чыккан.
Көзүңдөн жыттап өпкөндө,
Толкундап жаным аптыккам!

Эркелеп күлүп карасаң,
Элестеп кетчү аткан таң.
Эрдиңе эрдим тийгенде,
Эсимден танып жалынгам.

Жаныңда жүрсөм сагынгам.
Кумарым ашып багынгам.
Өзүңө дайым айтчумун:
«Тумарым болсоң тагынган».

Алыста жүрсөм жаныңан,
Жүрөгүм жанып жарылган.
Сагынчым батпай ичиме,
Көзүмдөн ысык жаш тамган.

Эсиңден кантип чыгардың,
Эзилип сүйгөн тумарым.
Унутуп койчу биз белек,
Сүйүүнүн өлбөс кумарын?..

* * *

Караңгы түнү өчпөгөн,
Жүрөктү дайым өрттөгөн,
Кайгылуу күндө жүрсөм да,
Көңүлдө гүлдөй көктөгөн,
Кайдасың эркем, кайдасың,
Жан белең жашың төкпөгөн?

Бороонду күнү өчпөгөн,
Бушайман кылып өрттөгөн,
Азаптуу күндө жүрсөм да,
Акылдан такыр кетпеген,
Абалың кандай абалың,
Жан белең дайым кектеген?

Кектейсиң мени кектейсиң,
Айыптуу жалгыз сен дейсиң.
Айыбым болсо кечиргис,
Артымдан неге издейсиң?..

Кечпейсиң мени кечпейсиң,
Күнөлүү жалгыз сен дейсиң.
Кечиргис күнөөм бар болсо,
Кечирим сурап не дейсиң?..

## СЕН ЖҮРӨСҮҢ...

Сен жүрөсүң ойноп-күлүп,
Бак-таалайдын доорун сүрүп.
Мен жүрөмүн азап тартып,
Жаным сыздап, жаным күйүп.

Сен жүрөсүң ойноп-күлүп,
Жаркылдайсың – баары түлүк.
Мен жүрөмүн жабыр тартып,
Адамдарга калптан күлүп.

Сен жүрөсүң ойноп-күлүп,
Жорголотуп тулпар - күлүк.
Мен жүрөмүн сабырым суз,
Жоголгондой бүлбүл үмүт.



Сен жүрөсүң ойноп-күлүп,
Мен жөнүндө кулак түрүп.
Мен жүрөмүн ырлар жазып,
Жүрөгүңө салып бүлүк!

Сен жүрөсүң ойноп-күлүп.
Баары сонун - шүгүрчүлүк.
Канар беле чын моокумуң
Кокус барсам тизе бүгүп!

* * *

Түшүмдө чачтарыңа мен чырмалдым,
Чырмалып махабаттан лаззат алдым.

Түшүмдө көздөрүңдү жыргап өптүм,
Өптүм да көз жашымды суудай төктүм.

Түшүмдө тамагыңдан жыттай бердим,
Жыттасам сымап болуп сен эридиң.

Түшүмдө соро берип эрининди,
Кызыттым жалын кылып чок темирди.

Түшүмдө эркеледиң, эркеледим,
«Сен менин жалгыз гана эркем» – дедиң.

* * *

Уктасам сонун түш көрдүм,
Түшүмдө чачың сен өрдүң.
Чачтарың кундуз жымылдап,
Көркүңдү ачты мөлмөлүм.

Уктасам сонун түш көрдүм,
Түшүмдө ойноп бир жүрдүм.
Ар кандай кызык кеп айтып,
Көңүлүң ачып күлдүрдүм.

Уктасам сонун түш көрдүм,
Кези экен жазгы көктөмдүн.
Көздөрүң жайнап турса да.
Тартынып, чоочуп өппөдүм...

* * *
Мен жүрсөм алыс жолдо тоолор ашып,
Жыргапсың досум менен кучакташып.

Мен жүрсөм кыйын жолдо өңдөн азып,
Ойнопсуң досум менен көңүл жазып.

Кайрылып конушума келгенимде,
Каргандың касам ичип жан талашып.

Ошондо дүйнөм күйүп, заман тарып.
Бетиңе түкүрдүм да, кеттим басып.

* * *
Кырк жыл болду кыйраганга махабат.
Унутулбай, түйшүк салып жүрөсүң.
Түштөрүмдө кээ бир кезде жабыркап,
Кээ бир кезде каткырасың, күлөсүң...
Таарыныч жок, моюндашып, жан жыргап,
Жаш кезиңдей оюнкараак мүнөзүң.
Сезимимди дүүлүктүрүп, жалдырап,
Кумарлантып көздөрүңдү сүзөсүң.
Башым ийип, кучагыңда магдырап,
Кул боломун, жалбарамын бир өзүм.
Капысынан ойгономун, таң атат.
О кантейин жашка толот көздөрүм.

* * *
Мен көрүп кокусунан сүрөтүңдү,
Эстедим эчак өткөн айлуу түндү!
Зарыгып, санаа тартып, жолуң карап,
Эстедим бак ичинде күткөнүмдү!

Мен көрүп кокусунан сүрөтүңдү,
Эстедим колуң кармап жүргөн күндү!
Жоготуп эс-акылды, алоолонуп,
Эстедим өпкөнүңдү, өпкөнүмдү.

Мен көрүп кокусунан сүрөтүңдү,
Кубандым тапканымдай үмүтүмдү.
Жүрөсүң жүрөгүмдүн бир четинде,
Сен дагы кээде эскерип жүрөсүңбү?..



* * *
Кайда кеттиң, кайсы жерде жүрөсүң.
Эрмегиң ким кимдер менен күлөсүң?
Баягыдай наздуусуңбу жаркыным.
Кандай жашап, кандай өмүр сүрөсүң?
Айыктыбы жараланган жүрөгүң,
Жумшардыбы таштан катуу мүнөзүң?
Эсте турат, эстен али кете элек,
Нуру күчтүү күлүңдөгөн кой көзүң...
Түштөрүмдүн тынчын алып ойготот,
Жаным кыйнап эрке сөзүң, бал сөзүң...
Каткырасың кучак жайып эркелеп,
Уйпаласам ак эмчегиң, ак төшүң...
Кээ бир чакта баргым келет кайрадан,
Кечиргин деп башым ийип мен өзүм.

## КҮЙӨ БЕРЕТ

Тик карабай аткый тиштеп бармагын,
Эмнеликтен үшкүрөсүң ардагым?
Айтпасаң да түшүнөмүн ар жагын,
Көкүрөктө күйүп жатат арманың.

Күйө берет миң жеринен тутанып,
Күйө берет жалын болуп от, жанып.
Күйө берет турсаң дагы кубанып,
Күйө берет күл-күкүмдөн куралып.

* * *
Өкүнттүң, өкүнткөнүң өкүнүчтүү,
Өч алдың аңдып жүрүп өтө күчтүү.
Айыкпайт жүрөгүмө салган тагың.
Айтчы сен, жылан белең уулуу тиштүү!?

* * *
Айтчы сен, кадимкиндей күлөсүңбү,
Мемиреп тынч уйкуңда таңды жарып?
Кокустан түштөрүңдө жүрөсүңбү,
Өзүмдөй эрме чөлдө болуп карып?..

Айтчы сен, түштөрүңдө туйлайсыңбы,
Эркелеп таң аткычаң уктап жатып.
Өзүң да шордуу жаным ыйлайсыңбы,
Ойдолоп жаздыгыңа жаш кургатып?..

## СЕН ЖӨНҮНДӨ

Сен жөнүндө ойлономун кайрадан,
Башым катып толгономун кайрадан.
Кыйналамын таң атпаган түндөрдө,
Туура келбей болжогонум кайрадан.

Сен жөнүндө түш көрөмүн кайрадан,
Колтукташып бир жүрөмүн кайрадан.
Капысынан түн жарымында ойгонсом,
Мурдагыдай түнөрөмүн кайрадан.

Сен жөнүндө ыр жазамын кайрадан.
Аяп койбой, көп сызамын кайрадан.
Ойлоп жүрбө, эми кайра келет деп,
Кадимкидей мен ызамын кайрадан.

Издебегин толкундарды аралап,
Табалбайсың эч бир жандан жол сурап.

## ТҮШҮМДӨ ЖАЗЫЛГАН ЫР

Жүрөктө жаткан сырдансың,
Атылып чыккан ырдансың.
Бычагым жүргөн кындансың,
Азапка салган зындансың.
Бүт элим билген чырдансың,
Чокусу бийик кырдансың.
Эч качан өчпөс нурдансың,
Аягы бүтпөс жылдарсың...

## СҮРӨТТӨРҮҢӨ

Кайрадан карап чыгып сүрөттөрүң,
Эстедим эң бир сонун доор өткөнүң.
Мен кантип унутайын тирүү кезде,
Жалбарып сен өпкөнүң, мен өпкөнүм!...

Биринчи бирге түшкөн биздин сүрөт,
Уялып унчукпайсың толкуп жүрөк.
Мен турам чекем тердеп сол жаагында,
Сүр басып, анын баары эсте жүрөт.



Мынакей башка сүрөт катарлашкан,
Жүрөктөр жалын чачып жакындашкан.
Көрүнбөйт башка жандар көзүбүзгө
Макулбуз түшүп кетсе көкмөк асман.

Дагы да отурабыз моюндашып,
Дүйнөдө биз жалгыздай ашып-ташып.
Капыстан кол үзүшүп каска айландык,
Тагдырга биз экөөбүз кайдан жаздык?

Карасам башка сүрөт, жалгыз өзүң,
Арбайсың кадимкидей сүзүп көзүң.
Азыр да чынын айтсам күйүп кетем,
Эстесем мага жаккан шок мүнөзүң...

Сен билген бирге түшкөн далай сүрөт,
Карасам жүрөк эзип, ич күйдүрөт.
Канчалык биз экөөбүз жоо болсок да,
Сүрөттөр өз алдынча өмүр сүрөт!

Кайрадан карап чыгып сүрөттөрүң,
Эстедим эң бир сонун доор өткөнүң.
Мен кантип унутайын тирүү кезде,
Жалбарып сен өпкөнүң, мен өпкөнүм...

## ЭМНЕ ҮЧҮН?

Эсимден чыкпайт эч качан,
Эрчишип бирге басканым,
Эркелеп жыттап мойнуңдан,
Эзилип бирге жатканым.
Эс танып билбей калчубуз,
Эртеңки таңдын атканын.
Экөөбүз эми кас болдук,
Эмне үчүн сүйкүм аппагым?..

## ТҮШҮМӨ КИРЕ БАШТАДЫҢ...

Түшүмө кире баштадың,
Түйшүккө салып кутманым.
Жалбарып жыттап бетинден,
Ойгонбой жыргап уктадым...

Чачыңды. кундуз тарайсың.
Жаркылдап жайнап карайсың.
Жап-жарык кылган көңүлдү,
Он бешке толгон сен айсың...

Мынчалык жыттуу алкымың,
Жаш кезде тапкан жаркыным.
Сен өпсөң – кайра мен жыттап,
Коргошун сымак балкыдым.

Кармасам үркөт эмчегиң,
(Жаш кезде канча эзгенмин)
Махабат батпай жүрөккө,
Кыялым шаңшып кезгенмин.

Үн созуп муңдуу ырдадың,
«Унутпа» – дедиң жыргалым.
Өзүңдү кантип унутам,
Жүрөктө жатса сырларың?

Солкулдап көпкө ыйладың,
Кечирим сурап кыйнадың.
Өзүңдү кантип кечирем,
Унутуп азап жылдарым...

Түш экен кетсем ойгонуп,
Төшөктө жаттым ойлонуп.
Түшүңө кокус мен кирип,
Жатпагын сен да толгонуп?...

* * *

Аван салып ырдап берчи азабымды,–
Сүйгөн жарым кокус чанып азганымды.
Күн карарып, жан карарып, жабыр тартып,
Көз жаш төгүп ырларымды жазганымды!

Аван салып ырдап берчи күйүтүмдү, –
Жаш кезимде башка түшкөн караан түндү.
Ынак достор үйүм өрттөп кол чабышкан
Итчилигиң – тыйпыл кылып үмүтүмдү!

Аван салып ырдап берчи жүргөнүмдү, –
Ичимде муз, көзүмдө кан күндөрүмдү,



Өжөрлөнүп, сыр алдырбай баш көтөрүп,
Кастар менен какшыкташып күлгөнүмдү.

Аван салып ырдап берчи күткөнүмдү,–
Толкундаган жолун күтүп айлуу түндү.
Боюң салып кучагыма киргениңде,
Ишенбедим: «Бул өңүмбү, же түшүмбү?»

Ырдап берчи, кучакташып өбүшкөндү,
Жалбарышып ысык жаштар төгүшкөндү.
Жарык дүйнө унутулуп, асман күйүп,
Иллазаттын аптабында өлүшкөндү!

* * *

Айрылып сендей чүрөктөн,
Азапта кыйын күн өткөн.
Кучактап жыттап көп өпкөм.
Өзүңдү көрүп сүрөттөн...

## МЕН ЖАҢЫЛДЫМ

Мен жаңылдым: өтө катуу жаңылдым,
Жүрөгүмдөн кеткис ишке кабылдым.
Эмнеликтен арам толгон ичине,
Жер куруткан бузуктарды дос кылдым?

Мен жаңылдым: өтө катуу жаңылдым,
(Ошон үчүн өртүндөмүн жалындын)
Эмнеликтен жаным үрөп аңдабай,
Акылы аз аял затты жар кылдым?

* * *

Сен неге күйгөн жанга от жагасың,
Болгондой дүйнөдөгү жеткен касым?

Өчөшүп эмнелерди кылганың жок,
Өзүмдөн башка такыр жан укпасын.

Айтчы сен: чын жүрөктөн каалайсыңбы,
Жанымдын алоолонуп жалбырташың?

Көрсөм деп тилек кылып жүрөсүңбү,
Жанымдын чагылгандай жаркылдашың?

Бир күнү азабыңдан күйүп кетсем,
Жалыным сага кокус жабылбасын?

Кантейин – аяп кетем кыялбаймын,
Эч качан көргүм келбейт көзүң жашын.

Мейлиге: мен күйөйүн, күл болойун,
Сен күйбө: гөөхар сымак асыл ташым.

Тилеги Камбарыңдын дайым жаркын,
Каалабайт жалын сага жакындашын...

## САГЫНСАМ

Сагынсам – Сагынганым өзүң жоксуң,
Өчпөгөн жүрөктөгү кызыл чоксуң.
Өмүрүм өтүп барат арман менен,
Сендейди турмушумда тапкан жокмун!

Билбейсиң, түшүнбөйсүң сагынчымды,
Эч качан жазылбаган таарынчымды.
Ким билет азабымды уктап жатып
Жаздыкка тамган менин көз жашымды!

Көз жашым беттеримде тегеренет,
Арданып, жан карарып өлгүм келет!
Не деген ырайымсыз таш боор жансын,
Дозокто күйгөнүңдү көргүм келет!

* * *

Жаным күйөт жалжал көзүң эстесем,
Жалын болом – жалгыз өзүң сен десем.
Кыялымда бүт дүйнөнү кыдырып,
Табалбаймын сага теңдеш издесем.

Сенин шаарың бир өзгөчө көрүнөт,
Түнү жарык – айдын нуру төгүлөт.
Көңүлүмдү майрам кылат ойлосом,
Жүргөн кезди алкымыңдан өпкүлөп.

Толкун болом тоодон ашып кеткендей,
Түндүк шаарга чамынамын жеткендей.
Күйүтүңдө азап тартып жүргөндө,
Кайдан билем: сен унутуп кеттиңби, эй!



* * *

Көңүл калды көп нерседен жалкыткан,
Азап тарттым акыл-эсим жоктуктан.
Жалгыз гана ырлар калды дем берер,
Кайратымды көккө тиреп толкуткан.

Көңүл калды: бай болуудан, токтуктан.
Коркпойм такыр: жакырчылык, жоктуктан.
Көкүрөктө толкуп турса ырларым,
Түк тоготпойм: жоолорумду коркуткан.

Көңүл калды: азоолуктан, шоктуктан,
Түн көтөрүп, шарап ичкен мастыктан.
Мындан ары тилегеним, күткөнүм,
Жаркын ырлар жүрөгүмө бек туткан.

## МЕН ӨЛСӨМ

Мен өлсөм, алтыным сен тирилбейсиң,
Авада көпөлөктөй дирилдейсиң.
Айтчы сен, уккум келет акыйкатты,
Өзүмдү сүйдүң белең, эмне дейсиң?...

Мен өлсөм, аласыңбы, укмуш мөөрөй,
Жамбылар, алтын, күмүш, сансыз төөлөр.
Дүйнөнү ала бергин, жыйнай бергин,
Унутуп уят-сыйыт бетиң көөлөр.

Кегиң бар: унчукпайсың, унчукпайсың,
Жообуңду көзүм карап, тик айтпайсың...
Баш ийип жарашууга макул болсом,
Жыландай өз антыңдан не кайтпайсың?..

Жыргалым аял эмес, жылан белең,
Билбестен жыттап жүрдүм кантип денең?
Көзүм жок, кулагым жок байкуш белем,
Алданып бал тилиңе мен ишенген?

Ойлосом ошол кезди күйүп кетем,
Калчылдап аптап күндө дир-дир этем.
Таппаймын жаңы дүйнө тарыхынан,
Амалкөй кыянатчыл өзүңө тең...

* * *

Кайрадан окуп каттарың,
Түшүндүм жүрөк даттарын.
Азыркы кезде сен дагы,
Каттарым окуп жатпагын.

Кайрадан окуп каттарың,
Эстедим жаштык чактарым.
Экөөбүз сезбей калчубуз,
Агарып таңдын атканын...

Кайрадан окуп каттарың,
Жүрөгүм толкуп апкардым.
Кат жазып койсоң болбойбу,
Карыган кезде аппагым...

Каттарда жатат сагыныч,
Кусалык, күйүт, тарыныч.
Сөздөрү жүрөр жүрөктө,
Келгичең ажал-жан алгыч.

* * *

Жүрөктүн эзип тактары,
Жүзүмдү кайгы каптады.
Айыга турган түрү жок,
Уламдан күчөп катмары.

Эсимден такыр чыкпайсың,
Эзилип мага ыктайсың.
Элестеп сени отурсам,
Эгиздеп учкан куштайсың...

* * *

Асманда күйгөн жылдызым,
Барбысың, өзүң, барбысың?
Убадаң кайда сен айткан:
«Жүрөктүн алгын барысын».

Сен күлсөң шайыр шаңкылдап,
Көздөрүң күйүп шам чырак.
Билесиң, өзүң. Билесиң,
Күндөрүм өткөн жалдырап



Сен жүрсөң жайнап жаркылдап,
Элестей түшчү таң аппак.
Унутуп түндү калдыңбы,
Өткөргөн өзүң кучактап.
Асманда күйгөн жылдызым,
Таалайым, бактым, ырысым.
Кекеткен мени кечирбей,
Бар беле күнөө-кылмышым?

* * *

Тирүүлүктө сага айтпаймын арманымды,
Жүрөгүмдө кайнап жаткан сырларымды.
Көзүм өтсө, калыс болсоң түшүнөрсүң,
Жаным күйүп, жан карарткан ырларымды!

Түшүнөрсүң, түшүнбөссүң... чоң табышмак,
Илгертеден өлгөн жанга ким жабышмак,
Жакшы кезди, жакшы күндү бүт унутуп,
О, тагдыр-ай, сен жүрөсүң көңүл шат!

Сен жүрөрсүң ойноп-күлүп көңүлүң шат,
Жагынам деп бир шордууну бек кучактап.
Акыйкат сөз: аял затка ишенбеймин,
Коёруң чын жалган сүйлөп, мени ушактап.

Ырасын айт: тагдыр шарты ошондойбу,
Жан сатпаса, аял баркы бошоңдойбу?
Андай болсо, бул турмушуң куруп калсын,
Биз эркектер не сүйөбүз аял жойду?

Андай болсо, бул сүйүүнүн кереги жок,
Кереги жок, бул сүйүүнүн тереги жок.
Тереги жок, жан кубантар белеги жок,
Белеги жок, куруп калсын иттей боздоп!

## АНАН КАНТИП ТЫНЧ УКТАЙСЫҢ?

Өзүңдү бассам-турсам эстей берем,
Анткени жүрөгүмдө сүйүү терең.
Атайы куп азапка салып коюп,
Табалап өчөшкөнүм өзүң белең?

Түшүмө кайра кирдиң күлүмсүрөп,
Эркелеп жалынасың жанынң үрөп.
Арадан чейрек кылым өтсө дагы,
Толкундап катуу согот шордуу жүрөк.

Эч качан тынчып сокпойт шордуу жүрөк,
Сезимде бороон улуп, күн күркүрөп.
Ааламды каптачудай албууттанып,
Күрпүлдөп жээктен ашып селдер жүрөт.

Ошондо жаның кейип жер муштайсың, –
Канаты сынып калган бир куштайсың.
Махабат эзип жатса жүрөгүңдү,
Айтчы сен: анан кантип тынч уктайсың?

* * *

Түн жармында капысынан ойгондум,
Кирпик какпай кайра сени ойлондум.
Таарынамын тардыгына тагдырдын,
Мени чанып, о, жыргалым не болдуң?

Кайра дагы таң уйкумдан ойгондум,
Ары оонадым, бери оонадым, толгондум.
Татаал экен жүрөк эзген махабат,
Өзүн чанып өзүм дагы не болдум?

## СЕН ДЕГЕНДЕ

Сүйдүм сени – сүйгөнүмдө жок арман,
Сүйгөнүмдөй өзүм жазган чыгармам.
Түштөрүмдө кучагымда жүрөсүң,
Ушунчалык ашык белем мен саган?

Кыйын кезде таштап кеттиң, саргарттың,
Чымыркантып бел ийилтип жүк арттың.
Кырк жыл бою кыйын турмуш өткөрүп,
Азабында ыйлап жүрдүм оор дарттын.

Сен дегенде күрпүлдөгөн сел болдум,
Тоо көтөрүп, тоготпогон бел болдум.
Тоодон ашып, какшык чөлдү сергиткен,
Саратанда жан жыргаткан жел болдум.



Сен дегенде аска болдум, таш болдум,
Аягы жок агып жаткан жаш болдум.
Унутпадым Сахаранын чөлүндө,
Барбы сага мындан артык мактоонун?

Сен дегенде жок да болдум, бар болдум,
Көргүм келип, мен көрүүгө зар болдум.
Ушунчалык таш боор белең, түшүнбөйм,
Таштап кеткен азабына тар жолдун?

Сен дегенде карабадым намыска,
Сапар жүрдүм, карабастан алыска.
Азабымды сенден башка түшүнбөс,
Түшүнбөсөң – ортого сал калыска.

Сен дегенде жакын кылдым касымды,
Эл алдында төмөн кылдым башымды.
Лалаханым, жүрөк өрттөп сүйгөнүм,
Көзүң сүзүп, серпип койчу кашыңды...

Сен дегенде досторумдан кол үздүм,
Кычыраган кыш мезгилде көл сүздүм.
Жүрөк токтоп, жаным чыгып баратып,
Көз алдымда элестеттим ак жүзүң...

Сен дегенде жолдор бастым жыңайлак,
Бирде күлүп, бирде сооροп, бирде ыйлап.
Койгонуң жок, бооруң ооруп, ал сурап,
Жатканымда көз тунарып кансырап.

Күндөр өттү, жылдар өттү ыраактап,
Эсте калбай канчалары кылактап.
Унутулбай эсте турдуң ардайым,
Тагдырыма ошон үчүн ырахмат!

* * *

Ошол күнү чалмак элең телефонду
Унчукпадың... боорукерим эмне болду?
Чылым тартып ызаландым, ойго кеттим;
О, жаркыным, ушул кезде, эсен-сообу?

Ойго кеттим: ойлор келип не бир түркүн,
Кулагымда шыңгыр этип назик күлкүң...
Көз алдымда кино болуп кайталанды,
Табышмактуу сүйлөгөнүң кечээ күнкүң...

* * *

Сиз мени себеби жок күйгүзөсүз,
Апачык билип туруп мен күнөөсүз.
Табалап, ичиңизден кыт-кыт күлүп,
Калп эле кабак чытып, көз сүзөсүз...

Сиз мени ак жеримен күйгүзөсүз,
Болгондой ак перидей сиз күнөөсүз.
Эч качан эп келбеген айып коюп,
Сиз кантип, кабак чытып көз сүзөсүз?

* * *

Көпту көргөм, ошол көптүн ичинен
Көрүнөсүң таңкы Чолпон жылдыздай.
Элестейсиң эстен чыкпай эркелеп,
Бала кезде өзүм сүйгөн бир кыздай.

## ЭР ЖИГИТКЕ

Эр жигит кагыласың, согуласың,
Турмушта көп нерсеге жолугасың.
Досту да, душманды да ажыратпай,
Бардыгын бир өзүңө жоо кыласың.

Айрылып канатыңдан, куйругуңдан,
Бир күнү мастыгыңдан соолугасың.
Кайрадан бакыт консо, унут калып,
Эч кимди көзүңө илбей оолугасың...

Ошондо арман кылып жашың төкпө,
Кайгы жеп, башың салып төмөн чөкпө.
Кайрадан кайраттанып, чымырканып,
Көгөрүп таш тиштегин, умтул көккө.

Эгерде бел майышпай тура билсең,
Жагасың бирөө эмес, жалпы көпкө.
Кокус сен ызаланып ичип кетсең,
Айтышат: «Бир шордуу жан калбыр өпкө».

* * *

Кеч түшүндүм татаал турмуш сырларын,
Ашканымда отуз жаштын кыр жагын.



Сөзүм уккун: замандашым тыңдагын,
Мен кетирген каталарды кылбагын.

Турмуш күрөш, аңдып турат түшүнсөң,
Жаза бассаң кадам сайын азгырат.
Жер өмгөктөп, башың ийип жүгүнсөң,
Боор ачыбай, шылдың кылып каткырат.

Татаал турмуш ызаласа, каткырса,
Бел байлагын, моюн сунуп алдырба.
Эгер кокус эркелетип жактырса,
Дардалаңдап капилеттен алдырба.

* * *

Ынак достор өч болушту капырай,
Эстен чыгып сонун кездер такыр ай.
Адамдардын кулк-мүнөзү бузулду,
Болобу дейм заманыңдын акырай!

Эски кастар дос болушуп ынтымак,
Колтукташып бирге жүрөт кеч убак.
Аалам түшкүр тыйпыл болуп кетпесин,
Атом бомба кырсыгына учурап.

* * *

Көрбөстөн таңдын атканын,
Сезбестен күндүн батканын.
Чүмкөнүп үйдө жатамын,
Эскерип жаштык чактарым.

Досторго койдум жолобой,
Башканы койдум ойлобой.
Үйүмдө өзүм жалгызмын,
Талаада өскөн сомодой.

Уктасам кызык түш көрөм,
Кучактап өзүң бир жүрөм.
Ойгонуп кетсем капыстан,
Сыйпалап таппай үшкүрөм.

Көп нерсе менен коштоштум,
Жалгыздык менен достоштум.
Азамды жеңип акыры,
Өзүңдү мактап ыр коштум.

Көрбөстөн таңдын атканын,
Сезбестен күндүн батканын,
Чүмкөнүп үйдө жатамын,
Эскерип жаштык чактарым.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Аялым жок, балдарым жок жанымда,
Жанга батып жабыркаттың жалгыздык.
Жаш кезимде ташыркаттың жалгыздык,
Ашыглыктан манчыркаттың жалгыздык.
Кээ бир кезде алсыраттың жалгыздык.
Көз тунартып кансыраттың жалгыздык.

Аппырттым бейм: жаңыламын жалгыздык,
Тынч кезиңди сагынамын жалгыздык.
Кубанчыңда ыр жазамын жалгыздык,
Ак пейилден чын жазамын жалгыздык.
Урматыңа сыйынамын жалгыздык,
Отторуңа жалынамын жалгыздык.

* * *

Ишенип кой: жат болсок да түбөлүк,
Унутулбайт. канга сиңген элестер.
Эске түшсө бирге жүргөн кезектер,
Сезим түшкүр жанган оттой дүрт этер.

Ал элестер капилеттен ойгонот,
Жылан өңдүү кучагыңда соймолоп.
Делебеңди кээде сонун козголоп,
Кээде жаным кокус тийген ток болот.

Кыйналганда бармагыңды тиштейсиң,
«Унутулгус каргашалуу иш» – дейсиң...
Айласыздан сыр алдырбай эч кимге,
Караанымды туш жагымдан издейсиң...

Ошол кезде узун каттар жазбагын,
Кечиргин деп телефон да чалбагын.
Же болбосо намызыңды тебелеп,
Үйгө келип, үйдөн кабар албагын.



Суранарым бир тал чачты отко сал,
Мен келемин ызаларым унутуп.
Ак боз атка учкаштырып кетемин,
Азабыңдан биротоло кутултуп.

* * *

Апакай жоолук салынып,
Жаркылдап күлүп жагынып,
Жаныма келип жатасың,
Калгандай мени сагынып.

Көкүрөк кегим тарабай,
Көгөрүп сага карабай,
Тетири карап сүйлөбөйм,
Тежиктүү тентек баладай.

Түшүмдөн чочуп ойгоном,
Сыйпалап таппай толгоном.
Уйкулуу көзүм ачылып,
Уктабай көпкө ойлоном.

Кайрадан кетсем үргүлөп,
Күркүрөп сайдан жел жүрөт.
Сен түшкөн кайык калкылдап,
Жоолугуң көзгө көрүнөт.

## ИШТӨӨ КЕРЕК

*«Достон да, душмандан да көңүл калды»*
Абай.

Жашырбаймын: атаң-даңкка кызыктым,
Алга умтулдум, жол талаштым, тырмыштым.
О, дүнүйө! Ушунчалык кызыксың,
Аягында бутум тайып жылмыштым.

Тарынбаймын тагдырыма, эч кимге,
Көңүл калды көп нерседен түбөлүк.
Ойлоп-ойлоп макул болдум чечимге,
Иштөө керек: артта калсын күбөлүк.

Иштөө керек кара жанды аябай,
Айың сөзгө, кемсинтүүгө карабай..
Иштөө керек күнү-түнү жадабай,
Жакшылыкты-жамандыкты санабай.

* * *

Ак периштем, асыл затым,
Кол алышып кармашпайбыз.
Он жыл эмес, жүз жыл өтсүн,
Биз экөөбүз жарашпайбыз.

Жан жыргалым дөөрүп жатам,
Уйку-соодо жөөлүп жатам.
Анда неге түштөрүмдө,
Көздөрүңдү көрүп жатам.

Көз ирмесем - жанымдасың,
Жүрүп турган канымдасың.
Мен ойгонуп таппай калам,
Эмне деген азоо жансың...

Жалгыз жүрсөм кылчактаймын,
Угулгансып кадамдарың.
Кулагымдан такыр кетпейт,
Жан эриткен авандарың.

Кездер болот унутулгус,
Моюндашып өбүшкөн.
Кездер болот карап тургус,
Мончок жаштар төгүшкөн.

Жан жыргалым дөөрүп жатам,
Мас кезимде жөөлүп жатам.
Биздин жолдор биригишпейт,
Анын баарын көрүп жатам.

* * *

Караңгы түн... Үйдө жалгыз отурам,
Кыялымда көп нерсени болтурам.
Уйкум качып, кээде басам, тик турам,
Бокалыма кызыл шарап толтурам.

Билем азыр калп жеринен жагынып,
Асыласын өз күйөөңө жалынып.
Ал шордуу жан көз тунарып, багынып,
Жаткан чыгар иллазатка малынып,



Аңкоолукка кыт-кыт күлүп кашкайып,
Кыялыңда кучактайсың мойнумду.
Моокуң канып, жаздыгыңа жаш чайып,
Элестейсиң эчен түркүн ойнумду.

Мени элестеп, күйөөнүңдү желкелеп,
Сен жатасың калп жеринен эркелеп.
Эгер билсе кокусунан күнөөңдү,
Ал өкүрмөк кара жерди тепкилеп.

Такыр билбейт: ошон үчүн бактылуу,
Аты бар, кызматы бар айтылуу.
Бой көтөрүп, кабак түйүп дымактуу,
Иштен кайтса - сен жылмайып акыштуу.

Эриң жокто сен телефон чаласың.
Сүйөм деген убадамды аласың.
Тиги жаман үй кучүгү болду деп,
Жашың төгүп, эпсиз чатак саласың.

Кечирип кой! Өзүм калдың алданып,
Мен сүйөмүн башка жанды саргайып.
Ишендирдим бал сөз менен карганып,
Билип туруп – аял алдоо – чоң айып.

# ЛАЛАХАН КАЗАЛДАРЫ

* * *

Жолун жолдоп улуу бабам Хафыздын,
Казал жазып, көзүмдөн жаш агыздым.

Туюк сырдуу туман, ызгаар күндөрдө,
Жүрөгүмдөн бугум чыкпай, мен аздым.

Түндөр өттү түйшүк менен таң аткан,
Көз ирмебей бетин карап кагаздын.

Көңүлдөгү көп купуя сырларды,
Жашырбадым, ачык айтып бүт жаздым.

Өтө татаал ыр түрүндө Чыгыштын,
Замандашым өзүң менен сырдаштым.

Камбаралы казал сунат, окурман,
Кана эмесе, барактарын сен ачкын!

## 1

Сен кимсиң, тагдырсыңбы, таалайсыңбы,
Сен мага жакшылыкты каалайсыңбы?

Көрбөдүм көздөрүңдү, каштарыңды,
Көрбөдүм телефондон айдайсыңбы?

Добушуң коңгуроодой көңүл козгоп
Эритти. Тилиң ширин балдайсыңбы?



Үнүңдү тыңшай берип сүйүп калдым,
Эркекти магнит сымак арбайсыңбы?

Көркүңө, көңүлүңө чын берилсем,
Лалахан кадыр жетип баалайсыңбы?

Аялдан көөнүм калган жүрөк зарлап,
Көп өтпөй чыр-чатагың салбайсыңбы?

Жан эркем, жүрөк сырым билип алып,
Сен дагы жер каратып алдайсыңбы?

Ачык айт, Камбаралы чындык сүйөт,
Артынан убадаңды танбайсыңбы?..

## 2

Араласаң биздин шаарды тең жарып,
Арт жагыңдан ээрчип жүрөт миң гарып.

Салам айтып, жагынышып өтүшсө
Карабайсың, унчукпайсың кумсарып.

Эңсегениң бет маңдайдан кезикпей,
Эрдиң тиштеп, ызалуусуң жер тарып.

Издегениң өзүм болуп жүрбөйүн,
Беттей албай, четте турам апкаарып.

Кантип сага сөз айтууга батынам,
Кантип сага салам берем түз барып!

Койсом деймин баскан сенин жолуңа,
Бүт талаанын кызыл гүлүн алпарып.

Койсом деймин журт көзүнчө тартынбай,
Жүрөгүмдү бут алдыңа аңтарып.

Сен баратсаң жан тоготпой көчөдө,
Жүрсөм деймин айланаңда куу чалып.

Караңгыда, жалгыз өзүң калганда
Алсам деймин наз белиңе курчалып.

Түнөрөсүң, унчукпайсың Лалахан,
Камбаралы кор болобу, мынчалык!

### 3

Теңдеши жок, пейли сонун улугум,
Узун чачтуу, кымча белдүү сулуубум.

Бассаң-турсаң жаман-жакшы ээрчишет,
Көрсөм дешип ак жүзүңдүн тунугун.

Билген жандан жата калып сураймын
Ата тегиң, тууган жериң, уругуң.

Унчугушпайт, жашырышат тымпыйып,
Ара жолдо затың билбей курудум.

Кээ бир түнү таппай калып изиңди,
Караңгыда ач бөрүдөй улудум.

Жуучу салып, арбын калың төлөйүн,
Жашырбачы, кимдер сенин тукумуң?

Ат-Башыбы, Чоң-Алайбы, барайын,
Кайда сенин мекендеген туругуң?

Камбаралы куру бекер жүрбөсүн,
Баса сага, барбы менин укугум?

### 4

Суктандырат көргөн жанды дидарың,
Көргүм келет такыр канбай кумарым.

Тилек кылам, максат кылам өзүңдү,
Болсочу деп мойнумдагы тумарым.

«Бул дүйнөдө эмне керек айт десе»
Сен болмоксуң тагдырымдан сурарым.

Кереги жок, көргүм келбейт башканы,
Жалгыз сенсиң оюн-күлкү курарым.

Карыбайсың, баш ийбейсең мезгилге,
Дайым көрсөм – он сегизде курагың.



Көп жыл болду, издеп жүрүп таппадым,
Жашырбачы кайда сенин турагың?..

Амал менен аркан салып өтсөм дейм,
Баш айланат. Мынча бийик дубалың?..

Жан талашып, чымырканып ашарда,
Бутум тайып, капысынан куладым.

Там башынан күлкүң чыгып, кордодуң,
Сен асылым – Лалаханым ынагым.

Камбаралы сен деп жүрүп өксүдү,
Калыс болчу, кимге менин убалым?..

### 5

Бийик жаным, аппак аткан таңдайым,
Сен деп жүрүп тең тешилди таңдайым.

Жаным төшөп, жаным берген жардайым,
Суу сыяктуу жалгыз сенден танбайым.

Он сегизде толуп турган кыздайым,
Тил албасаң, терс карасаң сыздайым.

Кубарбаган, өңү кетпес сырдайым,
Сенсиң ырым – өмүр бою ырдайым.

Таң эртеңден жаңы жааган кардайым,
Сергитесиң кубат берип ар дайым.

Жазда бүрдөп, көркү чыккан талдайым,
Күлүп койсоң күлүк аттай талбайым.

Чөбү таза Суусамырдын балдайым,
Камбаралы сенин кулуң ак айым.

### 7

Мелт-калт этип шарап куйган чөйчөгүң,
Көкөй кести көкүрөгүң, көнчөгүң.

Көз кылгыртып, сынап карап астыртан,
Көп текшерип, канча жолу өкчөдүң.

Жүрөгүмдү тең жарчудай толкутат,
Жибек көйнөк түртүп турган эмчегиң.

Бир караса жеңил-желпи мүнөзүң,
Бирок күчтүү билинбеген өктөмүң.

Сен билесиң, өзүм билем, арман күн.
Кур асылып, күндөр бекер өткөнүн.

Канча жолу жолуксак да экөөбүз,
Моюндашып, ак бетиңден өппөдүм.

Ырлар жаздым, жалгыз сени даңктадым,
Кызмат кылып, кыя алдыңдан өтпөдүм.

Сени сүйдүм, сүйгөндүгүм эл билет,
Жаркын жүзүң жаным менен өлчөдүм.

Камбаралы чоочун көздөн сактамак,
Эгер болсо, өзүң баткан чөнтөгүм.

## 8

Карай берсем караанын да ак кайың,
Сулуулугуң ашып түшөт ансайын.

Кулагыма коңгуроодой угулат,
Азил сөзүң кайда жүрсөм, баспайын.

Кара кашың жүрөгүмдү тең бөлүп,
Сени көрсөм шарап ичпей, мастаймын.

Мен турганда көзүң салсаң башкага,
Жерге кирип, эл көзүнчө пастаймын:

Кара көзүң арбап койду түбөлүк,
Аялзаттан теңдеши жок наздайым!

Бороон күнү сен жолуксаң көчөдөн,
Кыш сезилбейт, көңүл куунак – жаз дайым.

Карабасаң, теңсинбесең кантейин,
Саратанда жүрөгүмдө муз дайым.



Кимдир бирөө колтуктаса көзүмчө,
Ал шордууну муунтуп коё жаздаймын.

Камбаралы какшап жүрүп карыды,
Бооруң ачып көңүл бурчу ак айым!

## 11

Жүрөгүмө канжар болду кара кашың,
Перисиңби, кымча белдүү карындашым?..

Бассам-турсам ойдо турат, эсте турат,
Эң биринчи көргөндөгү жаркылдашың.

Кат жиберсем кагып салдың, түшүнбөймүн,
Ачык айтчы, барбы менин атаандашым?

Жуучу салдым, белек бердим, жибибедиң
Же болбосо жетишпейби жалдырашым?

Үнчүкпайсың, ушунчалык таш боор белең,
Ишенбесең көрбөйсүңбү көздүн жашын?

Кечирилгис өз алдында күнөөм барбы,
Жүрөгүмдү эзип салды суз карашың?...

Камбаралы күтүп жүрүп ак чач болду,
Жообуң күтөм: болосуңбу сапардашым?..

## 12

Лалаханым, мен – карагай, сен – бурак,
Сен дегенде көз жаш төгөм буркурап!

Лалаханым, мен – табылгы, сен – кайың,
Мынча сени сүйүп калдым шам чырак.

Лалаханым, мен – бүркүтмүн, сен – кептер,
Канатыңды чыйрак серме, жол ыраак.

Лалаханым, мен – сыйкырчы, сен – торгой,
Койгум келет түбөлүккө мен арбап.

Лалаханым, мен – мергенчи, сен – калтар,
Огум тийсе жүрө көрбө сен каргап.

Лалаханым, мен – жүргүнчү, сен – булак,
Ичсем деймин, жутсам деймин жан жыргап.

Лалаханым, мен – колбашчы, сен – чепсиң,
Алгым келет сени курчап, кол курап.

Лалаханым, мен – дыйканмын, сен – пахта,
Чапсам деймин, терсем деймин тер кургап.

Лалаханым, мен – буурамын, сен – тайлак,
Кубаласам, ойносом дейм сай-сайлап.

Лалаханым, сен – асылсың, мен – Камбар,
Жүрсөм деймин эркелетип, кол кармап.

14

Лалахан, жомоктогу сулуусуңбу,
Болбосо таңкы жылдыз нурусуңбу?

Жан эркем, күлүп койсоң күн тийгендей,
Өөнү жок аялзаттан улуусуңбу?

Өзүңдөн баш көтөргөн ар бир адам
Үмүткөр. Сулуулугуң курусунчу!

Жинденип күндө ушак таратышат,
Буткүл шаар кулак түрүп, чуру-чуу-чуу.

Ат арытып түндө келдим, сүйбөйсүңбү,
Аянбастан тоолор желдим, сүйбөйсүңбү?

Теңсинбестен карабадың шылдың кылып,
Ай талаадан гүлдөр тердим, сүйбөйсүңбү?

Өмүр бою баш ийүүгө макул болуп,
Өз жеңеңден кат жибердим, сүйбөйсүңбү?

Тоготпогон текеберлүү жан экенсиң,
Эл көзүнчө антым бердим, сүйбөйсүңбү?

Басып кеттиң кашың серпип, базар жакка,
Аягында бактым бердим, сүйбөйсүңбү?

Сага арнаган казалдарым жолдо калып,
Намысымды көк түгүндөй үйлөдүңбү?



Ушунчалык кол жетпеген кептер белең,
Мен Камбарды көңүлүңө түйбөдүңбү?

16

Карагаттай көзүң сонун жоодураган,
Ошол көздөн өпкөн жанда болбос арман.

Көздөрүңдө жалын ойнойт, жалын жойлойт,
Толкунундай Ысык-Көлдүн карап турсам.

Көздөрүңдүн толкунуна тең келемби,
Бийик жардан тобокел деп боюм урсам.

Толкунунда көздөрүңдүн алп урушуп,
Кээде чөгүп, кээде чыгып оюн курсам.

Эгер кокус чөгүп кетсем убалым жок,
Көңүл бурба мен кыйкырсам, мен жалынсам,

Ой, кара көз, арманым ук, көңүл бурсаң.
Токтой турчу, бой көтөрбөй мага бир саам.

Камбаралы көздөрүңдүн казалчысы,
Өзүң билгин аябасаң, эмне кылсаң.

20

Аскасың көз жетпеген өтө бийик,
Карасам тургансыйсың көккө тийип.

Бийиксиң – бийиктигиң мага жагат,
Жүгүнөм күндө келип, башым ийип.

Чыксам дейм кайраттанып аркан байлап,
Чак түштө бороонуң бар – жолуң кыйык.

Чыксам дейм амал ойлоп, канат байлап,
Айтышат адам барбас жолуң туюк.

Дүйнөдө сага жеткен болду бекен,
Жетсе эгер ошол адам сөзсүз ыйык.

Үмүт бар акыр бир күн жетермин деп,
Камбар да азыр жүрөт күчүн жыйып.

## 21

Жан экенсиң шайыр мүнөз, оюнкарак,
Суктанамын сугум түшүп сени карап.

Күлүп койсоң күлкүң жагат, сен окшойсуң,
Ээн талаада жалгыз өскөн гүл мандалак.

Табийгаттын табышмактуу сырысыңбы,
Көрөр замат жүрөк туйлап, көңүл жанат.

Боюң жакшы, оюң жакшы аппак тамак,
Кетер элем ала качып, болсо канат.

Ойной бергин, күлө бергин бүт жарашат,
Биздин тагдыр оор үшкүрүп, жалдырамак.

Кээ бир кезде болом каип сени карап,
Ошол күнү татпасам да чөйчөк шарап.

Бул турмушта таалай да бар, арман да бар,
Кыска өмүр өтө берет, кызыталак!

Камбаралы дулдул кезде кайда жүрдүң,
Эмне үчүн көрбөй калдым, атаганат!

## 22

Ссуга чөктүм, сени мен унутпадым,
Көз жаш төктүм, сени мен унутпадым.

Жаамы журтка сөз таратып, жер каратып
Тилдеп сөктүң, сени мен унутпадым.

Кыйын кезең катаал тагдыр башка түшүп,
Тизе чөктүм, сени мен унутпадым.

Турагым жок, турарым жок, сурарым жок,
Кезип көчтүм, сени мен унутпадым.

Чырагым жок, жарыгым жок, караңгыда,
Күйүп өчтүм, сени мен унутпадым.

Айла барбы, өтүк менен башка түшсө,
Суу да кечтим, сени мен унутпадым.



Ызаланып, өчүң алып сен жүрөсүң,
Азбы менин азабыңдан уу жутканым?

## 23

Лалаханым, таңкы ачылган гүлдөйсүң,
Көркүң чыгып күндөн-күнгө түрдөйсүң.

Адамзаттын кыялынан жаралган,
Бейиштеги теңдеши жок үрдөйсүң.

Тамашөкөй кыялы бар деп угам;
Азил айтсам унчукпайсың, күлбөйсүң.

Алыстасам үнүң угам каткырган,
Жакын барсам бет кызарып сурдөйсүң.

Дартың барбы, айыкпаган жүрөктө,
Эркелешип, ойноп неге жүрбөйсүң?

Түшүнбөдүм мүнөзүңдү мен такыр,
Жагам десем, какшык айтып сүйлөйсүң.

Айтчы мага жүрөктөгү сырыңды,
Не себептен мен Камбарды сүйбөйсүң?..

## 24

Лалахан, жара болдуң жарылбаган,
Түбөлүк арман болдуң арылбаган.

Сен десем көз ирмелбей таңым атат,
Чок болот денем күйүп жалындаган.

Жыргалым, сүйгөндөрдүн арасында,
Бар бекен мен сыяктуу жалдыраган?

Тилегим жалгыз сени жолуктурсам,
Кол сунуп, кучак жайып жаркылдаган...

Жүзүңдү көз жаш төгүп өбөр элем,
О, анда өмүрүмдө болбос арман!

Эстеймин, элестетсем көз алдымда,
Кол жеткис ак кептерсиң закымдаган.

Кокус сен азыр көрсөң тааныбайсың,
Сөөлөтүм, кебетем бар жабыркаган.

Мынчалык мүңкүрөгөн не байкуш деп,
Көчөдө журт карашат таңыркаган.

Үркүшүп кол беришпейт, баары качат,
Жаныма жан көрбөйсүң жакындаган.

Не кылсын, бир күнөөсү кечирилгис,
Камбаралы ашык болуп жалгыз сага.

## 25

Мынча бийик, мынча калтыс көпүрөң,
Жүрөк даабайт тике басып өтүүдөн.

Кайраттанып күндө келем өтөм деп,
Көпүрөңдөн жан алгычтай көрүнгөн.

Сен турасың тиги жээкте кол булгап,
Мени күтүп көздөн жашың төгүлгөн.

Кумар жазып, кучакташып көрүшпөй
Азап тарттык ашыглыктын өртүнөн

Тобокел деп бел байлаймын көз жумуп,
Өзүң үчүн кош айтышып өмүрдөн.

Баш айланат, жер айланат карасам,
Үнүң уктум аркы жээктен өкүргөн.

Тартынбадым, баса бердим мейли деп,
Куласам да мен ыраазы өптүрсөң.

Камбаралы кармаганда колуңду,
Жарга түрттүң коркпой эркем өлүмдөн?..

## 28

Сен дегенде тоо тиреген толкун болдум,
Тоготподум татаалдыгын азап жолдун.

Эч бир жанга арманымды билдирбестен,
Саратанда, кыш чилдеде күйүп-тоңдум.



Лалаханым, өзүң үчүн күйүп жүрсөм,
Башкалардын колдорунда учуп-кондуң...

Көзүм менен бул азапты көрбөйүн деп,
Жатып алдым тереңинде зындан-ордун.

Күйүт күчтүү: сызда жатып тынч жатпадым,
Жер куйкалап, өрткө аңданды сүйүү шордуум.

Ызам күчтүү: «Барбайм, дедим, тирүү чакта»,
Жатып алдым курчоосунда темир тордун.

Темир торлор чыдабастан ээрип кетти,
Жалынына махабаттын – кызыл кордун.

Камбаралы, эркиң күчтүү жан экенсиң,
Өмүр бою бал ордуна ууну сордуң.

## 29

Айыкпай ырбап барат жүрөк жарам,
Муң айтып арызданып кимге барам?

Көргөндө карааныңды жакын жерден,
Шашылып баш катар жай таппай калам.

Кокустан бет маңдайдан сен жолуксаң,
Толкундап томсоромун айтпай салам.

Асыл зат карабайсың, теңсинбейсиң,
Сүрдөнүп уу жутамын, эмне кылам?

Бир гана сен алдыңда жалтак болдум,
Мактанбайм, шумкар элем түз качырган.

Бир жолу тобокел деп салам айтсам,
Суз гана баш ийкедиң салкын араң.

Сүйөм деп чыным айтып кат жиберсем,
Жообуң жок, жан белемсиң сөзгө сараң.

Лалахан, арнап сага казал жазам,
Кантейин, андан башка барбы чарам?

Кокустан кулуп койсоң, бооруң ачып,
Кубанам, жерге сыйбай мен бечараң...

30

Лалахан, тоготпосоң эмне кылам,
Жаныңа жолотпосоң эмне кылам?

Тартынбай жүрөк сырым айтсам деймин,
Кокустан осол болсом эмне кылам?

Бирөөдөн арнап сага белек берсем,
Теңсинбей албай койсоң эмне кылам?

Издесем көрүнбөйсүң – карааның жок,
Ойлосом көңүл ойрон эмне кылам?

Күн сайын дидарыңды көрсөм деймин,
Турагың бийик коргон эмне кылам?

Өзүңө кезиксем деп эңсеп жүрөм,
Сүрүңдөн, сенден корком эмне кылам?

Жүрөгүм тең жарылып кетер бекен,
Жолуксаң түптүз жолдон, эмне кылам?

Камбардын азап үчүн эрки бекем,
Чыдаймын сен кордосоң эмне кылам?

32

Күндөр өттү терезеңди көп карап,
Көзүм көрбөй карааныңды ак тамак.

Түнү күттүм таң аткычаң жадабай,
Көрүнбөдүң тура бердим жалдырап.

Күнү күттүм, көңүл толкуп, ой санап,
Кеч да кирип, ай жылмайды жаркырап.

Лалаханым, таарындыңбы түбөлүк,
Бооруң ооруп койгонуң жок кол булгап.

Ызаланып азап тартса жүрөгүм
Кулагыма дүкүлдөгү угулат.



Көз алдымда кара кашың, ак жүзүң
Бермет сымак көркү ачылып кубулат.

Балконуңдан жула качып кетмекмин,
Эгер минсем канаты бар дулдул ат.

Дулдулум жок, алсыз болуп отурам,
Армандуу жан, Камбаралы не кылат?

34

Мен бүгүн эң караңгы үйдөмүнбү,
Көрбөдүм жарк-журк этип күлгөнүңдү?

Мен бүгүн ай жарыксыз түндөмүнбү,
Сыйпалап сени таппай жүрбөдүмбү?

Алыстан угулгансыйт шыбырларың,
Билбедим – кимдер бийлейт түндөрүңдү?

Ким угат, мен ошого суктанамын,
Түндөсү жалгыз калып үндөрүңдү?

Жалгызмын, караңгы түн өзүң жоксуң,
Жол карап жолбун иттей үрбөдүмбү?

Лалахан боорукерим, ызаланып
Өзүмдү түк жолотпой сүрбөдүңбү?

Чын айтчы: көргөнүңдө күлбөдүңбү.
Камбардын жабыр тарткан сүлдөрүнү?..

35

Сен дедим, бирок сени табалбадым,
Өзүңсүз сүйүү отун жагалбадым.

Сен дедим, сен дегенде арман күчөп,
Тынч уктап төшөгүмдө жаталбадым.

Сен дедим, сен жөнүндө ырлар жазып,
Кантейин бир өзүңдөн кат албадым.

Сен дедим, сен теңсинбей жүрсөң дагы,
Айыптап жаман сөзгө батынбадым.

Сен дедим, сенсиз мага турмуш жоктой,
Арманым – такыр сага жагалбадым.

Сеӊ дедим, сен дегенде тулпар болуп,
Чуркадым, көрүнөм деп жагалдандым.

Сен дедим, сен дегенде уйкум келбей,
Отурдум, мезгил санап атпай таӊым.

Сен деди Камбаралы өмүр бою,
Астейдил арнап сага казалдарын.

**36**

Күйгүздү, жанга батты кайсарлыгыӊ,
Лалахан чектен ашкан көп кылыгыӊ.

Жок жерден ойноп туруп чыр кыласыӊ,
Же чыныӊ, же оюнуӊ биле албадым.

Бир туруп эркелейсиӊ артист болуп,
Көп өтпөй жаш төгөсүӊ, шам чырагым.

Бир туруп кучактайсыӊ көӊүл ачып,
Көп өтпөй терс карайсыӊ: не жазыгым?

Бир ирет жолуӊ карап күтөмүн деп,
Келгенде таш ыргытып кубаладыӊ.

Бир жолу кучак жайып, жыттап туруп,
Бетимди тырмак салып аймап алдыӊ.

Эмеспи: «Сабыр түбү сары алтын»,
Мен Камбар өзүмдү өзүм көп алдадым.

**38**

Билалбадым, табалбадым дартыӊды,
Сен укпадыӊ кылыч кыйбас антымды.

Арман күчөп, алоолонуп өрт болот,
Түштөн кийин кимге айтамын дартымды?

Жан экенсиӊ аябаган адамды,
Өжөрлөнүп, өзүӊ кестиӊ бактымды.



Унчукпадым, билгизбедим түк сага,
Кармасам да канча жолу калпыӊды.

Айып коюп, таарынгыдай терс карап,
Айтканымдан, убадамдан кайттымбы?

Түнөргүдөй кызыл жүзүӊ кумсарып,
Сен жеӊүӊдө ушак-айыӊ айттымбы?

Текеберлүү мүнөзүӊдү козголтуп,
Ызалантып, абийириӊди саттымбы?

Ортобузда бузукулар жүрбөсүн,
Сени чанып, башка жанга жактымбы?

Жер карайсыӊ ак күйгүзүп Камбарды,
Көк муз болуп, көгөрдүӊбү, каттыӊбы?

**40**

Кандай бүгүн ал-абалыӊ, жагдайыӊ,
Кесепеттүү, кеги күчтүү, айдайым?

Кат жазасыӊ сөз ойнотуп каймана,
Бирок сага тирүү кезде барбайым.

Барсам деймин, көрсөм деймин өзүӊдү
Жүрөгүмдө жол бөгөлөт ар дайым.

Сезим түшкүр баш ийбейт го акылга,
Кыялымда колдон алып, жандайым.

Өзүӊ окшоп, өзүм дагы кекчилмин,
Каргыш кармап, айтканымдан жазбайым.

Эл көзүнчө ичпесем да мастаймын,
Жан ачышса, жинди боло жаздаймын!

Экөөбүздү адаштырган тагдырды,
Жаным кейип, жатып алып каргайым!

Камбаралы ошон үчүн суз дайым,
Капысынан сени көрсөм муздайым.

## 41

Алыстан отуң күйдү бүл-бүл этип,
Ашыгам жылысам деп сага жетип.

Жер кезип жүргөнүмө көп жыл болду,
Тарынып бир өзүңө, кеткем тентип.

Мен жүрдүм эл кыдырып, жер кыдырып,
Өмүрүм кээде толуп, кээде сылтып.

Сапарда чөлдө жүрдүм, чыктым бийик,
Акылдуу сөздөр уктум башым ийип.

Кулагың укпасын да, билбесин деп,
Ийнедей кумга сиңип, кеттим житип.

Өзүңө билгизбедим турагымды,
Издеп сен табалбадың аңдып-тинтип.

Кимде айып? Кереги не териштирип,
Жараны кайра козгоп, антип-минтип.

Камбарың босогоңо келип турат,
Кайрадан кубасыңбы, кагып-силкип?

## 43

Лалахан, көз көрүнө алдадыңбы,
Акыйкат далилдеди жалганыңды.

Өрттөнүп жалын болдум алоолонуп,
Түшүнүп ара жолдо калганымды.

Мен билем, сен билесиң, эч ким билбейт,
Буркурап көз жаш төккөн арманымды!

Сулуусуң, сулуу деген улуу урмат,
Кимге айтам мени шылдың кылганыңды.

Эл билет, өзүм билем ушунчалык,
Таптакыр жанга жакпас жаңжалыңды.

Жашырам, тилим дудук, көзүм сокур,
Кимге айтам жеңил-желпи салмагыңды.



Аттиң деп өкүнгөндөн эрдим тиштейм,
Ойлонуп оң жагымды, сол жагымды.

Күйгүзгүн, күйгүзө бер өлгүчөктү
Өрттөнүп күлү калган Камбарыңды!

## 45

Мен сүйбөсөм – соолуп калган саздаймын,
Шыгым жанбай, ырлар дагы жазбаймын.

Мен сүйбөсөм – бүткүл дүйнөм караңгы,
Саратанда securities терден койбой, муздаймын.

Мен сүйбөсөм – ичкен аштын даамы жок,
Бал татыбайт тамактагы туз дайым.

Мен сүйбөсөм – эч ким менен ишим жок,
Жалгыз жүрөм көңүл чөгүп, суз дайым.

Мен сүйбөсөм – эл ичинде зеригем,
Кол кызыбайт эмне жумуш кылбайын.

Мен сүйбөсөм – аргымагым чапсам да,
Кыбыраймын, бир ордумдан жылбаймын.

Мен сүйбөсөм – Камбаралы шордуумун,
Наркы кетип, ит карабас пулдаймын.

## 46

Жолукпасаң – жапыс болмок асманым,
Жолукпасаң – басмырт болмок басканым.

Жолукпасаң – өрт ичинде жатмакмын,
Жолукпасаң – арман ырлар жазмакмын.

Жолукпасаң – жолуң карап азмакмын,
Жолукпасаң – кереги эмне башканын?

Жолукпасаң – көрксүз болмок дастаным,
Жолукпасаң – арам болмок тkatканым.

Жолукпасаң – атмак эмес ак таңым,
Жолукпасаң – зындан болмок жатканым.

Жолукпасаң – алсыз болмок дарманым,
Жолукпасаң – өөрчүй бермек арманым.

Жолукпасаң – ага бермек көз жашым,
Жолукпасаң – кайда калмак куу башым?

Жолукпасаң – азап тартып кур жаным,
Жүрөгүмө түз сайылмак канжарым.

Жолукпасаң – боюм таштайм Нарынга,
Боор ачысаң Камбарыңды кармагын.

47

Сен жолуксаң – күрүлдөгөн сел болом,
Сен жолуксаң – уюп жаткан бел болом.

Сен жолуксаң – түгөнбөгөн кен болом,
Сен жолуксаң – чалкып жаткан эл болом.

Сен жолуксаң – эрме чөлгө дем болом,
Сен жолуксаң – сокур жанга эм болом.

Сен жолуксаң – океандай кең болом,
Сен жолуксаң – Ала-Тоого тең болом.

Жолукпасаң – Камбаралы шордуу жан,
Көрүнгөнгө шылдың болом, жем болом.

54

Көзүң сонун Ысык-Көлдүн тереңиндей,
Ойноп турат агын суунун ириминдей.

Өзүң сонун адамзаттын тилегиндей.
Көрүнөсүң, жоголосуң көзгө илинбей.

Көркүң сонун Индостандын килеминдей,
Болду бекен сулуу жүздүү ирециңдей.

Тишиң сонун ак мончоктун седебиндей,
Көргөнүм жок жарашыктуу чап мециндей.

Эрдиң сонун Самаркандын килерсиндей,
Сен жүрөсүң баркың билип, жан теңсинбей.



Жытың сонун Ноокатымдын зиресиндей,
Шордуулар бар жашап жүргөн сени билбей.

Сен жүрөсүң Соң-Көлүмдүн чүрөгүндөй,
Кимде болсун асыл сенин жүрөгүңдөй?

Көп жашадым, көрдүм сулуу билесиңби, эй,
Жолукпады аялзаттан анык сендей.

Лалаханым, өзүң турсаң тирегимдей,
Жаным кыям, сени көрөм карегимдей.

56

Лалахан – сөз өтпөгөн тоң моюнум,
Какшатты чучугуму көп оюнуң.

Жаш кезде жагар элең көңүлүмө,
Шаңшыган уларындай бийик тоонун.

Эркелеп кучагымда көзүң сүзүп,
Жалынсаң – өзүң сонун, өзүм сонун.

Кээде мен акылымдан танаар элем
Чыдабай жалынына ысык койнуң.

Жыттасам жытың сенин жыпар эле,
Аялдан артык болчу аппак мойнуң...

Сүйүштүк көздү жумуп иллазат деп,
Жоготуп ата тегин акыл-ойдун.

Капыстан сүйүү соолуп, чоочун болдук,
Сыягы сен да тойдуң, мен да тойдум.

Унутуп жыргал кезди ойноп-күлгөн,
Жан эркем, сен да тоңдуң, мен да тоңдум.

Өкүнүп, ызам келип тагдырыма,
Өзүңдү көңүл бурбай таштап койдум...

Сен дагы ызаландың, ызаң ырас,
Камбарды күлүп туруп өзүң сойдуң...

## 57

Канча жан жыттап сүйдү тамагыңдан,
Канча жан эркелетти мамагыңдан?..

Баары калп! Сен тазасың, Лалаханым,
Жүзүмдөй бышып турган сабагынан.

Мен жүрөм кумарланып колум жетпей,
Апкаарып сылай албай саамайыңдан.

Жетемби-жетпейминби, тагдыр билет,
Көрөрмүн анын баарын таалайымдан.

Тагдырга көп ыраазы болор элем,
Бир күнү жүзүм алсам базарыңдан.

Акыры түшүнөрсүң акыл келип,
Туш келип кучагыма ылайымдан.

Кокустан тилегине жетпей калса,
Камбарың күйүп кетер убайымдан.

## 58

Карасам чыгыштагы аткан таңсың,
Өөнү жок, өнөрү көп ыйык жансың.

Сүйлөсөң эл карашат, сөз жарашат,
Назиксиң, солкулдаган жибек талсың.

Базар күн эл аралап басып өтсөң
Журт токтойт, соода токтойт – асыл затсың.

Көркөмүң көз күйгүзөт, ич күйгүзөт,
Ичи тар ак жубандар ыйга батсын.

Жигиттер сүрөтүңдү табериктеп,
Айыкпас жүрөгүнө тумар таксын.

Лалахан, ыраазымын түбөлүккө
Сен үчүн бүт өмүрүм күйүп жансын!

Кокустан түнү бассаң, жарык берип
Жүрөгүм караңгыда күйүп жатсын!

Ошондо дидарыңды көрө коюп,
Камбардын бугу тарап, кумар кансын!



## 59

Лалахан, кыз болчусуң тартынбаган,
Төрүндө ата-энеңдин жаркылдаган.

Сен күлсөң көркүң ачып көрк берүүчү
Тиштериң жарашыктуу жаркылдаган.

Жымылдап узун чачың согончокто,
Кантейин, көз кубантып жалтылдаган.

Боз балдар кат жазышып, үмүт үзбөй,
Далайы махабатка жалындаган.

Бар болчу арасында шок жигиттер,
Жетем деп намыстанып жан тынбаган.

М,ен дагы сырым айтпай сүйөр элем,
Жүрөктө улам ырбап күйүт жарам.

Бир күнү кабар жетти кетти деген,
Ошондо таарый түштү бүткүл аалам.

Жер тырмап, боз дөбөдө ыйлап жаттым
«Мейлиге болсун, – дедим, – эсен-аман».

...Унутуп-унуталбай жүргөнүмдө
Жолуктуң капысынан сен кайрадан...

Лалахан, кыз болчусуң курган сайран,
Бүгүн сен кор болупсуң, асыл кайран!

## 64

Айыкпас жүрөктөгү сүйүү дартым,
Лалахан, тырмап-тырмап неге ырбаттың?

Сен десем жарык күнүм караңгылап,
Күчөтүп күйүтүмдү жан карарттың...

Сен десем махабатым ашып-ташып,
Жулунган жигит кезде чач агарттың...

Сен десем – мезгил өтпөйт, жылбайт саатым,
Кантейин өң аздырып, күн санаттың.

Күн сайын үмүт үзбөй жообуң күтөм,
Жообуң жок – сары оорудай өң саргарттың.

Аргам жок: мен жердемин, сен асманда,
Болсочу бүркүт өңдүү курч канатым.

Алыссың, жер түбүнөн жетер элем.
Болсочу, Ак-Куладай тулпар атым.

Суранат Камбаралы, чының айткын,
Жеттиби акыр сага менин датым?..

## 65

Эмне үчүн дабыш берсем үндөшпөйсүң,
Кучак жазып, кумар жазып түндөшпөйсүң?..

Канча келдим: андай дедим, мындай дедим,
Пейлиң бузук, терс бурулуп сүйлөшпөйсүң.

Махабаттын очогуна от күйгүзсөм,
Жалындатып, жан талашып үйлөшпөйсүң...

Денең өлүк, муз сыяктуу жүрөгүң да,
Эмнеликтен оп тартышып өбүшпөйсүң?

Көз жумулуп, бүткүл дүйнө унтулуп,
Түбөлүккө ант айтышып өлүшпөйсүң?

Өмүрүмдү жарык кылган жылдыз элең,
Түнү күйүп, таң атарда неге өчпөйсүң?

Лалаханым, айбым барбы, ачык айтчы,
Жүзүң көрсөм ызасы күч күндөштөйсүң...

## 68

Лалахан, издеп сени тоого бардым,
Жаркыным, серкеси деп ак маралдын.
Жаракчан кырлар ашып жүрсөм дагы,
Капыстан маңдайымдан жолукпадың...

Лалахан, издеп сени көлгө бардым,
Өзү деп колго түшпөс ак калтардын.
Көрүнбөй көлгө чөгүп кеттиң окшойт,
Тентиреп ара жолдо куру калдым...

Лалахан, издеп сени чөлгө бардым,
Нуру деп Чыгыштагы аткан таңдын.
Кум турат, изиң турат, өзүң жоксуң,
Же чиркин, дартысыңбы кыялымдын?



Лалахан, издеп сени шаарга бардым,
Көркү деп борбордогу сулуулардын.
Дарегиң сураштырып бүт аңтардым,
Кантейин, табалбастан күйүп-жандым.

Лалахан, чының айтчы, сен кайдасың,
Жашырын жан билбеген не жайдасың?
Турагың издеп жүрүп өмүр өттү
Мен өлсөм, менден кийин кимге айтасың?..

## 69

Лалахан, оттон алып, отко салдың,
Өртүндө тарашадай күйүп жандым.
Жок жерден, бекер жерден өжөрлөнүп
Сен менин убалыма неге калдың?

Лалахан, бет карарттың, жер караттың,
Тиштенип азабымы өзүм тарттым.
Кордодуң, кор болгонго башым ием,
Бирок сен мени кордоп эмне таптың?

Лалахан, жол караттың, көп саргарттың,
Мен жүрсөм түйшүгүндө сүйүү дарттын.
Эрксизден терезеңди каккыласам
Силкинип, ачууланып неге кактың?

## 70

Лалахан, тилим албай зарыктырдың,
Себебин билгиң келбей туюк сырдын.
Саргарып жолуң күттүм, саатым карап,
Мынчалык өч алгыдай эмне кылдым?..

Томсоруп жолукканда жалдыраттың,
Тоготпой сурдүү карап, таштай каттың.
Жашырбай ак кагазга баарын жаздым,
Өзүңө жетти бекен күйүт катым?

Ойлосом ойгономун түн жарымында
(Көрүүгө дидарыңды мен зармын да).
Отурам чылым соруп, таңым атпай,
Жалындап жүрөк күйүп чоң арманда!

Үнүңдү уксам деймин, асыл затым,
Мен үчүн өзгөчөсүң, ыйык атың.
Түбөлүк айыкпаган болду дарттым,
Өзүңдү азап кылып кайдан таптым?..

## 71

Көнөр белең бал тил салып арбасам,
Алар белең кымбат белек арнасам.
Кантер элең жолукканда капыстан
Азил айтып ак эмчектен кармасам?

Жетер белем тулпар болуп чуркасам,
Кармап алсам каршы чыгып буйтасаң.
Өмүрүмдө арманы жок өтмөкмүн,
Жапжанаша колтугуңда уктасам.

Угар белең булбул болуп сайрасам,
Терер белең гүлдөр болуп жайнасам?
Кантер элең таттуу; уйкуңдан ойгонуп,
Таң атарда тамагыңдан аймасам?..

Сен да сүйсөң, мен да сүйсөм, ыйласам,
Махабаттын баркын билип сыйласам.
Тагдырыма алкыш айтып өтмөкмүн,
Лалаханым, жамандыкка кыйбасаң.

## 81

Караңгы айдын түнүбү,
Оюмдун жаман түрүбү?
Түшүмдөн чоочуп ойгондум
Лалахан ыйлап жүрүбү?

Сайраган булбул үнүбү,
Жайнаган тоонун гүлүбү?
Жүрөгүм мынча муң тартат,
Лалахан сулуу тирүүбү?

Кыялдын учкул күлүгү,
Жүрөктүн душман бүлүгү.
Түштөрүм жаман, түштөрүм,
Лалахан сулуу тирүүбү?..

## 82

Көз карашың көп жактырбай мелтиреп,
Карап койсоң көңүлүмдө тынчтык жок.
Ошол күнү кайырчыдай тентиреп,
Мен боломун кадимки эле «күйдүм чок».

Күлүп койсоң мыйыгыңда жактырып,
Көңүлүмдө күн жаркырап жаз келет.
Жин тийгендей эч себепсиз каткырып,
Кубангандан жүрөк чиркин дегделет.



Катар бассаң колтугумда эркелеп,
Көз алдымда бүткүл дүйнө термелет.
Катып калган сезимдерим элжиреп,
Калган өмүр өлгүчөктү сен делет.

Таштап кетсең теңсинбестен, карабай
Айлам барбы, тагдырыма өкүнөм.
Өмүр бою арттан эрчип баладай
Көңүл калбай унутпа деп өтүнөм.

## 83

Бул дүйнөдө сен барсың да, мен бармын,
Күбөсүбүз арманы көп жылдардын.
Тузум ичип, туз баштыгым булгаган,
Жүзү кара ыйманы жок шылдардын...

Бул дүйнөдө сен барсың да, мен бармын,
Сен энеси, мен атасы балдардын.
Эч күнөөм жок тагдырында алардын,
Өмүр бою балдарым деп жалбардым...

Бул дүйнөдө сен барсың да, мен бармын,
Азабында чач агарган Камбармын.
Кыйын кезде сен карабай кетсең да,
Лалахан деп ырларымды арнадым.

## 84

Караңгы түн жүрөгүмө сайылган,
Кастык менен капысынан далымдан.
Көз тунартып алсыраткан алымдан,
Курч канжардын айыкпаган изи бар,
Билгиң келсе абалымды Лалахан.

Жабыркадым жапым кейип жараттан,
Душман эмес, ынак достор тараптан.
Бүт денеме заарын чачып тараткан.
Сур жыландын кан тамырдуу уусу бар,
Уккуң келсе арманымды Лалахан.

Айыктырсаң жүрөк эзген дартымдан,
Мен качпаймын убадамдан, антымдан.
Кумарланып ээрчий берем артыңдан,
Ишенип кой, ак периштем Лалахан.

## 85

Жолукканда кучактатпай, карматпай,
Же болбосо кубанарлык сөз айтпай.
Сынагандай күлүмсүрөп карайсың,
Лалаханым кумарымды таркатпай.

Кабак түйсөң караңгылайт заманым,
Түбөлүккө түгөнгөндөй амалым.
Ишенбесең эч бир айткан сөзүмө,
Мындан ары кандай айла кыламын.

Караганда көздөрүңдү ардагым,
Көрөм дайым сүйүү оту жанганын.
Күлүп койсоң кээ бир кезде жаркылдап,
Арылгансыйт жүрөк эзген арманым.

## 86

Ичтим шарап күйүтүмдү басалбай,
Көңүлүм боздоп, төшөгүмдө жаталбай.
Өмүрүмдүн кырчын кези кетти го.
Жылдар өтүп, улам турмуш татаалдай!..

Ичтим шарап аянбастан мас болдум,
Эң бир жакын достор менен кас болдум.
Жашап жүрдүм тартынбастан эч кимден,
Өмүрүмө туура келген тар жолдун.

Ичтим шарап сулууларды аябай,
Эри барбы, эри жокпу карабай.
Айрымдары эсте жүрөт унутпайм,
Айрымдары жүрөктөгү жарадай...

Ичтим шарап Лалаханды эскерип,
Өмүрүмө кап-караңгы кеч кирип.
Күндөр болду, өзүм гана билемин,
Ыйлаганмын жаш баладай эчкирип,

Ичтим шарап тиштеримди тиштенип,
Кастарымдан өч алам деп кезенип.
Кечирмекмин Лалаханым ошондо,
Колун берсе кучак жайып кез келип.

Ичтим шарап эч нерседен жазганбай,
Шордуу адам эрме чөлдө азгандай.
Таягы жок алсыз болуп баскандай,
Кетмени жок таштуу жерди казгандай.



# МАЗМУНУ


Түзүүчүдөн ... 3
Абдыганы Эркебаев. Кайраты күч Камбар аке ... 4
ЭЛИМ БАР ... 9
Ата журт ... 10
«Ала-Тоо мынча бийиксиң» ... 10
«Басып келем Ата Журттун жолунда» ... 10
«Кайда жүрүп, кайсы жерде болбойлу» ... 11
Элим бар ... 11
«Кайда жүрсөм калкым сенсиң» ... 12
«Жаным элим – оюм жетпес сен мөрөйүм» ... 13
Эне тил ... 13
Тил деп жашайт Бобулов... ... 13
Кыргыз тилинин кастарына ... 14
Элим десем ... 15
Борборум, менин борборум ... 16
«Жаркын шаарым, айланайын борборум» ... 17
Ош шаарын эскерүү ... 18
Ак-Буура ... 20
Тууган жериме ... 21
Тоолорум ... 22
Ноокатым ... 22
Арманым жок ... 23
Шаркыратма *(Абдималикке)* ... *24*
«Күрпүлдөгөн, шарпылдаган Ак-Буурам» ... 25
«Кайда жүрсөм казак калкым катарлашым» ... 26
Ушул үйдө ... 26
Реквием ... 28
Ата мурас ... 32
КӨЛ ТОЛКУНДАРЫ ... 34
«Ысык-Көл аша сонун да» ... 34
«Ысык-Көл көркүң бар сулуу аялдай» ... 35
«Карасаң Ысык-Көлүм кандай тунук» ... 35
«Ысык-Көл толкуганда тоодой болуп» ... 36
«Ысык-Көл сага багындым» ... 36
Ысык-Көлдүн толкунунда *(Жунай Мавляновго)* ... *36*
Ысык-Көлүм жан эритет мээримиң ... 37
Жетип келип... ... 38
Ак куу көрдүм ... 38
«Биз экөөбүз сүзүп жүрдүк кучак жайып» ... 38
«Балыгысың Ысык-Көлдүн узун куйрук» ... 39
Ысык-Көлдөн кат ... 39
«Көлдө сүзүп, көл түбүнө көз салсам» ... 40
Жетеримде жеткирбейсиң сен мага ... 40
Соң-Көл десем ... 41
Ысык-Көлдү сагынуу ... 41

Кош, Ысык-Көл! ... 42
**ЭНЕ МЭЭРИМИ** ... 43
«Апакем, Ала-Тоодой медер элең» ... 43
Мен түшүмдө ажыдаар менен беттештим ... 43
«Апаке, торко болсун топурагың» ... 44
«Кайгыдамын, кайгым менин океан» ... 44
«Мүрзөңдө ыйлап жаттым жан апалап» ... 45
«Мен түшүмдө ыйлап-ыйлап соолуктум» ... 45
«Кызыл тоолор Жатандын» ... 46
«Сен да жетим, мен да жетим тоголок» ... 46
Апаке, сатып келдим индус жоолук ... 47
Уккум келет жомогуңду, апаке ... 48
Апаке, сүйлөп берчи ... 48
«Түшүмдө апам дагы аян берди» ... 49
Түш жоруу ... 50
Апамдын насааты ... 51
Ар дайыма апам түшөт оюма ... 51
**АКЫН КЫЯЛЫ** ... 53
Акын болсоң ... 53
Мен бүгүн ... 53
«Жаркылдап учса чагылган» ... 53
Акын жашайт... ... 54
«Ырлар кайдан, ырлар кантип жаралат» ... 54
«Акындын күнү курусун» ... 55
«Акын үйдө капа болуп олтурат» ... 55
Ырлар жазуу – ар акындын бактысы ... 55
«Тагдыр тилеп таң атырган түндөрүм» ... 55
Ырлар келсе ... 56
Ыр даарыса ... 57
Бекерге кеткен жылдарым, ... 57
Көңүлдөгү кусалык ... 58
**ДИЛДЕГИ ЖЫЛДЫЗДАР** ... 60
Урматтап сүйгөн адамдар, ... 60
Хафиз дос ... 60
Эмнеликтен түштөрүм кан?! *(Темиркул Үмөталиевге)* ... 60
Алыкул ак боз атка камчы басат ... 61
Сен акынсың *(Кайсын Кулиевге)* ... 62
Ак боз атың жерди чапчыйт, кишенейт *(Академик Муса Адышевдин эстелигине)* ... 62
Бүбүсаранын эстелигине ... 63
Чыңгыз Айтматовго арналган ырлар ... 63
Кулдугум бар (*Мухтар Борбугуловго*) ... 65
Мухтар Шахановго ... 65
Комуз баяны ... 65
Датка энемдин сүрөтүнө ... 69
Исхак Раззаковдун эстелигине ... 70
Урматтуу устатым, Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын ардактуу академиги, мударис Кусейин Карасаевге ... 72
Өлүм келет капыстан ... 73
Насирдин Исановдун жесири Бүзийнатка ... 74
Баатырбек Аманалиевдин өлүмүнө ... 74
Кызыма ... 75
**ТАГДЫР СЫРЛАРЫ** ... 76
«Жанып турсун үйдө менин жарыгым» ... 76





«Жорго минип, жолдо жүрсөм жарашпайбы» ... 76
Жаштык кез ырлары ... 77
Кошмок казал ... 80
«Душманды жеңүү керек желек менен» ... 81
«Бала чакта кара кетмен көп чаптым» ... 82
«Жүрөгүмө бекем батып коргошун» ... 82
«Кыйын болду, татаал болду жолдорум» ... 83
«Сыртта бороон, ичте бороон, жол бороон» ... 84
«Тагдырдын эчен өттүм сыноосунан» ... 84
«Эр жигиттин өмүрүндө жамгыр бар» ... 85
«Мен жүрөм өжөрлөнүп өзүм өрттөп» ... 85
Узун түндөгү ойлор ... 86
Бала кезде ... 90
Тилек ... 90
Арман ыр ... 90
Азыркы терме ... 91
«Түбү жаман куулук менен шумдуктун» ... 92
Б...ке ... 93
Бүтпөгөн ыр ... 93
«Күн чыкса тоодон кызарып» ... 93
Жаан алдындагы табийгат ... 94
«Жаш кезимден душман күтүп кармаштым» ... 94
«Өмүр сонун – ысык-суук аралаш» ... 94
«Бүгүн мен отуз уч жашка толдум» ... 95
Асыл курбум ... 95
«Болгон эмес бала чактык сүрөттөрүм» ... 95
«Эр жигит болуу керек бир калыпта» ... 96
«Бул дүйнөдө төрөлгөн соң бир ирет» ... 96
Бүбүсаранын арманы ... 97
Абинин эстелигине ... 98
Урумга ... 99
Калыйманын күйүт ыры ... 99
Досторум бар ... 100
Жаңы жылдык карнавал *(1984-жылга)* ... 101
Согуш учурундагы жетимдин ыры ... 102
Жеңиш күнү ... 103
Каргыш ... 104
Эри өлгөн бир сулууга көңүл айтуу ... 105
Жамгыр ыры ... 105
Аппак өрүк ... 106
Үч ыр ... 106
«Жаш жигит, сулуу кызга сен ыктапсың» ... 107
Чынбайда жазылган ыр ... 107
Актамак ... 108
Карагат көзүң мөлтүрөп... ... 108
Кыял ... 109
Сен кимсиң... ... 109
Эмнеликтен тоготподуң? ... 110
Арман ыр ... 111
Өзгөчөм ... 111
Суксурдай көргөн сулуубум ... 112
Кыздай сүйдүм... ... 112
Акмандай ... 113
Издеп сени таппадым... ... 114

«Кызылды кийсең жарашат» ........ 115
Толкундайм ширин сөзүңдөн, ........ 115
Ойлоном ........ 116
«Жаркылдап көз алдымда сен турасың» ........ 116
«Кирпигиң тик кадалып жүрөгүмө» ........ 117
Олоң чач ........ 117
Салам кат ........ 118
Чолпонум ........ 118
Көркүң сонун ........ 119
Жан эркем ........ 119
Сулуу аял жөнүндө ........ 120
Кайда жүрдүң?.. ........ 120
Сахарадан кат ........ 121
«Асмандап өскөн пальмасың» ........ 121
**КӨКҮРӨК СЫРЛАРЫМ** ........ 122
Бул жөнүндө ........ 122
Эскермелер, эскермелер... ........ 122
«Ай жарык... Күз мезгили, пахта талаа» ........ 124
«Сүйгөнүм чын үмүтүмдү жоготуп» ........ 125
Сүйүү жолу ........ 125
«Арабызда ыксыз согуш башталды» ........ 125
«Күн сайын мамилебиз салкын тартып» ........ 126
«Неге ырдадың көл жээгинде муңканып» ........ 126
«Жаш төкпөчү бекеринен муңайып» ........ 127
Түшүмдө ........ 127
«Түшүмө не киресиң чачың өрүп» ........ 128
«Мен түшүмдө кайра көрдүм өзүңдү» ........ 129
«Түшүмдө чымыркаңып тоолор ашам» ........ 129
«Таң атарда дагы кирдиң түшүмө» ........ 130
«Мен түшүмдө ооруп жаттым алсырап» ........ 131
Түндөсү уктай албай жатканымда ........ 131
«Эл жатканда мен чыгамын сейилге» ........ 131
«...Үй-бүлө кадимкидей ынтымактуу» ........ 132
«Капысынан эл көзүнчө кездештик» ........ 133
Түндө мен ........ 133
«Жүгүнөмүн сыр сактаган, ак терек» ........ 134
«Гүл бердим өмүрлүккө белегим деп» ........ 134
Гүл тердим ........ 134
Кезиксең ........ 135
Окусаң ырларын Гейненин ........ 135
«Бала кезде жуурат ичип, чөп чаптым» ........ 135
«Бала кезден жолугушкан нур бактым» ........ 136
«Сен үчүн эсеби жок азап тарттым» ........ 137
«Жатамын төшөгүмдө көмкөрөмдөн» ........ 137
«Караңгы күнүм, караңгы» ........ 138
«Барам дедим, үйүң издеп барбадым» ........ 139
«Сен менин азабымсың бүтпөгөн» ........ 139
«Күйүтүм менин өрт болуп» ........ 140
«Жалындап күйүп, өчпөйсүң» ........ 140
«Өзүң болдуң өмүр бою умтулганым» ........ 140
«Кайда сенин сыймыктанар намысың» ........ 142
Ушактасаң ........ 142
«Эмне деген ушактарды таппадың» ........ 142
Жапыс там жөнүндө ыр ........ 143



«Эске салып жаш кезекти, ардагым» ........ 144
«Түндө да сени ойлодум» ........ 145
«Кабар жетти, сүрөттөрдү тытыпсың» ........ 145
«Көп эстеп сендей күнүмдү» ........ 145
«Көчөдө жүргөн эркелеп» ........ 145
«Түшүмдө дайым жүрөсүң» ........ 146
«Түшүмдө жүрөм тоо ашып» ........ 146
«Отурсам ойго сен келип» ........ 147
«Караңгы түнү өчпөгөн» ........ 148
Сен жүрөсүң... ........ 148
«Түшүмдө чачтарыңа мен чырмалдым» ........ 149
«Уктасам сонун түш көрдүм» ........ 149
«Мен жүрсөм алыс жолдо тоолор ашып» ........ 150
«Кырк жыл болду кыйрагаңга махабат» ........ 150
«Мен көрүп кокусунан сүрөтүңдү» ........ 150
«Кайда кеттиң, кайсы жерде жүрөсүң» ........ 151
Күйө берет ........ 151
«Өкүнттүң, өкүнткөнүң өкүнүчтүү» ........ 151
Айтчы сен, кадимкиңдей күлөсүңбү» ........ 151
Сен жөнүндө ........ 152
Түшүмдө жазылган ыр ........ 152
Сүрөттөрүңө ........ 152
Эмне үчүн? ........ 153
«Түшүмө кире баштадың» ........ 153
«Аван салып ырдап берчи азабымды» ........ 154
«Айрылып сендей чүрөктөн» ........ 155
Мен жаңылдым ........ 155
«Сен неге күйгөн жанга от жагасың» ........ 155
Сагынсам ........ 156
«Жаным күйөт жалжал көзүң эстесем» ........ 156
«Көңүл калды көп нерседен жалкыткан» ........ 157
Мен өлсөм ........ 157
«Кайрадан окуп каттарың» ........ 158
«Жүрөктүн эзип тактары» ........ 158
«Асманда күйгөн жылдызым» ........ 158
«Тирүүлүктө сага айтпаймын арманымды» ........ 159
«Анан кантип тынч уктайсың» ........ 159
«Түн жармында капысынан ойгондум» ........ 160
Сен дегенде ........ 160
Ошол күнү чалмак элең телефонду ........ 161
«Сиз мени себеби жок күйгүзөсүз» ........ 162
«Көптү көргөм, ошол көптүн ичинен» ........ 162
Эр жигитке ........ 162
«Кеч түшүндүм татаал турмуш сырларын» ........ 162
«Ынак достор өч болушту капырай» ........ 163
«Көрбөстөн таңдын атканын» ........ 163
Жалгыздык ........ 164
«Ишенип кой: жат болсок да түбөлүк» ........ 164
«Апакай жоолук салынып» ........ 165
Иштөө керек ........ 165
«Ак периштем, асыл затым» ........ 166
«Караңгы түн... Үйдө жалгыз отурам» ........ 166
**ЛАЛАХАН КАЗАЛДАРЫ** ........ 168
«Жолун жолдоп улуу бабам Хафыздын» ........ 168

*Адабий-көркөм басылма*

**Камбаралы Бобулов**

**ТАНДАЛГАН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ҮЧ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ**

**Биринчи том**

*Ырлар жана казалдар*

Редактору *Садык Алахан*
Сүрөт редактору *Ашымбек Досмамбетов*
Техн. редактору *Самат Тиллебаев*
Корректору *Кундуз Дербишалиева*
Компьютерде терип, калыпка салган *Терибаева Р.*

*Литературно-художественное издание*

**Камбаралы Бобулов**

**ИЗБРАННЫЕ ПРОИЗВЕДЕНИЯ В ТРЕХ ТОМАХ**

**Первый том**

*Стихотворения и газели*

Редактор *Садык Алахан*
Худ. редактор *Ашымбек Досмамбетов*
Техн. редактор *Самат Тиллебаев*
Корректор *Кундуз Дербишалиева*
Компьютерный набор и верстка *Терибаевой Р.*

Терүүгө 23.03.2011-жылы берилди.
Басууга 14.04.2011-жылы берилди.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$. «Мектеп» арибы.
12,5 физ. басма табак. 12,5 учёттук басма табак.
Буйрутма № 147. Нускасы 500 даана.
Келишимдик баада.

ЖЧК «Полиграф-ресурс»,
Бишкек ш., Киев көчөсү, 65



Чебер жазуучу, мыкты акын, чынчыл публицист, атактуу адабиятчы жана белгилүү коомдук ишмер Камбаралы Бобулов 1936-жылы 15-май күнү Ош облусунун Ноокат районундагы Өсөр кыштагында туулган. 1952-жылы орто мектепти бүткөндөн кийин Кыргыз Мамлекеттик университетинин (азыркы Улуттук университеттин) филология факультетинин кыргыз бөлүмүнө келип кирип, 1957-жылы окуну бүткөн соң 1957-1962- жылдары «Ала-Тоо» журналында алгач адабий кызматкер, андан соң искусство жана адабий сын бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.

1962-жылы К.Бобулов КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы Коомдук илимдер Академиясынын адабият Жана искусство-таануу теориясы кафедрасына аспирант болуп кирет. 1963-жылы «Правданын» Кыргызстан боюнча өз кабарчысы болуп иштей баштайт да, 1965-жылы КПСС БКнын Коомдук илимдер Академиясынын аспирантурасынанадан окуусун улантат. Бир жылдан кийин «Кыргыз прозасындагы традиция жана новатордук проблемалары» деген темада диссертациясын ийгиликтүү коргойт.

1966-жылдан 1976-жылга чейин «Кыргызстан пионери» газетасынын редактору, 1976-1986-жылдары Автордук укуктун Бүткүлсоюздук агенттигинин (ВААП) республикалык бөлүмүнүн начальниги болуп иштейт.Адабий сынчылардын эл аралык ассоциациясынын (МАЛК) Кыргызстандан шайланган жападан жалгыз өкүлү болот. 1986-90- жылдары Кыргыз Улуттук илимдер Академиясында жетектөөчү илимий кызматкер болуп эмгектенет да, 1990-жылы Кыр-Кол шайлоо округунан «Легендарлуу парламентке» депутат болуп шайланат. Кийин өмүрүнүн соңуна (2003-жылга) чейин «Кыргыз тили» коомунун төрагасы болуп иштеди.

Камбаралы Бобуловдун аңгемелери, адабий сын макалалары өткөн кылымдын 50-жылдарынын орто ченинен тартып жарыяланa баштап, илимпоз калемгердин жарым кылымдык чыгармачылык жана илимий өмүрүндө кыргыз жана орус тилдеринде жыйырмага жакын китептери Бишкектен жана Москвадан басылып чыкты. Айрым чыгармалары, илимий эмгектери чет тилдерине да которулган.